# Ислам Динин Жакшы Көрөм







2




Эсма Будак

# ИСЛАМ ДИНИН ЖАКШЫ КӨРӨМ
## - 2 -



# Мазмуну




8 БААРЫ КАНТИП БАШТАЛГАН?

10 Биз, адамдар дүйнө жүзүнө кантип келип калдык?

10 Азирети Адам

12 Алак сүрөсү

14 МЕНИН ИСЛАМ ЭНБЕЛГИМ

17 Нурдуу сөз: Тавхид келмеси

17 Оюн бурчу: Ааманту дубасы

18 ЫЙМАН МЕДАЛЫ

19 1. “Алла Таалага ыйман” баскычы

20 Оюн бурчу: Ой жүгүртүү оюну

21 Булар болбогондо эмне болмок?

22 Алланын сонун ысымдары бардык жерде

23 Алланын сонун ысымдары

26 Алла кандай болду экен?

28 Аят ал-курсий

29 Табышмак

31 2. "Периштелерге ыйман келтирүү" баскычы

31 Бизди коргоп турган периштелер бар!

33 4 Чоң Периште

35 Оюн бурчу: “Периштелерди табабыз” оюну

36 Мен периштелерге ишенем өзүмдү коопсуз сезем

39 Кадыр сүрөсү

40 Табышмак

42 3. "Китептерге ыйман келтирүү" баскычы

44 Агартуучу китеп

46 Оюн бурчу: “Менин китебим Куран” оюну

47 Башка китептер

48 Китептерге ишенип, Куранды түшүнгөндө абдан билимдүү болом

49 Байййина сүрөөсү

50 Табышмак

52 4. "Пайгамбарларга ыйман келтирүү" баскычы

52 “Пайгамбарлык мөөрүнө” ээ болуунун шарттары

53 Пайгамбарлардын келиши

54 25 Пайгамбар




# Мазмуну




Куранда айтылган кээ бир пайгамбарлар жана алардын сырлары 57
Инширах сүрөөсү 59
Табышмак 61
5. "Акыретке ишенүү" баскычы 63
Азирети Ибрахимдин кызыгуусу 65
Оюн бурчу: Акырет 66
Мен түшүндүм 68
Кариъа сүрөсү 69
Табышмак 70
6. "Тагдырга ыйман келтирүү" этабы 72
Оюн бурчу: Жакшылыкты башта, Жамандыкты ташта. 73
Камералар тартып жатат 74
Залзала сүрөсү 76
Аллага тобокел кылуу 77
Табышмак 78
ИБАДАТ 80 ★
Шахадат келмеси 82
Азирети Умардын шахадат келмесин айтканы 84
Оюн бурчу: Ыйманымды бекемдейм 87
ШАХАДАТ КЕЛМЕСИ ДАРАГЫ 90
Табышмак 91
НАМАЗ 94 ★
Мына намаз калканынын картасы 98
Намаз компасы 100
Бейиште Пайгамбарыбыз менен чогуу болуунун жолу 101
Мына, «Алиф Лам Мим» менен башталган аяттар 103
Оюн бурчу: Намаздын парздары 104
Табышмак 105
ОРОЗО 108 ★
Орозо калканым эркти бекемдейт 109
Орозо окуясы 111
Оюн бурчу: Үнсүз орозо 115
Оюн бурчу: Же кол чап, же "Токто!" де 116
Сүйүнчү 117
Табышмак 120




# Мазмуну


122 ЗЕКЕТ ЖАНА САДАГА
123 Зекет – дүйнөнү курчап турган коргоочу калкан
124 Эки достун кайгысы
126 Зекет калканынын схемасы
128 Оюн бурчу: Зекет көпүрөсүн жасайбыз
130 Зекет жана садага менен күч топтогон армия
132 Табышмак
134 АЖЫЛЫККА БАРУУ
135 Каабага барып ажы болобуз, тазаланып келебиз
139 Оюн бурчу: Ажылык
141 Кааба жана Замзам окуясы
143 Ажылык калканынын пайдалары
144 Табышмак
146 АДЕП-АХЛАК
149 Материалдык жана руханий тазалык
151 Пайгамбарыбыз үйрөткөндөй жаша
153 Даарат
153 1. Намаз даараты
156 2. Гусул алуу
157 3. Таяммум
159 Оюн бурчу: Даарат
161 Мусулман адамдын белгилери
162 Мусулмандын айланасына чачкан жарыгы
164 Табышмак
165 Тазалык нурларым артып баратат!
166 Инсандык оң сапаттар
169 Мына Пайгамбарыбыздын чынчылдыгына бир мисал
171 Табышмак
172 Жардам жана боорукердик менен жүздөр жылмаят
174 Мына Пайгамбарыбыздын жардамгерчилигинин мисалы
176 Табышмак
177 Жоопкерчилик жана өзүңдү башкара билүү менен дүйнөнүн ырахатын сезесиң
179 Мына Пайгамбарыбыздын жашоосунан жоопкерчилик үлгүсү
181 Табышмак
182 Тин сүрөөсү
184 Сүйүү жана урматтоо
186 Пайгамбарыбыздын жашоосунан сүйүү жана урмат көрсөтүү мисалдары
189 Табышмак
190 Оюн бурчу

# МЕН МУСУЛМАНМЫН

Мусулман болуу үчүн динди үйрөн

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

Бисмиллахир-рахманир-рахийм

رَبِّ يَسِرْ وَ لاَ تُعَسِّرْ رَبِّ تَمِّمْ بِالْخَيْر

“Рабби йассир ва лаа туъассир, Рабби таммим бил-хайр”

“Оо, Жараткан! Ишибизди жеңил кыл, оорлоштурба!”

Омийин!

«Оо, ырайымдуу жана мээримдүү Алла Таала! Мен сага бекем карманам, коё бербейм. Сен да мени коё бербе, мага жардам бер. Бардык иштеримди ийгиликтүү кыл».

Бисмилла дегенибизде эмнелерди айткан болобуз? Карагылачы:

- Жаратканым, мен сага бүт жан дүйнөм менен ишенем жана сени жакшы көрөм.
- Сен ар дайым жанымдасың, аны билем.
- Сенин жардамың менен бардык иштерим ийгиликтүү болот.

Бул сөздөрүбүздү уккан Жаратканыбыз аны унутпай, ишибизди анын аты менен баштаганыбыз үчүн бизге жардам берип, бизди да абдан жакшы көрөт. Ошентип бардык иштерибизде ийгиликтин ачкычын колубузга алабыз. ЖАШАСЫН!

Мусулмандардын эң сонун өзгөчөлүктөрүнүн бири – ар бир ишти баштоодон мурда бисмилла айтуу жана дуба кылуу.

# "Аъуузу-Бисмилла"

أَعُوذُ بِاللهِ مِنَ الشَّيطَانِ الرَّجِيْمِ

Аъуузу биллахи минаш-шайтанир ражийм:
«Шайтандын азгырыгынан Аллага коргономун».

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيْمِ

Бисмиллахир рахманир рахим:
"Мээримдүү жана Ырайымдуу Алланын аты менен"
Аъуузу-бисмилла бизди бардык жамандыктардан коргойт. Айрыкча, бейиштен куулган шайтандын жамандыктарынан коргойт. Ал бизди алдагысы келгендерден коргойт. Текебердик, көрө албастык, калп айтуу, ачуулануу, жалкоолук, сараңдык жана сыйлабастык сыяктуу көптөгөн жаман сезимдерди жеңүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Анда, эмне турабыз?
Аъуузу-бисмилла деп калканыбызды колго алалы:
Жаңы күндү баштаганда,
Кийим кийип, чечип жатканда,
Тамак жеп, суу ичкенде,
Иш баштаганда, аяктаганда,
Китептерибизди ачканда,
Үйгө киргенде, чыкканда,
Куранды окуп баштаганда,
Төшөгүбүзгө жатканда,
Бардык ишибиздин алдында,
Эч качан оозубуздан түшпөсүн,
Келгиле, калканыбызды алалы!
«Аъуузу биллахи минаш-шайтанир ражийм. Бисмиллахир рахманир рахим”



# БААРЫ КАНТИП БАШТАЛГАН?



Бир окумуштуу чоң телескоп менен асманды карап жатты. Галактикалардын бири-биринен алыстап баратканын байкады.

Изилдеп отуруп, 15 миллиард жыл мурун ааламдагы бардык нерселердин кипкичинекей бир заттан бөлүнүшүнүн натыйжасында жылдыздар, планеталар жана галактикалар пайда болгонун түшүнгөн. Бул кантип ишке ашты? Муну ким кылды? Өзүнөн өзү эле кичинекей материя кантип чоң ааламга айланып кетти?

Муну Алладан башка ким жасай алат? Албетте, биз билген жана билбеген жандыктардын баарын Алла Таала жараткан.

إِنَّمَا أَمْرُهُ إِذَا أَرَادَ شَيْئًا أَنْ
يَقُولَ لَهُ كُنْ فَيَكُونُ

“Ал бир нерсенин (болуусун) каалаганда, Анын иши тек гана “Бол!” – деп айтуу, (ал) болуп калат.”

(Ясин сүрөсү, 82-аят)

خَلَقَ اللَّهُ السَّمَاوَاتِ وَالْأَرْضَ
بِالْحَقِّ إِنَّ فِي ذَٰلِكَ لَآيَةً لِلْمُؤْمِنِينَ

“Алла асмандар менен жерди акыйкат менен жаратты. Албетте, мында момундар үчүн белги бар.”

(Анкабут сүрөсү, 44-аят)

Алла Таала бүт галактикаларды, жылдыздарды жана планеталарды бир гана «Бол» деген буйругу менен жараткан. Асман телолорун ааламдагы өз орундарына укмуштуудай кылып жайгаштырган. Планеталар кагылышып кетпестен, бири-бирине зыян келтирбестен айлана баштаган.

Анан күн, жер жана ай пайда болгон. Алла Таала дүйнөбүздү өзгөчө бир орунга жайгаштырган. Эгерде дүйнөнүн кыймылында бир аз өзгөрүү болсо, анда жер шары жашоого жараксыз болуп калмак. Бирок бүт нерсени эсепке алган Жаратканыбыз аны өз орбитасына ушунчалык жакшы жайгаштыргандыктан, жер күндөн алыстап кетип музга да айланбайт же ага жакындап кетип күйүп да кетпейт.

Дүйнө өсүмдүктөр өсүп, дарактары мөмө бере турган, жаныбарларга жана адамдарга жашоого ыңгайлуу жерге айланды.



Оо, Жараткан! Сен баарын билесиң!
Оо, Жараткан! Баарын эң мыкты эсеп менен тартипке салган сенсиң!
Оо, Жараткан! Сен баарын коргойсуң! Биз сен тартуулаган керемет дүйнөдө жашап жатабыз.
Сага чоң рахмат!
Сен өтө берешенсиң!



# Биз, адамдар дүйнө жүзүнө кантип келип калдык?

Алла алгачкы инсан жана биринчи пайгамбар Азирети Адамды топурактан жаратkан. Ошентип кара, сары, кызыл, ак сыяктуу ар кандай топурактан адамдарды пайда кылды. Ал Адам атага ар бир нерсенин аталышын да үйрөттү. Андан кийин периштелер Алланын улуулугуна таазим этишип, Ага сажда кылышат. Бирок илим-билимине чиренген жана оттон жаралган жин болгон Иблис Адамдын мартабасын кабыл алган эмес. «Мен өзүм оттон жаралган болсом, илимдүү-билимдүү болсом, бул топурактан жаралган алсыз Адамдын артыкчылыгын кантип эле кабыл алам? Эч качан! Мен андай кыла албайм!" - деп текеберленип, Аллага каршы чыкты. Аллага каршы чыккан, албетте Анын чексиз белек жана ырыскы толуп ташкан бейишине кире албайт. Ошентип Алла аны бейиштен чыгарды.

Келгиле, андан кийин эмне болгонун төмөндөгү ыр аркылуу үйрөнөбүз.

## Азирети Адам*

Алла Таала каалады,
Адам ата жаралды,
Обо эне анын жары.
Ага бардык нерсенин атын үйрөттү,
Периштелерди сажда кылууга үндөдү,
Баары анын айтканын угушту,
Иблис гана айтканга эч көнбөдү.
Алла Таала: "Оо, Адам менен Обо!
Каалаганыңарды жегиле, бирок бул даракка жолобо!”
Бейиштин коздугу көздүн жоосун алат,
Бирок душман да аларды аңдып эле жатат.
Шайтан: «Оо, Адам менен Обо,
Дайыма бейиште калуу максатыңар болсо,
Бул дарактын мөмөсүнөн салгыла оозго".
Ошентип экөөнү азгырып, башын айлантты,
Алар да жөн калбай ал мөмөдөн даам татты.
Алла аларды бейиштен жерге түшүрдү,
Алар тообо кылышты, абдан өкүнүштү,
Жалынып-жалбарып Аллага дуба кылып көрүштү:

قَالَا رَبَّنَا ظَلَمْنَا اَنْفُسَنَا وَاِنْ لَمْ تَغْفِرْ لَنَا
وَتَرْحَمْنَا لَنَكُونَنَّ مِنَ الْخَاسِرِينَ

Мааниси: «О, Эгебиз! Биз өзүбүзгө зулум кылдык. Эгер Сен бизди кечирип, ырайым кылбасаң, анда биз, – албетте, зыянга учуроочулардан болобуз!” –деп айтышты» (Аъраaф сүрөсү, 23-аят).

* Назан АРСЛАН



Адам ата менен Обо эненин бул дубасы Алла Таалага абдан жакты. Андан үмүт үзбөй дуба кылгандарына абдан ыраазы болду:

- Мен силерди кечирдим. Мен силерге дүйнөдө жашоо үчүн белгилүү бир убакыт (өмүр) берем. Убакыттын өтүшү менен балалуу болосуңар. Жерде жашап жүргөндө чынчыл болуп, туура жүрүп, жакшы сөздөрдү сүйлөсөңөр жана менин сөзүмдү уксаңар, силерди кайра бейишке киргизем. Бейиште жыргалчылыкта түбөлүккө жашайсыңар», - деди.

Адам ата менен Обо эне буга абдан кубанышты. Алла каалагандай өмүрлөрүн жакшылык жана  тууралык менен өткөрө башташты. Алар жер бетинде бактылуу жана тынчтыкта жашап жатышты, балалуу да болушту. Балдары чоңоюп, алардын да балдары болду. Убакыттын өтүшү менен Адам ата менен Обо эненин урпактары көбөйдү. Анан ошентип отуруп биз да жарык дүйнөгө келдик.

Демек, баарыбыздын алгачкы атабыз – алгачкы инсан жана биринчи пайгамбар Азирети Адам.

Азирети Адам дүйнөгө келгенде түркүн түстүү гүлдөрдү, чоң-чоң дарактарды жана ар түрдүү жаныбарларды көргөн. Жада калса жапайы жаныбарларды да кезиктирген. Алардан өзүн жана үй-бүлөсүн коргой алган. Анын жашоосун жеңилдете турган телефон, машина, компьютер сыяктуу каражаты жок эле. Бардык кыйынчылыктарга карабастан, ал өз алдынча бактылуу жашоого жетишкен. Ал ошондой баатыр болгон! Ал бизге баатырлар да жаңылып, ката кетириши мүмкүн экенин көрсөттү. Бирок, катадан кайтып, кечирим суроонун жолун да үйрөттү.

Ал кылган дубасы менен бизге үлгү болгон. Эч качан ката кетирбешибиз жана катаны кайталабашыбыз үчүн дуба кылууну үйрөттү.

Биз мусулмандар бул дубаны тынымсыз кылсак, шайтандын азгырыгынан кутулабыз. Азирети Адам сыяктуу каталардан жана күнөөлөрдөн алыс болобуз. А Иблис эмне болду? Абдан ачууланды, албетте. "Мм, Адам го менден кутулуп бейишке кирип кетти. Эми мен анын балдарын азгырам. Аларды бейишке киргизбейм" деп өзүнчө айла-амал ойлой баштады. Шайтан Алланын адамдарды жакшы көргөнүн эч эле жактырбайт эле. Ошентип ал адамдарга кек сактап калган.

Сен каалаганыңдай айла-амал ойлоп тап, эй шайтан! Биз Адам атанын дубасы менен сенин бардык жамандыктарыңдан кутулабыз.

**Азирети Адамдын төш белгиси**

Алгачкы инсан жана биринчи пайгамбардын кесиби: Ал жерди иштетти. Эгин экти. Балдарына бардык нерсенин атын үйрөттү.

# Алак сүрөсү

**Алла Таала бизди, адамдарды кантип жаратканын Курандагы Алак сүрөсүндө баяндайт.**

Ал бизге туура жана сонун нерселерди үйрөткөнүн айтат. Окууга, билимдүү болууга чакырат. Алла Таала үйрөткөндөй жакшы иштерди кылып, жаман иштерден алыс болсок, намазды да калтырбай окусак, бейишке жетебиз. Ар дайым бактылуу жашайбыз. Пайдалуу адамга, сүйкүмдүү мусулманга айланабыз. Кандай сонун!

بِسْمِ اللّٰهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيمِ

اِقْرَاْ بِاسْمِ رَبِّكَ الَّذ۪ى خَلَقَ (١) خَلَقَ الْاِنْسَانَ مِنْ عَلَقٍ (٢) اِقْرَاْ وَرَبُّكَ
الْاَكْرَمُ (٣) اَلَّذ۪ى عَلَّمَ بِالْقَلَمِ (٤) عَلَّمَ الْاِنْسَانَ مَا لَمْ يَعْلَمْ (٥)

### Мааниси

Мээримдүү жана Ырайымдуу Алланын аты менен

1. Оку! Жараткан Эгеңдин аты менен,
2. Инсанды Ал уюган кандан жараткан.
3. Оку! Сенин Эгең абдан айкөл – Ызааттуу.
4. Ал (инсанга) калем менен жазууну үйрөткөн.
5. (Ал) инсанга анын билбеген нерселерин үйрөткөн.







# МЕНИН ИСЛАМ ЭНБЕЛГИМ

Бардык пайгамбарлардын жүрөгүндө ыймандын нуру бар. Бул нур аларга бардык жамандыктарга каршы күч жана кайрат берет. Алар муну менен бардык абалдарга каршы жеңилбес күчкө ээ болушат. Демек, ыйманы күчтүү адамга эч нерсе зыян тийгизе албайт. Аны эч ким жана эч нерсе капа кыла албайт.

Мына ушул ыйман нуру жүрөгүбүзгө орношу үчүн мусулман болушубуз керек, башкача айтканда Ислам динин жашообузда да көрсөтө билишибиз керек. Кантип?

Мына жашоосунда динди көрсөтө алган мусулмандын Ислам белгиси:



Дини: Ислам

Китеби: Куран

Кыбыласы: Кааба

Иш баштаганда: "Бисмилла" «بِاسْمِ اللّٰهِ»

Жакшы нерсени көргөндө: «Субханаллах» «سُبْحَانَ اللّٰهِ»

Таң калганда: "Аллаху Акбар" «اللّٰهُ أَكْبَرُ»

Башкалардын жакшы ишине: «Маашаллах» «مَا شَاءَ اللّٰهُ»

Ката кетиргенде: «Астагфируллах» «أَسْتَغْفِرُ اللّٰهَ»

Алдыда кыла турган иш үчүн: "Иншааллах" «إِنْ شَاءَ اللّٰهُ»

Азыркы абалына: "Алхамдулиллах" «اَلْحَمْدُ لِلّٰهِ» дейт.

Исламдын белгилерин билип жүргөн жакшы. Бирок андан да жакшысы – жашообузду ошол белгилерге ылайык өткөрүү. Исламдын белгилеринин жашообузда колдонулушу «жакшы адеп-ахлак» деп аталат.

**“ал-Ислам хуснул хулук” - «Ислам – жакшы адеп-ахлак».**



# Менин Ислам белгим

**Жакшы адеп-ахлак** – мусулмандын ар дайым чынчыл болуусу жана жылмайып жүрүүсү.

**Адеп-ахлактуу мусулман** акылдуу болот. Жаратканын тааныйт, Анын айтканын кылат. Бир жолу кетирген катасын экинчи кайталабайт.

**Адеп-ахлактуу мусулман** кызыгып, ар нерсени изилдейт. Пайдалууну, чындыкты, жакшыны табуу үчүн дайыма акылын жана сезимин колдонот. Бирок эч кимдин жеке жашоосуна кызыкпайт.

**Адептүү мусулмандын** жүрөгү жумшак болот. Ал дүйнөгө сүйүү менен карап, адамдарга сабырдуулук менен мамиле кылат. Айланасындагыларга боорукер болуп, аларга сый-урмат менен мамиле кылат. Канчалык алыста жүрбөсүн, кыйын кырдаалдагы адамдын кайгысын жүрөгү менен сезет. Ага жардам колун сунууга аракет кылат, дубалары менен колдойт.

**Адептүү мусулман** баарына адилеттүү мамиле кылат. Акка, карага, кедейге, байга, жакын, алыска карабай баарына бирдей, адилеттүү мамиле кылат.

**Адептүү мусулман** – жашоого оң карайт. Башынан эмне өтпөсүн, келечек жакшы болот деген үмүтүн үзбөйт. Алланын мээрими эч качан түгөнбөй турганын билет.



Мына ушул жакшы адеп-ахлакка ээ болуу үчүн алгач шахадат келмесин айтып мусулман болуп, андан соң Пайгамбарыбыздын кулк-мүнөзүн үлгү алып жашашыбыз керек.

# Нурдуу сөз: Тавхид келмеси

لَا اِلَهَ اِلَّا اللّٰهُ مُحَمَّدُ الرَّسُولُ اللّٰهِ

**Алла Тааладан башка кудай жок. Мухаммад (саллаллаху алейхи ва саллам) Анын элчиси.**

**Оюн бурчу**

## Ааманту дубасы

Келгиле, оюн ойнойбуз!

Ааманту дубасын баарыбыз чогуу айтып, шахадат келмесин айтабыз. Мугалимибиз күнүмдүк турмуштан мисал келтирет. Окуучулар мусулман катары мындай учурларда эмне деп айтуу керек экенин табышат. Мисалы:

- Тамактанып баштадым: «Бисмиллахир рахманир рахим» «بِسْمِ اللهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ»
- Аябай сонун гүл көрдүм: «Субханаллах» «سُبْحَانَ اللهِ»
- Адам баласы топурактан жаратылды: "Аллаху Акбар" «اللهُ أَكْبَرُ»
- Жакшы баа алган досуңа: «Маашаллах» «مَا شَاءَ اللهُ»
- Адашып кетип туура эмес сүйлөп алганыңда: «Астагфируллах» «أَسْتَغْفِرُ اللهَ»
- "Сабактан кийин оюн ойнойлу" деп сураганда: "Иншааллах" «إِنْ شَاءَ اللهُ»
- Утуп алганда же жеңилгенде: "Алхамдулиллах" «الْحَمْدُ لِلهِ»

Туура эмес айткандар оюндан чыгып кетишет. Акыркы калган жеңүүчү болот.

Ар бир учурда адашпай туура сөздү ким айтаарын көрөлү.

Ааманту дубасын көп окусак, ыйманыбызды, жүрөгүбүздү нурландырабыз. Ошентип, ишенимибиз арткан сайын ийгиликке жетебиз.

Анда силер дагы Ыйман медалын утуп алып, жүрөгүңөгө ыйман нуру менен жарык чачууга даярсыңарбы? Кана анда, кеттик!



# ЫЙМАН МЕДАЛЫ

**Ыйман медалын алуу үчүн 6 баскычтан өтүү керек.**

**Биринчиси:**

# 1 "Алла Таалага ыйман" баскычы

Мен Аллага ишенем жана бул ишенимден күч топтойм.

Ааламдагы бүт жандыктарды жараткан Алла. Эч нерсе өзүнөн-өзү пайда болгон эмес. Мисалы, сүрөттөрдү сүрөтчү тартат. Тамактарды ашпозчулар даярдайт. Инженерлер жана усталар үйлөрдү курушат. Анда бизди ким жараткан? Албетте, Кудуреттүү Алла Таала...

Колубузда болгон ырыскы-жакшылыктардын баарына эмгек кылбастан жана акча коротпостон жете албайбыз. Бирок көрүүгө, басууга жана сезүүгө мүмкүнчүлүк берген – Алла. Ал бизге бардык органдарыбызды бекер жана суратпай эле берет.

Алла Таала бизди күн менен жылытып, жарыктандырат, бирок акы сурабайт.

Ай менен түндү жарытат, жылдыздар менен бизге жол көрсөтөт, бирок акы сурабайт.

Ар түркүн жаныбарлардын муктаждыгын камсыздайт жана багат, бирок акы сурабайт.

Ал бизге шыпаалуу өсүмдүктөрдү жаратат, бизди азыктандырат жана айыктырат, эч кандай акы талап кылбайт.

Жана дагы көптөгөн нерселерди Алла Таала бизге бекер берет.

Буларды ойлонуу менен Алланы түшүнүүгө аракет кылуу **«ой жүгүртүү»** деп аталат. Анын жаратканадарына, бизге белек кылгандарына карап, Алланын канчалык улуу жана кудуреттүү экенин түшүнөбүз. **«Аллаху Акбар» (Аллахым, Сен эң улуусуң!)** деп Анын улуулугуна таңданабыз. Бизге берген белегине, биз үчүн кылгандарына **"Алхамдулиллах" (Аллага чексиз шүгүр)** деп ага ыраазычылыгыбызды айтабыз. Бардык ишибизди Анын ысымы менен **«Бисмиллахир рахманир рахим»** деп баштайбыз. Алланын жаратканадарына ой жүгүртүп кароо, башкача айтканда, алардагы сулуулуктарды көрүү ыйманыбызды бекемдейт. Ошентип, Алланын бар экенин жана жалгыздыгын эч тартынбастан кабыл алабыз, башкача айтканда Аллага ыйман келтиребиз. **Ага ишенүү бизди абдан күчтүү кылат. Ар кандай кыйынчылыкты оңой эле жеңүүгө мүмкүнчүлүк берет. Ыйман медалыбыздын эң маанилүү жана эң чоң бөлүгү – "Аллага ыйман келтирүү".**



Оюн бурчу

# Ой жүгүртүү оюну

Күн, ай, аба, суу, топурак, гүл, жашылча, мөмө-жемиш, миңгич жаныбарлар (ат, эшек); эти желген жаныбарлар (кой, эчки, уй); көз, кулак сыяктуу Алла Тааланын биз үчүн жараткан жакшылыктары. Ар бир окуучу ушулардын бирин тандап, анын эмне экенин айтат. Андан кийин чогуу **«Алла Таала бизди тандады. Биз эми тынымсыз иштейбиз. Лаа илааха иллаллах. Кана эмесе, бисмилла. Таваккалту алаа Алла»** деп айтып айлана башташат. Мугалим колу менен көрсөткөн окуучу четке чыгып, досторуна байкатпай жашынып калат. **"Токтогула"** деп айтылганда бекинген ким экенин жана ал эмне экенин табууга аракет кылышат. Мисалы, жашынган досубуз күндү тандаган. Ал жок болсо эмне болору жөнүндө сүйлөшүлөт. «Күнсүз дүйнөнү элестете аласыңбы?», «Алла биз үчүн күн сайын эрте менен күндү чыгарып, кечинде батырбаса эмне болмок?» сыяктуу суроолор берилет.

Бул суроолорго жооп берилгенден кийин: **«Алланын биз үчүн күндү жаратканы кандай жакшы. Чексиз шүгүр айтабыз. Сага чоң рахмат, Жаратканым»** деп күн болгон досубуз жашынган жеринен чыгып кошулат. Дагы: **«Алла Таала бизди дайындады. Биз эми тынымсыз иштейбиз. Лаа илааха иллаллах. Кана эмесе, бисмилла. Таваккалту алаа Алла»** деп айтып айлана башташат. Мугалим башка окуучуну тандап, окуучулар анын эмне экенин билүүгө аракет кылышат. Анын маанилүүлүгү жөнүндө сүйлөшүшөт.




Ошентип, бардык окуучулар тандалып алынганга чейин оюн уланат.

# Булар болбогондо эмне болмок?

Төмөндөгү таблицадагы бош жерлерди толтургула.

| | |
|---|---|
| АБА | Эгерде ал жок болсо, ........................................ |
| КОЙ | Эгерде ал жок болсо, ........................................ |
| КӨЗ | Эгерде ал жок болсо, ........................................ |
| КҮН | Эгерде ал жок болсо, ........................................ |
| ЖЕМИШТЕР | Эгерде ал жок болсо, ........................................ |
| ЖАШЫЛЧАЛАР | Эгерде ал жок болсо, ........................................ |
| БУЛУТТАР | Эгерде ал жок болсо, ........................................ |
| КУРТТАР | Эгерде ал жок болсо, ........................................ |
| СУУ | Эгерде ал жок болсо, ........................................ |
| ДАРАКТАР | Эгерде ал жок болсо, ........................................ |

# Алланын сонун ысымдары бардык жерде

Аараф сүрөсүнүн 180-аятында: «Эң сонун ысымдар Аллага таандык. Ага анын кооз ысымдары менен дуба кылгыла…» деп айтылат. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз: «Алланын 99 ысымы бар. Ким бул ысымдарды жаттаса, бейишке кирет» (Бухарий, Даават, 68) деп айткан.

Алланын ысымдары «ал-Асмаа ал-Хуснаа», башкача айтканда «Эң сонун ысымдар» деп аталат. Анткени эң сонун ысымдар Аллага гана таандык. Алланын ысымдарынын кооздугу бүт ааламга тараган. Канаттуулар, булуттар, гүлдөр жана баары бизге ал-Асмаа ал-Хуснаанын кооздугун көрсөтүп турат. Бүт жандыктарды кылдат изилдеп, алар жөнүндө жакшылап ойлонсок, башкача айтканда ой жүгүртсөк муну ачык-айкын көрө алабыз.

Мына Алланын кооз ысымдары..

Ар бир ысымдын мааниси жана ал жөнүндө бир мисал…

Ар күнү көзүңөрдү жумуп, сөөмөйүңөрдү таблицага тийгизгиле. Алланын кайсы сонун ысымына туш келет экен.

Кийинки беттеги таблицадан бир ысымды тандап, Алланын ысымын сүрөттөгөн мисал жөнүндө ойлонгула.

Келгиле, ошол ысымды сүрөттөгөн дагы башка бир мисал таба алабызбы, ойлонуп көрөлү.

Кандай сонун, бардык нерсе бизге Алла жөнүндө айтып берет!

Алланы таанып-билүү бизди күчтүү кылат!



| Алланын сонун ысымдарыі | Мааниси | Алланы мындайча түшүндүрөт |
| --- | --- | --- |
| Алла | Бардык ысымдарды ичине камтыган өзгөчө ысым | Бир чаңдан тартып эбегейсиз океандарга чейин бардыгын жаратуусу |
| Рахман | Дүйнөдөгү бардык макулуктарга ырайымдуу | Уйдан сут, булуттан жамгыр алып келет |
| Рахим | Акыретте момундарга абдан мээримдүү | Күн сайын күндү чыгарып, батырат |
| Малик | Чыныгы башкаруучу | Кичинекей кумурска да, эбегейсиз күн да Ага таандык |
| Куддус | Таптаза, Аруу, Кемчиликсиз | Жыпар жыттуу гүлдөрдү жаратып, айлананы көрктөндүрөт |
| Салам | Тынчтыктын булагы | Канаттууларга оңой уча турган канаттарды берет |
| Муьмин | Ишенилген | Жылдыздар үстүбүзгө түшүп кетпейт, күн куйкалап күйгүзбөт |
| Азиз | Сый-урматка татыктуу | Алтын, асыл таштар жана металлдар менен толтурулган тоолорду жаратат |
| Мужиб | Суроо-талаптарга жооп берүүчү | Дасторконубузга биз каалаган нерселерди берет |
| Ваасиъ | Мээрими менен баарын курчап туруучу | Күндүн жарыгы менен пилге да, кумурскага да көрүүгө мүмкүнчүлүк берет |
| Хаким | Даанышман | Сокур адамдын жүрөгүнүн жакшы сезиши Анын даанышмандыгы |
| Вадуд | Сүйүүгө эң татыктуу, сүйүүнүн булагы | Эне менен баланын ортосундагы сүйүү сезимин берет |

| Алланын сонун ысымдарыі | Мааниси | Алланы мындайча түшүндүрөт |
| --- | --- | --- |
| Баъис → | Кайра жан берүүчү, тирилтүүчү → | Курганган бутактарды жазында кайра жашылга айландырат |
| Хак → | Бар экени өзгөрбөстөн туруктуу → | Ыңгайлуу жашашыбыз үчүн тартылуу мыйзамын эч качан өзгөртпөйт |
| Мукаддим → | Алдыга сүрөөчү → | Адамдарды өсүмдүктөр менен жаныбарлардан бийик жараткан |
| Шахид → | Баарына күбө → | Периштелер тарабынан ар бир кылганыбыз жазылып турат |
| Жаббар → | Күчүн туура пайдалануучу → | Дарыгерлер сынган колду Ал берген мүмкүнчүлүк менен айыктырат |
| Вакил → | Бардык нерсеге кепил → | Мезгилдер, күн жана түн анын мыйзамы менен пайда болот |
| Мутакаббир → | Улуулугун көрсөтүүчү → | Деңиздердеги бийик толкундар анын улуулугун көрсөтөт |
| Кавий → | Күчтүү → | Эң жеңил чымынды да, эбегейсиз булутту да оңой эле учурат |
| Халик → | Жоктон бар кылып жаратуучу → | Жерди жана андагы нерселерди жоктон бар кылат |
| Матин → | Бекем → | Жөргөмүшкө ичке, бирок абдан бекем желе жасаганга мүмкүнчүлүк берет |
| Бариь → | Жаратуучу → | Биз үчүн түркүн-түстүү жер-жемиштерди жаратат |
| Валий → | Дос → | Бекем достуктарды пайда кылат |

| Алланын сонун ысымдарыі | Мааниси | Алланы мындайча түшүндүрөт |
|---|---|---|
| Мусаввир | Калытандыруучу | Эненин курсагындагы баланын күн өткөн сайын калыптанышы |
| Гаффар | Кечирүүчү | Апабыздын ачуусун келтиргенибизде бизди кечириши |
| Каххар | Жамандарды жазалоочу | Жаман иш кылгандардын башына жамандыктын келиши |
| Ваххаб | Аянбастан берүүчү | Аарылардын биз үчүн бекер эле бал жасап бериши |
| Раззак | Ырыскыны мол берүүчү | Жердин астындагы жандыктардын да өздөрүнө тамак таап жашаганы |
| Мухси | Эсеп жүргүзүүчү | Асмандагы жылдыздардын, деңиздеги кумдардын санын бир гана Алла билет. Бизге санаганды үйрөтөт |
| Муъид | Кайра кайтаруучу | Келгин канаттуулардын адашпай кайра өз ордуна кайтышы |
| Фаттах | Ачуучу, жардам берүүчү | Уруктун ачылышы жана гүлгө, жемишке айланышы |
| Алим | Баарын билүүчү | Курандагы чындыктардын илимпоздор тарабынан убакыттын өтүшү менен ачылышы |
| Вахид | Жалгыз | Ар бир адамдын манжа изи ар башка жана өзүнө гана таандык экендиги |
| Самад | Эч нерсеге муктаж эмес | Чоңдордун тамак-ашты өз алдынча жей алышы |
| Басир | Баарын көрүүчү | Кооптуу учурларды сезип, андан алыс болуубуз |

# Алла кандай болду экен?



Ушундай кооз ысымдарга ээ болгон Алла Тааланы дагы да жакындан таанығыңар келеби?

Бул суроону Пайгамбарыбызга да беришкен. Алла канчалык чоң? Балдары барбы? Анын атасы ким? Дагы көптөгөн суроолор... Чындыгында алар Аллага кызыгышкандыктан эмес, аны шылдыңдоо үчүн сурап жатышкан эле. Ошондо Алла Таала Ыклас сүрөсүн түшүрдү. Алла Таала Өзүн төрт кыска сүйлөм менен сүрөттөгөн. Аны менен бизге да кыска жана нуска сүйлөөнү үйрөткөн.

Ыклас сүрөсүнүн мааниси: **(Эй, Мухаммед) Айткын: Ал – жалгыз Алла. Алла эч нерсеге муктаж эмес. Төрөгөн эмес, төрөлгөн да эмес. Ага тең келе турган эч нерсе жок.**

Мына биз аят-хадистерден үйрөнгөн Алланын сыпаттары.
Эми аларды аларды шашпай айтууга даярсыңарбы?
Алла Тааланын:

**“Вужууд”** деген сыпаты бар; Ал ар дайым бар болот.

**“Кыдам”** деген сыпаты бар; Бизге окшоп төрөлгөн же жок болуп калган учуру жок. Ал ар дайым бар.

**“Бакаа”** деген сыпаты бар; Анын бизге окшоп өлүшү же жок болуп кетиши мүмкүн эмес. Ал түбөлүккө бар.

**“Вахданият”** деген сыпаты бар; Алла Таала жалгыз. Ага окшош эч нерсе жок. Ал бизди ар башка жараткан, бирок адам катары баарыбыз окшошпуз. Баарын ар башка жаратышы менен Өзүнүн жалгыз экенин көрсөтөт.

«**Кыям би нафсихи»** деген сыпаты бар; Бар болушу үчүн башка бирөөгө муктаж эмес. Бар болушу үчүн Ага адамдардай эне менен атанын кереги жок. Анткени Ал төрөлгөн эмес жана төрөгөн эмес.

**“Мухаалафатун лил хавадис”** деген сыпаты бар; Ал тоого да, төөгө да, күнгө да, айга да окшош эмес. Бул дүйнөлүк сыноодон ийгиликтүү өтүп, бейишке киргендерге ал өзүн көрсөтөт.

**“Хаят”** деген сыпаты бар; Ал тирүү.

**“Илим”** деген сыпаты бар; Ал билбеген эч нерсе жок.

**“Самиъ”** деген сыпаты бар; Ал эң кичинекей үндү да угат, атүгүл ичибизден эмне ойлоп жатканыбызды да билет.



**“Вужууд”** деген сыпаты бар; Ал ар дайым бар болот.

**“Кыдам”** деген сыпаты бар; Бизге окшоп төрөлгөн же жок болуп калган учуру жок. Ал ар дайым бар.

**“Бакаа”** деген сыпаты бар; Анын бизге окшоп өлүшү же жок болуп кетиши мүмкүн эмес. Ал түбөлүккө бар.

**“Вахданият”** деген сыпаты бар; Алла Таала жалгыз. Ага окшош эч нерсе жок. Ал бизди ар башка жараткан, бирок адам катары баарыбыз окшошпуз. Баарын ар башка жаратышы менен Өзүнүн жалгыз экенин көрсөтөт.

**«Кыям би нафсихи»** деген сыпаты бар; Бар болушу үчүн башка бирөөгө муктаж эмес. Бар болушу үчүн Ага адамдардай эне менен атанын кереги жок. Анткени Ал төрөлгөн эмес жана төрөгөн эмес.

**“Мухаалафатун лил хавадис”** деген сыпаты бар; Ал тоого да, төөгө да, күнгө да, айга да окшош эмес. Бул дүйнөлүк сыноодон ийгиликтүү өтүп, бейишке киргендерге ал өзүн көрсөтөт.

**“Хаят”** деген сыпаты бар; Ал тирүү.

**“Илим”** деген сыпаты бар; Ал билбеген эч нерсе жок.

**“Самиъ”** деген сыпаты бар; Ал эң кичинекей үндү да угат, атүгүл ичибизден эмне ойлоп жатканыбызды да билет.





Алла Таала кандай гана улуу!
Ага ишенген жана анын буйругун
аткарган адам эч качан жеңилбейт. Аллага
ишенгендер жана моюн сунгандар сөзсүз
ЖЕҢИШке жетишет!

# Аят ал-курсий

Аят ал-курсийде да Ыклас сүрөсүндөгү сыяктуу Алла жөнүндө кабар берилет. Бул аятты окуганда Алла Тааланын канчалык улуу жана кудуреттүү экенин түшүнөбүз.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) «Бакара сүрөөсүндө бир аят бар. Ал Куран аяттарынын мырзасы. Ал – Аят ал-курсий» деп айткан. (Тирмизий, Фазаилул-Куран, 2)

بِسْمِ اللّٰهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيمِ

اَللّٰهُ لَٓا اِلٰهَ اِلَّا هُوَ اَلْحَيُّ الْقَيُّومُ لَا تَاْخُذُهُ سِنَةٌ وَلَا نَوْمٌ لَهُ مَا فِى
السَّمٰوَاتِ وَمَا فِى الْاَرْضِ مَنْ ذَا الَّذِى يَشْفَعُ عِنْدَهُٓ اِلَّا بِاِذْنِهِ يَعْلَمُ
مَا بَيْنَ اَيْدِيهِمْ وَمَا خَلْفَهُمْ وَلَا يُحِيطُونَ بِشَىْءٍ مِنْ عِلْمِهِٓ اِلَّا بِمَا
شَٓاءَ وَسِعَ كُرْسِيُّهُ السَّمٰوَاتِ وَالْاَرْضَ وَلَا يَؤُدُهُ حِفْظُهُمَا وَهُوَ
الْعَلِيُّ الْعَظِيمُ (٢٥٥)

"Алла!  Андан башка кудай жок. Ал – Тирүү, Түбөлүк! Аны уйкусуроо да, уктоо албайт. Асмандардагы жана жердеги нерселер Ага (гана) таандык. Анын алдында Өзүнүн уруксатысыз ким колдоочулук кыла алат?! Алардын  алдындагыларды  да, артындагыларды  да билет. Алар  Анын каалоосунан башка эч нерсе билишпейт. Анын күрсүсү (билими) асмандар менен жерди камтыйт. Ага ал экөөсүн сактоо – кыйын эмес. Ал – абдан Бийик, өтө Улуу!" (Бакара сүрөсү, 255-аят)



# ТАБЫШМАК

Төмөндө Алланын кээ бир ысымдары жана сыпаттары аралаштырылып берилген. «Алланын кооз ысымдары» себетине ысымдарды, «Алланын сыпаттары» себетине сыпаттарды номерлерин жазып жайгаштырышыңар керек. Эгер аларды туура жайгаштырсаңар, ишеним медалынын биринчи бөлүгүн утуп аласыңар. Көңүл бургула! Кээ бирлери ысым да, сыпат да болушу мүмкүн. Кана, кеттик!

1 Алла
2 Вужууд
3 Самиъ
4 Хаят
5 Рахман
6 Кыдам
7 Бакаа
8 Рахим
9 Илим
10 Алим
11 Бадиъ
12 Басар
13 Ираада
14 Кудрат
15 Малик
16 Куддус
17 Адл
18 Таквин
19 Вахданият
20 Латиф
21 Мухалафатун лил хавадис
22 Азиз
23 Жаббар
24 Калаам
25 Мутакаббир
26 Кыям би нафсихи
27 Мусаввир
28 Зул-жалаали вал-икрам
29 Маликул-мулк



«Алланын кооз ысымдары» себети

«Алланын сыпаттары» себети



# АЗАМАТСЫҢАР!

Ушуга чейин
үйрөнгөндөрүңөр менен
"Ыйман" медалынын
биринчи бөлүгүнө ээ
болдуңар.
Куттуктайбыз, бул
баскычтан оңой эле
өттүңөр.
Эми кезек
экинчисинде...

# 2 "Периштелерге ыйман келтирүү" баскычы

## Бизди коргоп турган периштелер бар!

Периштелер нурдан жаратылган, жарык сыяктуу жандыктар. Биз аларды көзүбүз менен көрө албайбыз.

Бирок, пайгамбарлар периштелерди көрүшкөн.

Периштелер абдан күчтүү. Алла эмне десе ошону аткарышат, эч качан Анын сөзүнөн чыгышпайт. Адамдар сыяктуу алардын эркек же аял деген жынысы жок. Демек, алар бизден такыр башкача жандыктар.

Периштелер оюбузга туура жана жакшы сезимдерди, ойлорду шыбырап турат. Биз дуба кылганыбызда периштелер «Омийин!» дешет, биз үчүн дуба кылышат. Ар дайым Алланы зикир кылып, Куран окуган адамдарды зыярат кылган периштелер бар. Алар бизге Алланын мээримин алып келишет. Алар жаныбызга келгенде, жүрөгүбүз тынчтыкка толот. Атүгүл асман менен жерди өз ордунда кармап турганга жооптуу периштелер бар. Ар дайым жаныбызда болуп, бизди коргоп турган периштелер да бар.



# Периштелер




Кираман катибиндин милдети: Оң жана сол ийинде жакшылык жана жамандыктарды жазышат.

(Ордунан туруп, оң жана сол ийинди көрсөтүп, жазып жазгандай кылат)

Мункар-Накирдин милдети: Кабырда суроо сурайт.

(Ордунан туруп, этият бол деген белги кылат)

Рызвандын милдети бейиште,

(Колун көтөрүп, ордунан турат)

Маликтин милдети тозокто

(Колун көтөрүп, ордунан турат)

Башкы периште бол! Башкы периште бол!

(Баары ордунан туруп чогуу айтышат)

Хафаза периштелердин милдети: Адамдарды коргошот,

(Ордуларынан турушуп, кол кармашат)

Хамалатул-Арштын милдети: Асманды көтөрүп турушат.

(Аркага жүк көтөргөндөй кыймыл жасалат)

# 4 ЧОҢ ПЕРИШТЕ

## 1 Жабраил

Ал аян периштеси. Алладан алган маалыматты, кабарды пайгамбарларга жеткирет. Ал Алла менен пайгамбарынын ортосунда элчи катары кызмат кылат.

Алла Таала Бакара сүрөсүнүн 97-аятында Жабраил жөнүндө:

قُلْ مَن كَانَ عَدُوًّا لِجِبْرِيلَ فَإِنَّهُ نَزَّلَهُ عَلَى قَلْبِكَ بِإِذْنِ اللّهِ مُصَدِّقاً
لِمَا بَيْنَ يَدَيْهِ وَهُدًى وَبُشْرَى لِلْمُؤْمِنِينَ

“Айткын: “Жабраилге ким душман...” Анткени Алланын уруксаты менен ал аны туз жол, кубанычтуу кабар катары ыймандууларга алардын алдындагыны тастыктоо үчүн сенин жүрөгүңө түшүргөн.”

## 2 Микаил

Ал жаратылыш окуяларын жөнгө салуу үчүн жооптуу. Жыл мезгилин, убагы келгенде өсүмдүктөрдүн пайда болушун, бак-дарактардын мөмө беришин эч ката кетирбестен жөнгө салат.

Алла Таала Микаилди Бакара сүрөсүнүн 98-аятында да эскерет:

مَنْ كَانَ عَدُوًّا لِلّهِ وَمَلٰئِكَتِهِ وَرُسُلِهِ وَجِبْرِيلَ وَمِيكَالَ فَإِنَّ اللّهَ عَدُوٌّ
لِلْكَافِرِينَ

“Ким Аллага, Анын периштелерине, Анын пайгамбарларына, Жебреилге жана Микайилге душман болсо, акыйкатта Алла – каапырлардын душманы.”

## 3 Исрафил

Дүйнө жашоосу бүтүп, кыямат башталарда Исрафил периште сурнай тартат. Исрафил сурнай тартканда кыямат болуп, акырет жашоосу башталат. Бүткүл адамзат тирилтилип, махшар майданга чогулуп, кылган иштеринин эсебин беришет.

Бул окуя тууралуу Алла Зумар сүрөсүнүн 68-аятында мындайча кабар берет:

وَنُفِخَ فِى الصُّورِ فَصَعِقَ مَنْ فِى السَّمٰوَاتِ وَمَنْ فِى الْاَرْضِ اِلَّا
مَنْ شَاءَ اللّٰهُ ثُمَّ نُفِخَ فِيهِ اُخْرٰى فَاِذَا هُمْ قِيَامٌ يَنْظُرُونَ

“Сурнай тартылганда Алланын каалаганынан башка асмандардагы жана жердеги жан ээлери (баары) өлүшөт. Андан соң экинчи жолу сурнай тартылганда, алар (тирилип) күтүп калышат.”

## 4 Өлүм периштеси Азраил

Бул дүйнөдө өмүрү бүткөн адамдарды Аллага алып баруучу периште. Алланын бизге берген өмүрүн өлүм периштеси бизден алат. Азраил деген ат менен да белгилүү. Жакшы адамдар аны көрүп, сулуулугуна суктанышат. Ал эми жаман адамдар кылган иштери үчүн жазалана турган мезгил келгенин түшүнүп коркушат. Алла Таала Анъам сүрөсүнүн 61-аятында мындай дейт:

وَهُوَ الْقَاهِرُ فَوْقَ عِبَادِهِ وَيُرْسِلُ عَلَيْكُم حَفَظَةً حَتَّى إِذَا جَاء
أَحَدَكُمُ الْمَوْتُ تَوَفَّتْهُ رُسُلُنَا وَهُمْ لاَ يُفَرِّطُونَ

«Ал Өз пенделиринин үстүнөн бийлик жүргүзүүчү. Ал силердин үстүңөрдөн Өзүнүн сактоочуларын жөнөтөт. Качан силердин бириңерге өлүм жеткенде, биздин элчилерибиз анын жанын алышат. Кынтык кылышпайт»

Оюн бурчу

# "Периштелерди табабыз" оюну

4 чоң периштенин аты айтылганда бардык окуучулар анын милдетин сүрөттөгөн кыймылды аткарышат. Ким туура эмес кыймыл жасаса, ал оюндан чыгат. Келгиле, ким акыркы болорун көрөбүз. Кана, оюнду ким утат!

Кантип ойнойбуз?

«Жабраил» дегенде сөөмөйүбүз менен оозубузду көрсөтүп, «Оку!» деп айтабыз.

«Микаил» дегенде манжалардын учун жерге каратып кыймылдатып, жамгыр жаагандай кылабыз.

«Исрафил» деп айтылганда колубузду оозубузга коюп сурнай тартып жаткандай кылабыз.

"Азраил" дегенде эки колду көтөрүп булгалайбыз.





..............................................................................

..............................................................................





..............................................................................

..............................................................................

# Мен периштелерге ишенем өзүмдү коопсуз сезем



Аллага көп дуба кылып, Анын атын атап ибадат кылсак, периштелер бизге дайыма жардам беришет. Дубаларыбызга "Омийин" дешет. Периштелер да Алладан биз үчүн жакшылыктарды сурашат. Керек болсо бизге зыян келтиргиси келген жамандардын алдын алып турушат. Кантип?

Бадр согушундагыдай: Душмандардын Пайгамбар менен мусулмандардан үч эсе көп аскери бар эле. Мусулмандар 313, мушриктер 1000 болчу. Алланын жана мусулмандардын душманы болгон мушриктердин кошууну абдан көп эле. Мусулмандар такыр корккон эмес. Анткени алар Аллага ишенишкен. Пайгамбарыбыз таңга чейин намаз окуп, дуба кылды. Саны өтө аз болгон мусулмандардын жеңиши үчүн Алладан жардам сурады. Алла Жабраилди кум дөбөнүн башына жиберди. Жабраилдин жанында үч миң периште пайгамбардын буйругун күтүп турган. Жер-асман периштелерге толгондой болду. Периштелердин кошууну согушта мусулмандарга колдоо көрсөтүштү, мусулмандар болсо душмандын эбегейсиз жана көр кошуунун чачып жиберишти. Ошентип, Аллага ишенгендер согушта периштелердин жардамы менен жеңишке жетишти.

Маъун сүрөсү түшүрүлгөн окуя сыяктуу: Абу Жахил жетим жана муктаж бир балага убада берген эле. Андан соң ал баланын мал-мүлкүн, акчасын тартып алып, өзүн кууп жиберди. Анан: «Курайштын атактууларына кайрыл. Мухаммедге бар, мал-мүлкүңдү алып берет”, - деп шылдыңдады. Анын максаты Пайгамбарыбызды кемсинтүү болчу. Анын ал балага жардам бергенге акчасы жок деп ойлогон эле. Бала эч нерседен кабарсыз Пайгамбарыбызга (саллаллаху алейхи ва саллам) барат. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) ал жетим баланы жакшы кабыл алып, анын көйгөйүн укту. Анан аны ээрчитип, Абу Жахилге барат. «Тезирээк бул балага тартып алган акчасын жана мал-мүлкүн кайтарып бер», - деди. Абу Жахил чочуп, коркуп кетти.

Ал дароо жетим балага мал-мүлкү менен акчасын кайтарып берди. (Ф. Разий, Мафаатихул-гайб, 23:439). Муну көргөндөрдүн баары таң калышты. Абу Жахилдин достору:

- Мухаммедди шылдыңдай турган болдук эле го, баланын акчасын эмнеге бердиң? - дешти. Абу Жахил:

«Эгер андай кылбасам, Мухаммеддин эки тарабындагы арстандар мени бөлүп-жарып кетмек», - деди. Ал Алла жиберген периштелер жөнүндө айтып жаткан. Алар ошол жетим баланы жана Пайгамбарыбызды (саллаллаху алейхи ва саллам) коргоо үчүн келип, Абу Жахилге арстан кейпинде көрүнгөн периштелер эле.



Мына! Аллага ишенген адам дайыма жеңет...

Алла ар дайым момун-мусулмандардын, Андан жардам сурагандардын жана кароосуз жетимдердин жардамчысы. Алла үчүн иштегендерди жана ишинде бекем болгондорду эч качан кур калтырбайт. Албетте, аларды периштелери менен коргойт. Караңгыда жана жарыкта, жеңилдикте жана кыйынчылыкта периштелер ар дайым Аллага ишенгендердин жанында.

Алла Өзүнө ыйман келтиргендерди бардык жамандыктан сактайт. Ал Фуссилат сүрөсүнүн 30-31-аяттарында айткандай:

**“Чындыгында: “Эгебиз Алла”, – деп, бекем тургандарга периштелер түшүп: “Коркпогула! Кайгырбагыла! Силерге убада кылынган Бейиш аркылуу кубанычка бөлөнгүлө. Биз дүйнө тиричилигинде да, акыретте да досуңарбыз. Силерге Бейиште көңүлүңөр көксөгөн нерселер бар. Эмне талап кылсаңар баары бар”, – дешет.”**

Ооба, биз да Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) сыяктуу Аллага ишенсек, Ага тобокел кылсак, көп дуба кылсак, талыкпай эмгектенип, ибадат кылсак, Алла бизге да жардам берет. Ал периштелерин бизге жөнөтөт. Ал бардык кыйынчылыктарды жеңүүгө жардам берет. Биз эч качан коркуп, үмүтсүз болуп калбайбыз. Биз ар дайым жеңүүчүбүз. Кээде өзүбүздү жеңилгендей сезебиз. Аллага ишенип, намаз окуп, сабырдуулук менен иштей берсек, акыры сөзсүз ийгиликке жетебиз.

# Кадыр сүрөсү

Рамазан айында абдан өзгөчө жана кооз түн катылган. Бул түнү Жабраил жана бардык периштелер жерге түшөт. Ким Алланы эстесе, ага салам беришет. Ибадат кылгандар үчүн дуба кылышат. Алланы зикир кылгандардын дубасына "Омийин!" дешет.

Бул өзгөчө түн – Куран түшүрүлгөн түн.

Ошол учурда жеңилдикти жана бакытты сезебиз. Ал түн – миң айдан да жакшыраак болгон Кадыр түн.

Бул түндү жана периштелердин келишин баяндаган сүрө – Кадыр сүрөсү.

Кадыр сүрөсүн көп окусак, жүрөгүбүзгө Куран орнойт.

Периштелер ар дайым биз үчүн дуба кылышат жана эч качан жаныбыздан кетпейт.

بِسْمِ اللّٰهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيمِ

إِنَّآ أَنْزَلْنَاهُ فِى لَيْلَةِ الْقَدْرِ (١) وَمَآ أَدْرٰيكَ مَا لَيْلَةُ الْقَدْرِ (٢)

لَيْلَةُ الْقَدْرِ خَيْرٌ مِنْ أَلْفِ شَهْرٍ (٣) تَنَزَّلُ الْمَلٰٓئِكَةُ وَالرُّوحُ فِيهَا بِإِذْنِ

رَبِّهِمْ مِنْ كُلِّ أَمْرٍ (٤) سَلَامٌ هِىَ حَتّٰى مَطْلَعِ الْفَجْرِ (٥)

## Мааниси

**Мээримдүү, Ырайымдуу Алланын аты менен**

1. Акыйкатта, Биз аны ыйык түндө түшүрдүк.
2. Кадыр түндүн эмне экенин билесиңби?
3. Кадыр түн миң айдан да артыгыраак.
4. (Ал түндө) Алланын буйругун аткаруу үчүн периштелер жана Рух жер үстүнө түшүшөт.
5. Ал таң атканча тынчтык – амандык.



# ТАБЫШМАК

Төмөнкү сүйлөмдө айрым сөздөр түшүп калган. Түшүп калган сөздөрдүн ордун таап, жазгыла. Эгер аны туура жайгаштырсаңар, ишеним медалынын экинчи бөлүгүнө ээ болосуңар.

Абайлагыла! Тизмеде туура эмес сөздөр да болушу мүмкүн.

Периштелер .............. жаратылган.

Жабраил, .............., Исрафил жана Өлүм периштеси төрт .............. периште.

Адамдарды коргогон периштелер .............. периштелери.

.............. жерди, .............. аршты (асманды) көтөрүп турган периштелер.

.............. согушунда Пайгамбарыбызга үч миң периште жардам берген.

Кираман катибин

Ухуд

Хамалатул-арз

Бадр

нурдан

өрттөн

Малик

кичине

чоң

Микаил

Хамалатул-арш

# АЗАМАТСЫҢАР!

Периштелерге ишенүү менен "Ыйман" медалынын дагы бир бөлүгүнө ээ болдуңар. Эми муруңкудан да күчтүүсүңөр. Периштелердин силерди жалгыз калтырбай турганын да билесиңер. Силерди куттуктайбыз.

# 3 "Китептерге ыйман келтирүү" баскычы

Мен китептерге ишенем, билим казынамды толтурам.

يَا اَيُّهَا الَّذِينَ اٰمَنُوا اٰمِنُوا بِاللّٰهِ وَرَسُولِهِ وَالْكِتَابِ الَّذِى نَزَّلَ عَلٰى

رَسُولِهِ وَالْكِتَابِ الَّذِى اَنْزَلَ مِنْ قَبْلُ وَمَنْ يَكْفُرْ بِاللّٰهِ وَمَلٰئِكَتِهِ

وَكُتُبِهِ وَرُسُلِهِ وَالْيَوْمِ الْاٰخِرِ فَقَدْ ضَلَّ ضَلَالًا بَعِيدًا

“Эй, ыймандуулар! Аллага, Анын элчисине, Ал Өзүнүн элчисине түшүргөн Китепке жана Ал андан мурун түшүргөн Китепке ишенгиле! Ким Аллага, периштелерине, китептерине, элчилерине жана Кыямат күнүнө ишенбесе ал узак адашууда болот.”

(Ниса сүрөсү, 136-аят)



Дүйнөгө сыноо үчүн жиберилген адамдар ойлоно баштады.
Биз бул дүйнөгө эмне кылуу үчүн келдик?
Бизди бул жакка ким жиберди?
Бизди жиберген эмне кылышыбызды каалайт?
Биз дайыма чындыкты айтышыбыз керекпи?
Бактылуу жана ден-соолукта болуу үчүн эмне кылышыбыз керек?
Кээде адилетсиздик кылсак эмне болот?

Бир аз убакыт өткөндөн кийин кээ бир адамдар айлана-чөйрөнү булгап, өз ара урушуп, бири-бирине жамандык кыла башташты. Бири-бирине зыян беришип, атүгүл киши өлтүрүүлөр да болуп кетти.

Албетте, Алла бизди дүйнөгө жөн эле алып келген эмес. Биз туура жана бактылуу жашоону үйрөнүшүбүз үчүн периштелери жана пайгамбарлары менен бизге кабарларды жана маалыматтарды жөнөткөн. Буларды вахий деп атайбыз. Вахий топтолуп отуруп бир китепке жыйналган.

Пайгамбарлар вахийди окуу жана айтуу менен кантип ийгиликтүү жана бактылуу адам болууну үйрөтүшкөн. Адамдар пайгамбарлардын сөздөрүн угуп, аларга баш ийүү менен бактылуу болушкан. Алар бири-бирин сүйүп, тынчтыкта, бейпилдикте жашашкан.

Алла тарабынан түшүрүлгөн эң акыркы китеп – бул биздин китебибиз Куран. Алла Таала тарабынан түшүрүлгөн Курандан башка мурда жиберилген китептердин баары же жоголгон же өзгөртүлгөн. Куран гана бүтүн, өзгөрүүсүз калган. Дүйнө жок болгонго чейин ал эч качан өзгөрбөйт. Бул тууралуу Алла Анъам сүрөсүнүн 115-аятында мындайча кабар берет:

وَتَمَّتْ كَلِمَتُ رَبِّكَ صِدْقًا وَعَدْلًا لَا مُبَدِّلَ لِكَلِمَاتِهِ وَهُوَ السَّمِيعُ الْعَلِيمُ

«Жаратканыңдын сөзү (Куран) акыйкат жана адилеттүү. Анын сөзүн эч ким өзгөртө албайт. Ал бардык нерсени угуучу, билүүчү».

# Агартуучу китеп

Алла Курани Каримди Пайгамбарыбыз Азирети Мухаммедге (саллаллаху алейхи ва саллам) вахий кылып түшүргөн.

Куранды окуган сайын акылыбыз, жан дүйнөбүз жарык болот. Биз чыныгы баатыр болуунун сырларын үйрөнөбүз. Кантип?

## КУРАН менен Алланы тааныйбыз:

Куранды канчалык көп окусак, аны ошончолук жакшы түшүнөбүз. Куранда Алла бизге өзүн таанытат. Ал бизге ааламды кантип жаратканын, периштелерди жана алардын милдеттерин түшүндүрөт. Биз Куранды түшүнгөн сайын Алланын нуру бизди курчайт. Жүзүбүз, көзүбүз нурданат.

## КУРАНда кереметтүү аяттар бар:




Бул аяттар космостогу нерселерден баштап, көзүбүз менен көрө албаган клеткаларыбызга чейин көптөгөн нерселер жөнүндө ойлондура турган маалымат берет. Куран түшүрүлгөндө адамдар дүйнөнү табак сыяктуу деп ойлошкон. Куран болсо жердин тоголок экенин жана күндүн айланасында айланганын көрсөткөн маалымат берген. Кылымдар бою Куран адамдарды туура эмес маалыматтардан сактап, аларды агартып келген. Куранды өзүбүзгө туура жол көрсөтүүчү китеп катары кабыл алсак, адамзатка кызмат кылууда, пайдалуу иштерде чоң ийгиликтерге жетишебиз жана бизден эч ким аша албайт. Талыкпай эмгектенип, ишибизди жакшы, Алла каалагандай аткарсак, ар ким суктанган инсанга, коомго айланабыз.

## КУРАН бизди ибадаттар менен күчтөндүрөт:

Куран бизге ибадат кылууну үйрөтөт. Бул ибадаттар денебизди жана рухубузду бекемдейт. Куранда намаз окуу, орозо кармоо, зекет жана ажылык кылуу милдеттендирилген. Бул ибадаттарды аткаруу менен жакшы адеп-ахлактуу инсандардан болобуз жана ар кимдин сүймөнчүлүгүнө ээ болобуз.

## КУРАНдан пайгамбарлардын окуяларын жана дубаларын үйрөнөбүз:




Көптөгөн пайгамбарлар көргөн кыйынчылыктар Куранда баяндалат. Куран бизге алардын бул кыйынчылыктарды кантип жеңгенин үйрөтөт. Куранды көп окусак, кыйынчылыктарды жеңүүнү үйрөнөбүз. Мындан тышкары, пайгамбарлардын өмүр баянын окуу менен жакшы адеп-ахлактуу мусулман болуунун жолдорун үйрөнөбүз.

## КУРАНда оорулардын айыктыруучу аяттар бар:

Куранда оорулардан айыктыруучу аяттар бар. Аларда сергек жашоо тууралуу маалыматтар камтылган. Жада калса, Курандагы шыпаа аяттарын окуу менен кээ бир жаман адаттарыбыздан да арылабыз. Куран биз үчүн ар тараптан шыпаа болуп саналат. Исра сүрөсүнүн 82-аятында мындай деп айтылат: «Биз Куранды момундарга шыпаа, мээримдүүлүк (болсун) үчүн жөнөтүк, а каапырлар үчүн – зыянды гана арттырат.»

## КУРАН бизди адептүү кылат:

Жакшы жана туура жүрүм-турумду Курандан үйрөнөбүз. Жаман иштерге барбашыбыз үчүн, акыр-аягында капа болуп, кайгыланбашыбыз үчүн Алла Таала бизге кээ бир жүрүм-турумдарга тыюу салган. Мисалы, Алла Таала: «Каапырлардан жана заалымдардан болбогула» деп эскертет. Алла Тааланын Курандагы сөздөрүн уксак жакшы мүнөзгө ээ болобуз. Айлана-чөйрөнү сүйгөн, сыйлаган инсанга айланабыз.



Куранда айтылгандарды аткарып, ал айткандай жашасак, ар бир адам жакшы көргөн чыныгы баатырга айланабыз.

Оюн бурчу

# “Менин китебим Куран” оюну

Төмөнкүлөр кол менен ритм жасалып, ыкчам жана бийик үн менен айтылат.

**Куранда 114 сүрө,**
**Алты миңдей аят бар.**
**Толугу менен 30 пар,**
**Ар биринде 20 бет.**
**Мааниси айкын,**
**Билим казынасы,**
**Абдан даанышман,**
**Менин китебим Куран.**

Кантип ойнойбуз?

Андан соң мугалим тарабынан тандалып алынган окуучу Куран тууралуу жогорудагы биринчи сапты айтат. Жанындагы окуучу анын айтканын кайталап, кийинки сапты кошо кетет. Кийинки окуучу мурункулар айткан маалыматты айтып, андан кийинки сапты кошумчалайт. Ошентип, бардык окуучулар биринчи окуучунун айтканы менен бирге жогорудагылардын баарын айтып чыгышат.

Кана, көрөлүчү, ким унутпай айтат экен. Баарыңарга ийгилик!



# Башка китептер



Алла өз кезегинде катары менен Тооратты Муса пайгамбарга, Забурду Давуд пайгамбарга, Инжилди Иса пайгамбарга жиберген. Бирок алар дүйнөдөн кайткандан кийин адамдар бул китептердеги талаптарды аткарбай коюшкан. Ал тургай китептердеги кээ бир маалыматтарды өздөрүнүн ой-пикирине жараша өзгөртүшкөн. Ошентип, бул үч ыйык китептин маалыматтары же өзгөртүлгөн, же жоголгон, же бузулган.

Акыры Алла Таала Куранды жиберди. Бүгүнкү күндө адамдар чындап пайда ала турган жалгыз китеп – бул Куран. Алла башка китептердин күчүн жокко чыгарып, Куранды өз коргоосуна алганын кабарлаган. Аны өзгөртүүгө эч кимдин күчү жетпейт. Чыныгы баатырлар – Куранга ишенгендер жана анда айтылгандарды ишке ашыргандар. Тактап айтканда, мусулмандар...

# Китептерге ишенип, Куранды түшүнгөндө абдан билимдүү болом

Биздин Куран китебибиз ар кандай баалуу маалыматтарды камтыган казына сыяктуу. Аны сүйүп, аны күн сайын үзгүлтүксүз окусак, убакыттын өтүшү менен ал казынадан абдан баалуу маалыматтарды жана чындыктарды үйрөнө баштайбыз.

**Пайгамбарыбыз сыяктуу...**

Исламга ишенбегендер андан мурда болуп өткөн окуяларды сурашса, ал дароо аяттар менен жооп берчү. Баары: “Муну кайдан үйрөндүң? Ал убакта сен жок элең го!..» деп таң калышчу. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) Курандан үйрөнгөн маалыматтары менен чындыктарды түшүндүрүп берчү. Анын пайгамбар экенине ишенбегендер да таң калышчу.

Пайгамбарыбызга Куран менен келген аяттарда ооруларды айыктыруунун жолдору үйрөтүлгөн. Балдын денени чыңдоо үчүн колдонсо болору айтылган. Мындан тышкары, Пайгамбарыбыз Фалак жана Нас сүрөлөрүн окуу менен жамандыктан жана жамандардан кантип сактануу керектигин айткан. Мисалы, сүйүктүү Пайгамбарыбыз ооруп калганда оң колун ооруган жерге коюп, Фатиха сүрөсүн окучу. Ошондо оору ошол замат жоголуп кетчү.

Мына, биз Азирети Мухаммед пайгамбардай (саллаллаху алейхи ва саллам) Куранды кармансак, аны көп окуп жана түшүнсөк, билимдүү, адептүү инсандардан болобуз. Адамдарга жана дүйнөгө пайдалуу адам болобуз. Ушундай жол менен биз улуу баатыр, башкача айтканда мусулман болобуз.



# Баййина сүрөөсү

Алланын Куранды ээрчигендерге сүйүнчүсү бар. Алар түбөлүк белектерди алышат деп айткан. Анын Китебине ишенбегендерди эскертет. Акыйкатты четке каккандар туура эмес жолдо экенин, бул дүйнөдө да, акыретте да зыян тартаарын айтат. Мына ушуну Баййина сүрөсү апачык түшүндүрөт.

Баййина сүрөөсүн көп окусак, Алланын Китебин туура түшүнөбүз. Биз дүйнөдө чоң ийгиликтерге жетишебиз, ал эми бейиште эң сонун белектерди жана ырыскыларды алабыз.

لَمْ يَكُنِ الَّذ۪ينَ كَفَرُوا مِنْ اَهْلِ الْكِتَابِ وَالْمُشْرِك۪ينَ مُنْفَكّ۪ينَ حَتّٰى تَأْتِيَهُمُ
الْبَيِّنَةُۙ ﴿١﴾ رَسُولٌ مِنَ اللّٰهِ يَتْلُوا صُحُفاً مُطَهَّرَةًۙ ﴿٢﴾ ف۪يهَا كُتُبٌ قَيِّمَةٌۜ
﴿٣﴾ وَمَا تَفَرَّقَ الَّذ۪ينَ اُو۫تُوا الْكِتَابَ اِلَّا مِنْ بَعْدِ مَا جَٓاءَتْهُمُ الْبَيِّنَةُۜ
﴿٤﴾ وَمَٓا اُمِرُٓوا اِلَّا لِيَعْبُدُوا اللّٰهَ مُخْلِص۪ينَ لَهُ الدّ۪ينَ حُنَفَٓاءَ وَيُق۪يمُوا الصَّلٰوةَ
وَيُؤْتُوا الزَّكٰوةَ وَذٰلِكَ د۪ينُ الْقَيِّمَةِۜ ﴿٥﴾

**Баййина сүрөсүнүн мааниси (1-5-аяттар):**

Мээримдүү, Ырайымдуу Алланын аты менен.

1. Китеп ээлеринен жана мушриктерден болгон ишенбөөчүлөр өздөрүнө ачык-айкын кабарлар келген кезге чейин, өз жаңылыштыктарынан ажырай алышпады.
2. Алладан келген элчи аларга таза кабарларды окуду (айтып берди).
3. Аларда туура өкүмдөр бар.
4. Китеп ээлеринен болгондор качан гана аларга ачык-айкын кабарлар келген кезге чейин (бир-биринен) ажырашкан жок;
5. Аларга чыныгы динди таза, бекем кармап, бир гана Аллага сыйынууга жана намаз окуп, зекетти (тиешелүү) орундарга берүүгө буйрук кылынды. Мына ушул гана – акыйкат жолунда адамдардын тутунган дини.

# ТАБЫШМАК

Төмөндө пайгамбарларга түшүрүлгөн китептер жазылган. Бирок тамгалары аралаштылып берилген сөздөрдү оңдоп, кайсы пайгамбарга кайсы китептер түшүрүлгөнүн таба аласыңарбы? Муну тапсаңар, ишеним медалынын үчүнчү бөлүгүнө да ээ болосуңар. Анда, силерге ийгилик.

| | | |
|---|---|---|
| Азирети Иса | ....................................... | УРБАЗ |
| Азирети Мухаммед | ....................................... | РООТАТ |
| Азирети Муса | ....................................... | ЖИНИЛ |
| Азирети Давуд | ....................................... | АКНУР |



# АЗАМАТСЫҢАР!

Китептерге ишенүү менен
“Ыйман” медалынын дагы
бир бөлүгүнө ээ болдуңар.
Эми мурункуга караганда
дагы билимдүү болуп
калдыңар.
Силерди
куттуктайбыз!



# 4 "Пайгамбарларга ыйман келтирүү" баскычы

Алла Таала адамдардын арасынан Өзүнүн китептерин үйрөтүүчү жана аларга жүрүм-туруму менен үлгү боло турган пайгамбарларын тандап алган. Аларга "Пайгамбарлык мөөрүн" берген. Пайгамбарлардын жөндөмдөрү жана мүнөздөрү бири-биринен айырмаланат. Бирок алардын баары Алланы абдан сүйгөн, Анын ар бир сөзүн уккан өзгөчө баатырлар.

## "Пайгамбарлык мөөрүнө" ээ болуунун шарттары

Пайгамбар болуу үчүн өтө жогорку өзгөчөлүктөргө ээ болуу керек. Алла ушундай өзгөчөлүктөргө ээ болгон адамдардан пайгамбарларды тандап, аларга дайыма жардам берген.



**Сыдык:** Бул "чынчылдык" дегенди билдирет. Пайгамбарлар өтө чынчыл жана туура адамдар. Алар эч качан калп айтышкан эмес. Болгон ишти "болду" дешкен, боло турган ишти да "болот" дешкен. Себеби, Алла аларга эмнени айтса, ошону гана элге жеткиришкен.



**Аманат:** Бул "ишенимдүүлүк" дегенди билдирет. Пайгамбарлар айткан сөзүндө да, кылган ишинде да ишенимдүү адамдар болгон. Алар өздөрүнө тапшырылган аманатты эң мыкты деңгээлде коргоп, өз ордуна жеткиришкен.



**Фатанат:** "Акылдуулук, зээндүүлүк" дегенди билдирет. Пайгамбарлар өтө акылдуу жана зээндүү кишилер болгон. Ошондуктан аларды эч ким алдай албайт. Алар бардык нерсенин эң жакшысын жана эң туурасын билишет.



**Исмат:** "Күнөөсүздүк" дегенди билдирет. Пайгамбарлар ачык түрдө да, жашыруун түрдө да күнөө кылышкан эмес. Жаман, ыплас иштерди жасашпай, адамдардын көңүлдөрүн да сындырган эмес. Алар ар дайым жакшы жана туура иштерди жасашкан.



**Таблиг:** "Кабар жеткирүү" дегенди билдирет. Пайгамбарлар Алладан алган кабарларды эч кандай өзгөртүүсүз адамдарга жеткиришкен. Бул кабарларды элге эң сонун түшүндүрүп беришкен.

# Пайгамбарлардын келиши

Алла Таала алгачкы инсан жана алгачкы пайгамбар кылып Азирети Адамды дүйнөгө жиберди. Андан кийинки мезгилдерде дагы көптөгөн пайгамбар келген. Эң акыркы пайгамбар – Азирети Мухаммед Мустафа (саллаллаху алейхи васаллам). Андан кийин бир дагы пайгамбар дүйнөгө келбейт.

Ошентип, Куранда аты айтылган 25 пайгамбар жакшылыкта жана тууралыкта адамдарга үлгү болгон. Алла аларды адамзатка үлгү кылып жиберген.

Кээ бир коомдор жана адамдар пайгамбарларга ишенбей, аларга жаман мамиле кылышкан. Бирок, Алла адамдар туура жолду таап, жакшы инсан болушу үчүн пайгамбарларды жана китептерди жөнөтүүнү уланткан.

Пайгамбарлар бардык кыйынчылыктарды жеңишкен. Ошонусу менен Аллага ыйман келтиргендер да дайыма жеңишке жетээрин көрсөтүшкөн. Алардын баары чыныгы баатырлар.



Азирети Адам



Азирети Идрис



Азирети Нух



Азирети Ибрахим



Азирети Исмаил



Азирети Йакуп



Азирети Йунус



Азирети Мухаммед

# 25 Пайгамбар

Алла Куранда 25 пайгамбар тууралуу кабар берет.

Эми алар жөнүндө билүүгө убакыт келди.

Хор менен ырдалат. Ар бир төрт атты айтканда баарыбыз кол менен бирдей кыймыл жасайбыз, кийинки төрт атка өткөндө башкача кыймыл жасайбыз. Мисалы, биринчисинде сөөмөй менен алды жак көрсөтүлөт, экинчисинде колдор өйдө-ылдый кылынат, үчүнчүсүндө оңго-солго чайпалат.

**Азирети...**
Адам, Идрис, Нух, Худ,
Адам, Идрис, Нух, Худ.

Салих, Ибрахим, Лут, Исмаил,
Салих, Ибрахим, Лут, Исмаил.

Исхак, Йакуп, Йусуф, Айуб,
Исхак, Йакуп, Йусуф, Айуб.

Шуайб, Муса, Харун, Давут,
Шуайб, Муса, Харун, Давут.

Сулайман, Ильяс, Элйаса, Зулькифл,
Сулайман, Ильяс, Элйаса, Зулькифл,

Йунус, Закария, Йахйа, Иса,
Йунус, Закария, Йахйа, Иса,
Алейхим салам...

Жана...
**Мухаммед Мустафа**
(саллаллаху алейхи васаллам).





**АЗИРЕТИ АДАМ**
Алгачкы дыйкан жана фермер. Ал адамдарга буюмдардын аттарын үйрөткөн.



**АЗИРЕТИ ИДРИС**
Ал астрономия менен математикага кызыккан. Ал өлчөп-тартуучу приборлорду ойлоп тапкан. Ийнени ойлоп таап, бычмачы болуп иштеген.



**АЗИРЕТИ НУХ**
Жыгач уста жана алгачкы кеме жасаган инсан.



**АЗИРЕТИ САЛИХ**
Төө багып, соода менен алектенген.

**АЗИРЕТИ ХУД**
Ал соода менен алектенген. Кантип туура жана чынчыл соода кылууну үйрөткөн.





**АЗИРЕТИ ИБРАХИМ**
Алгачкы архитектор жана уулу Исмаил менен бирге Каабаны курган.

**АЗИРЕТИ ИСМАИЛ**
Мергенчи. Ал көп тил билген.

**АЗИРЕТИ ЛУТ**
Тарыхчы. Ал Азирети Ибрахимге биринчилерден болуп ишенген.



**АЗИРЕТИ ИСХАК**
Чабан болгон.

**АЗИРЕТИ ЙАКУП**
Тигүүчү, машыктыруучу, чабан.





**АЗИРЕТИ ЮСУФ**
Түш жорууну жакшы билген. Ал үрүндөрдү кампага салып сактоону, саатты ойлоп тапкан.

**АЗИРЕТИ АЙЮП**
Ооруларга жана кыйынчылыктарга чыдамкайлыгы менен белгилүү. Ал дыйканчылык менен да алектенген.



**АЗИРЕТИ ШУАЙП**
Дыйканчылык жана мал чарбачылыгы менен алектенген.



**АЗИРЕТИ МУСА**
Ал чабан болуп Шуайп пайгамбарга кызмат кылган.



**АЗИРЕТИ ДАВУТ**
Ал биринчи болуп темирден соот жасаган. Ал согуштарда аскерлердин кол башысы болгон.

**АЗИРЕТИ ХАРУН**
Ал бир тууганы Мусага вазир болгон.



**АЗИРЕТИ СУЛАЙМАН**
Жезди алгачкылардан болуп иштеткен жана анын жаныбарлардан, шамалдан турган аскерлери болгон.





**АЗИРЕТИ ЭЛЙАСА**
Илияс пайгамбарга жардам берген.

**АЗИРЕТИ ИЛИЯС**
Ал токуучулук менен алектенген.





**АЗИРЕТИ ЗУЛЬКИФЛ**
Ал наабайчы болгон.

**АЗИРЕТИ ЮНУС**
Балыкчы болгон.

**АЗИРЕТИ ЗАКАРИЯ**
Ал жыгач уста болуп иштеген.



**АЗИРЕТИ ЯХЙА**
Ал абдан жакшы адам болгон. Элге тынчтык тартуулаган.



**АЗИРЕТИ МУХАММЕД**
Чабан жана абдан ийгиликтүү соодагер болгон.

**АЗИРЕТИ ИСА**
Мергенчиликтин чебери болгон. Медицинада кереметтерди көрсөткөн.

# Куранда айтылган кээ бир пайгамбарлар жана алардын сырлары

Куранды кунт коюп окуганда ар бир пайгамбардын ийгиликке, түбөлүк бакытка алып баруучу кээ бир сырлары бар экенин көрө алабыз.

**Юсуф пайгамбар:** Бир туугандары аны кызганышып, кудукка ыргытып жиберишет. Юсуф: «Эмне үчүн мындайга туш болдум? Мен бактысызмын» деп айткан жок. Алла Тааланын ага жардам берерине ишенген. Кудуктан чыгууну чыдамсыздык менен күтүп, дуба кылган. Акыры кудуктан чыгып, кулчулукка сатылды. Бирок ага да эч кайгырган эмес. Баарына чыдап жүрүп, убакыттын өтүшү менен Египеттин казына министри болгон.



**Азирети Юсуфтун окуясы бизге муну үйрөтөт:** «Балдар, эң оор кырдаалда да пессимист болбогула. Аллага дуба кылгыла жана кыйынчылыктарда сабыр кылып, чыдамкай болгула. Албетте, Алланын эң жакшы жардамы келет».

Сулайман пайгамбар: Ал бардык жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн тилин үйрөнгөн. Бизге алар менен сүйлөшө аларыбызды жана жаныбарлардын тили бар экенин көрсөттү. Илимпоздор да жаныбарлардын, ал тургай, кээ бир өсүмдүктөрдүн тили бар экенин аныкташкан. Сулайман пайгамбар мунун баарын алдын ала айтып берип, Алла Таала жараткан бардык жандууларга зыян бербөөнү үйрөткөн.

Бардык тирүү жандыктарга зыян бербесек, бак-дарактар жоголбойт, жаныбарлар жок болбойт, деңиздер булганбайт. Бул жандыктардын баары бизди көтөрүп, жардам берип, бизге кызмат кылат. Сулайман пайгамбар жаныбарларга аяр мамиле кылууну жана аларды кантип пайдаланууну да көрсөткөн.



Сулайман пайгамбар аскерлери менен баратканда кумурскаларды басып албаганга аракет кылган кол башчы болгон. Ал тургай бир жолу кумурскага жылмайып:

"Эгем, мен Сага жагаарлык жакшылык иштерди кылуум үчүн Сенин мага жана ата-энеме көргөзгөн мээримдүүлүктөрүңө шүгүр кылуучулардан кыл жана мени Өз мээримиңе алып, Өзүңдүн жакшы иштерди жасоочу пенделериңдин катарына кошо көр” (Намл сүрөсү, 19-аят)

**Харун пайгамбар:** Харун Муса пайгамбардын бир тууганы жана жардамчысы болгон. Ал ар дайым Азирети Мусага жардам берген. Бири-бирине таянып, бири-бирине ишенип, чындыкты, жакшылыкты бирге үйрөтүшкөн. Алар биргелешип өз доорунун күчтүү башкаруучусу болгон Фараонду жеңишкен.

Жагымдуу үнү, жакшы сөздөрү менен элди ынандырган. Ал сүйлөгөндө элдин баары аны берилип угушкан. Агасы Муса пайгамбар жакшы сүйлөй албайт эле. Бирок Харун пайгамбар: «Мен Мусадан жакшыраак сүйлөйм, мен андан жакшы пайгамбармын», - деп эч качан айткан жок. Эң негизгиси, Алла түшүргөн маалыматтарды жана кабарларды адамдарга айтуу экенин билчү. Бир тууганы Муса менен бири-бирине колдоо көрсөтүшсө, мындан да чоң бакытка жана ийгиликке жетишерине ишенген.



Муса пайгамбарга жиберилген Тоорат китеби эмне үчүн ага жиберилбеди деп кызганган эмес. «Ал китепти жакшыраак түшүндүрүп бермекмин» деп ичи тарлык кылган жок. «Алла кимге эмнени берсе, ошол эң жакшысы» деп ар дайым Муса пайгамбарга колдоо көрсөткөн. Бир тууган менен биримдикте болгондо бардык кыйынчылыктарды жеңсе болорун көрсөттү. Ошентип бул бир туугандар Алла Таала салам берген пайгамбар болушту.

# Инширах сүрөөсү

Пайгамбарлар өтө оор кырдаалдардан өтүшкөн. Аларды укпаган, атүгүл кемсинткен адамдарга жолугушкан. Меккедеги мушриктер Пайгамбарыбызга абдан жаман мамиле кылышкан. Алар ага ишенишпей, таш барaңга алышкан, жадакалса жалган жалаа да жабышкан. Пайгамбарыбыз аябай кыйналган, абдан капа болгон, бирок адамдарга Алланы айтууну токтоткон эмес. Инширах сүрөөсүндө Алла Таала сүйүктүү Пайгамбарыбызга бул кыйынчылыктарда кантип жардам бергенин, анын жүрөгүн жеңилдетип, ага кантип көмөкчү болгонун баяндайт. Алла Таала ар бир кыйынчылыкка жеңилдикти жашырарын, сабыр кылсак кыйынчылыктарды жеңерибизди кабар берет. Убактыбызды пайдасыз иштерге коротпой, жакшы бир ишти бүтүрсөк, дароо башка жакшы ишке киришүүбүз керек экенин сунуштайт. Ушундай жол менен биз бактылуу жана ийгиликтүү боло алабыз. Пайгамбарлардай баатыр болгубуз келсе, Инширах сүрөсүн көп окушубуз керек. Бул сүрөөнүн маанисин түшүнүшүбүз керек. Талыкпай эмгектенип, ийгилик жана бактылуу болушубуз үчүн Алла ар дайым жардамчыбыз экенин унутпашыбыз керек.



# Инширах сүрөсү

بِسْمِ اللّٰهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيمِ

اَلَمْ نَشْرَحْ لَكَ صَدْرَكَ (١) وَوَضَعْنَا عَنْكَ وِزْرَكَ (٢) اَلَّذٖى اَنْقَضَ

ظَهْرَكَ (٣) وَرَفَعْنَا لَكَ ذِكْرَكَ (٤) فَاِنَّ مَعَ الْعُسْرِ يُسْرًا(٥) اِنَّ مَعَ

الْعُسْرِ يُسْرًا (٦) فَاِذَا فَرَغْتَ فَانْصَبْ (٧) وَاِلٰى رَبِّكَ فَارْغَبْ (٨)

## Мааниси

**Мээримдүү, Ырайымдуу Алланын аты менен.**

1. Биз сенин көкүрөгүңдү ачпадыкпы?
2. Жана сенин үстүңдөгү оор жүктү алып салбадыкпы?
3. Ошол жүк сенин жонуңду басып турган эле.
4. жана сенин атыңды көтөрбөдүкпү?
5. Акыйкатта, кыйынчылык артынан жеңилдик (келет).
6. Аныгында, кыйындыкты улай жеңилдик (келет).
7. Ошондуктан (бир иштен) бошосоң, (кийикиге) кириш.
8. Жараткан Эгеңе жалбар!

# ТАБЫШМАК

Тапканга даярсыңарбы?

Пайгамбарлык мөөрдү алуу үчүн туура сөздөрдүн үстүнө басып өтүп, ага жетишиңер керек. Үстүнө баскан ар бир сөздүн маанисин таап, төмөндөгү өзүнүн ордуна жайгаштырасыңар. Бул тапшырма силерге медалдын төртүнчү бөлүгүн алып келет. Анда, силерге ийгилик!

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Калем | Шамдагай | Өзгөчө | Исмат | Тарых |
| Сыдык | Аманат | Фатанат | Кубат | Таблиг |
| Сабыр | Кабар | Китеп | Сапат | Тарбия |




................ “чынчылдык” дегенди билдирет. Пайгамбарлар өтө такыбаа адамдар. Алар эч качан калп айтышпайт.

................ “ишенимдүүлүк” дегенди билдирет. Пайгамбарлар сөзүндө жана ишинде ишенимдүү адамдар.

................ “акылдуулук, зээндүүлүк”дегенди билдирет. Пайгамбарлар акылдуу жана зээндүү болушкан.

................ “күнөөсүздүк”дегенди билдирет. Пайгамбарлар жашыруун жана ачык түрдө эч күнөө кылышкан эмес.

................ “кабар жеткирүү” дегенди билдирет. Пайгамбарлар Аллададан алган диний маалыматтарды эч кандай өзгөртүүсүз адамдарга жеткиришкен.



# АЗАМАТСЫҢАР!

“Пайгамбарлык мөөрү” табышмагын туура таап, ийгиликке жетишкениңер үчүн “Ыйман” медалынын дагы бир бөлүгүнө ээ болдуңар.

Куттуктайбыз!!!

# 5 "Акыретке ишенүү" баскычы

وَالَّذِينَ يُؤْمِنُونَ بِمَا أُنْزِلَ إِلَيْكَ وَمَا أُنْزِلَ مِنْ قَبْلِكَ وَبِالْاٰخِرَةِ هُمْ يُوقِنُونَ

«Алар сага түшүрүлгөнгө да, сенден мурунку түшүрүлгөндөргө да, Акырет күнүнө да ишенишет.» (Бакара сүрөсү, 4-аят)

Кайрадан тирилүү менен башталып, түбөлүк улана турган жашоо «Акырет жашоосу» деп аталат. Бардык адамдардын өлгөндөн кийин кайра тирилүүсүнө жана андан кийин сооп же жазасын аларына ишенүү мусулман болуунун шарттарынын бири.

Алла Таала дүйнөнү биз, адамдар үчүн жараткан. Адамдарга да бул жашоодо өмүр берди. Бул өмүр адамдарга өзүн жакшы же жаман адам экенин көрсөтүү үчүн берилген. Адамдардын баарынын өмүрү аяктаганда бул дүйнө жашоосунун милдети да соңуна чыгат. Бул дүйнөнү жоктон бар кылып жараткан Алла Таала кыяматтын башталышы менен аны жок кылат. Ал күн келгенде Исрафил сурнай тартат жана кыямат башаталат. Исрафил кайрадан сурнай тартканда бардык адамдар акырет жашоосуна кайра төрөлүшөт, башкача айтканда кайра тирилишет.

Адамдар дүйнөдөгү бардык жакшы жана жаман иштеринин акысын алышат. Дүйнө жашоосунда зулумдук көргөндөр акыретте акыларын алышат. Аларга зулумдук кылган жана башкаларга зыян келтирген адамдар бейиш упайларын, башкача айтканда сооплорун зулум кылгандарына беришет. Зулумдук көргөндөр да алардан акыларын толук алышат. Кыямат – адилеттүү менен адилетсиздин, жакшы менен жамандын бири-биринен ажырай турган күнү. Жакшылык кылгандар көптөгөн сооптorго, белектерге ээ болушат, бейишке барышат. Жамандык кылгандар кылган иштеринин жазасын алуу үчүн тозокко барышат жана бейиштен куру калышат.

Пайгамбарыбыз мындай дейт:

«Кимде мусулман бир тууганынын намысы, абийири жана мал-мүлкүнүн акысы болсо, алтын-күмүш деген нерсе жок боло турган кыяматка чейин карызынан кутулсун. Карызынан кутулбаса, кыяматта сооპторунан алынып зулум көргөн кишиге берилет. Эгер сооптору болбосо, анда ал зулум көргөн кишинин күнөөсүнөн алынып, ага жүктөлөт». (Бухарий, Мазалим, 10)



## Силер билесиңерби?

Адамдардан башка макулуктар дүйнөдө кылган иштерине жооп бербейт. Бир гана адамдар жооп беришет. Анткени Алла Таала адамга гана жоопкерчиликти берген. Ар ким өзүнүн жоопкерчилигине жана акылына жараша жооп берет. Мисалы, дарыгерлердин милдети – оорулуулардын сакайып кетишине жардам берүү. Мугалимдин милдети – окуучуларга жакшы билим берүү. Дарыгердин ишинин эсеби мугалимден, мугалимдин ишинин эсеби дарыгерден суралбайт.

Мына ошондуктан, акыретке ишенген адам өтө этият болот. Ар бир кылган иши үчүн жооп берерин билет. Эч кимге адилетсиздик кылбайт, ар дайым жакшылык үчүн иштейт. Ыймандын бул шартын аткарган мусулманда баатыр инсан болуу үчүн зарыл болгон дагы бир өзгөчөлүк пайда болот.

# Азирети Ибрахимдин кызыгуусу

Азирети Ибрахим кайра тирилүүнүн кантип болоруна абдан кызыгат болчу. Күндөрдүн биринде Алладан: «Оо, Жараткан, өлгөндөрдү кантип тирилткениңди мага көрсөтөсүңбү?» - деп сурады. Алла Таала: «Ишенбей турасыңбы?» деди. Азирети Ибрахим: «Ишендим. Бирок кантип болору мага абдан кызык болуп жатат. Дагы да жакшыраак түшүнүү үчүн көргүм келип жатат» деди. Ошондо Алла Таала: “Канаттуулардан төрттү алып, алар өлгөндөн кийин эттерин аралаштырып, ар бир тоого алардын этинен бирден үзүм ташта. Андан кийин аларды чакыр. Алар сага дароо жетип келишет. Билгин: Чындыгында Алла – Мартабалуу, Даанышман» деп айтты. (Бакара сүрөсү, 260-аят)

Азирети Ибрахим төрт канаттууну кармап, аларды багып чоңойтту. Анан алар өлгөндөн кийин, Алла аткандай, ар бир мүчөсүн (канат, бут, баш) ар башка тоолорго койду. Анан аларды өзүнө чакырды. Алла ал мүчөлөрдү кайра бириктирип, канаттуулар Азирети Ибрахимге кайтып келишти. Ал аябай таң калды. Ошентип Азирети Ибрахим Алланын жаратышын жана кайра тирилтишин өз көзү менен көргөн.

Биз да төрөлөбүз, чоңоёбуз жана ошентип жашайбыз. Убагы келгенде бул дүйнөдөн кетебиз. Денебиз да топуракка айланат. Анан акыретте Алла Таала бизди кайра жаратканда дене мүчөлөрүбүз кайрадан биригет. Жогоруда айтылган канаттуулар сыяктуу биз да сүйүнүп Азирети Пайгамбарыбызды көздөй учабыз. Аны жакшы көрүп, жашоосун ал сыяктуу өткөргөндөр сүйүнүп чуркап, Пайгамбарыбыздын жанына чогулушат. Анткени акыретте бири-бирин чындап жакшы көргөн адамдар эч качан ажырашпайт, миңдеген жылдар бою түбөлүк бирге болушат. Кандай сонун!



## Оюн бурчу

# Акырет

Окуучуларга төмөнкү сөздөр жана алардын маанилери берилет.




**Өлүм:** Адамдын дүйнө жашоосунун бүтүшү.

**Кабыр:** Өлгөндөн кийин жата турган жер.

**Барзах:** Кабырдагы жашоо.

**Биринчи сур:** Исрафил периштенин биринчи жолу сурнай тартуусу жана кыяматтын башталышынын кабары.

**Кыямат:** Жер менен асмандын титиреп, ар бир жандуунун өлүмү.

**Экинчи сур:** Исрафилдин экинчи жолу сурнай тартуусу жана бүткүл адамзаттын кайра тирилүүсүнүн башталышы.

**Баъс:** Бардык адамдардын акырет жашоосуна кайра жаралышы, кайра тирилүүсү.

**Хашир:** Бардык адамдардын Алланын алдына чогулуусу.

**Амал дептери:** Дүйнөдө кылган жакшы-жаман амалдарыбыз, жакшылыктарыбыз жана күнөөлөрүбүз жазылган дептер.

**Эсеп:** Ар бир адамдын жакшы-жаман иштеринин сооп-жазасын алышы.

**Мийзан:** Жакшылык менен жамандыктын, сооп менен күнөөлөрдүн так өлчөнүп-тартылышы.

**Тозок:** Жаман иштери жана күнөөлөрү оор болгондор бара турган жери.

**Бейиш:** Жакшылыктары жана сооптору оор болгондор белек-бечкек жана сыйлыктар менен тосуп алына турган бейпилдик жана бакыт мекени.

Окуучулар эки топко бөлүнүшөт. Ар бир топ кичинекей карточкаларга же кагазга жогоруда берилген сөздөрдү жазат. Мугалим белги бергенде ар бир топ өзүнүн алдындагы карточкаларды аралаштырат. Акыретте боло турган окуяларды убакыт тартибине жараша биринчи туура тизмектеген топ жеңүүчү болот. Жеңүүчү топ кол чабуулар менен куттукталат.

# Кана, кеттик бейишке!

- Алла жиберген Куранды окуп, ага амал кылгандар,
- Пайгамбардан үлгү алып жашоого аракет кылгандар,
- Даарат алып, намаз окугандар,
- Ата-эненин сөзүн "уфф" дебестен уккандар,
- Жардамдашып, жакшылык кылганды сүйгөндөр,
- Карыларды жана оорулууларды зыярат кылгандар,
- Досторунун жүрөгүн оорутпагандар,
- Жылмайып, дайым чындык менен жашагандар,
- Жаныбарларга аяр мамиле кылгандар,
- Алар – бул дүйнөдө туруп бейиште жашагандар!

# СҮЙҮНЧҮ!!!

- Алла Таала бейишти биз үчүн жараткан.
- Ал аны ар кандай кооздуктар жана сонун-сонун белектер менен толтурган.
- Бардык адамдарды жакшы көрүп, аларды бактылуу кылсак, өзүбүз да бактылуу болобуз.
- Ошентип биздин дүйнөбүз кичинекей бейишке айланат.
- Жүрөгүбүз ырахатка толот.
- Алла биздин жакшы жана туура иштерибизге акыретте сыйлыктарды берет. Жакшы иштерибиз түбөлүктүү жана эч эскирбес белек болуп бейиште алдыбыздан тосуп чыгат.
- АКЫРЕТКЕ ИШЕНГЕН МУСУЛМАНДАР КАНДАЙ ГАНА БАКТЫЛУУ!

# АБАЙЛАГЫЛА!

- Тозоктун да бар экенин унутпайлы.
- Ал бул дүйнөдө кылган жаман иштерине өкүнгөндөрдүн бар турган жери.
- Кыйынчылыктар менен бактысыздык мекендеген жер.
- Алла Таала баарыбызды тозоктон сактасын.
- Жакшыны жана тууранны билип, ар дайым жакшы, туура иштерди кылгандардан бололу. ОМИЙИН!

# Мен түшүндүм

Жакшылап карап, ойлоп көрө турган болсок, көп нерселер акыретти эске салат. Аларды туура түшүнүп, жашообузга киргизсек, акыреттеги бейишибизди өзүбүз даярдайбыз. Ар бир кылган ишибиз гүлдүн уругу экенин жана ал акыретте өсүп-чоңоюп, түрдүү-түстүү болуп гүлдөй турганын билебиз.

**Өсүмдүктөр мындай дейт:** Жаздын келиши менен көптөгөн гүлдөр гүл ачып, өсүмдүктөр жашылданат. Айлана түстүү болуп, гүлдөрдүн аңкыган жыты ар тарапты каптап калат. Андан кийин мезгил алмашат, убакыттын өтүшү менен өсүмдүктөрдүн жалбырактары саргайып, куурап, гүлдөрү түшө баштайт. Анан бардык өсүмдүктөр соолуп, курган калганын көрөбүз. Анан убакыт өтүп, кайра жаз келет. Курган калган өсүмдүктөр кайрадан жашылдана баштайт. Курган гүлдөр кайрадан гүлдөй баштайт. Мурунку мезгилде өлүп, жок болуп кеткен өсүмдүктөрдүн баары кайра тирилип, бизге жылмая мындай дейт: «Эсиңерде болсун, кайрадан тирилүү бар! Карагылачы, бизди кайра көргөнүңө кандай сүйүнөсүң. Эгер биз айлана-чөйрөнү булгап, сени таарынта турган болсок, биздин кайра келгенибизге мынчалык сүйүнөт белең? Ошондуктан силер да биз сыяктуу чөйрөңөргө кубаныч тартуулагыла. Жүрүм-турумуңар менен айланаңарга ырахат тартуулагыла. Жакшы иштерди кылсаңар, анын мөмөсүн көрөсүңөр. Эсиңде болсун, бул дүйнө жашоосунан кийин, акыретте кайра тирилүү бар. Бул дүйнө жашоосунда эмне кылсаңар, акыретте алар менен жолугасыңар».

**Сынактар мага мындай дейт:** Мектептерде мугалимдер бизге билим беришет. Анан канчалык үйрөнгөнүбүздү билүү үчүн сынак кылышат. Сабактарыбызды кунт коюп угуп, жакшы окусак сынактар абдан оңой өтөт. Сынакта бардык суроолорго жооп беребиз. Эгерде жакшы окубасак, сабакка көңүл бурбасак, анда сынакта кыйналабыз да, туурабы? Төмөн баа алып, класста жакшы окуган окуучулардын катарына кире албай калабыз. Досторубуз алдыда, а биз артта калабыз да, анан капа болобуз. Досторубуз ийгиликтерге жеткенде, биз эч нерсе жок отуруп калабыз.

Мына, сынактар да бизге акыретти эстетет: Ар бир адам дүйнөдөгү сынакта ийгилигине жараша бейишке же тозокко барат. Бейиштеги эң жогорку даражаларга жетип, Пайгамбарыбызга кошуна болуу үчүн Алланын буйругун аткарып, адал эмгек кылуу керек. Ошондо Пайгамбарыбыз жана эң жакшы көргөн адамдарыбыз менен бейиште бирге боло алабыз. Бирок жакшылык кылбасак, адилеттүүлүк менен иштебесек, убадаларыбызды аткарбасак, бейиштен ажырап калышыбыз мүмкүн.

Анда абдан эле өкүнүп калышыңар толук мүмкүн.

# Кариъа сүрөсү

Акырет жана кыямат тууралуу баяндаган сүрө бар. Бул сүрө Кариъа сүрөсү.

Бул сүрөдө Алла Таала кыяматтын күтүлбөгөн коноктой капысынан келерин эскертет. Үйгө конок келгенде кандай даярдансак, кыяматты да дал ошондой күтүшүбүз керек дейт. Кыямат күнү жакшы жана туура жүрүм-туруму, башкача айтканда сооптору көп болгондор жыргал жашоого ээ болоорун кабарлайт. Жаман жана туура эмес кулк-мүнөздөрү, башкача айтканда күнөөлөрү көп болгондордун абдан кайгыга батып, жаман иштери үчүн жазага тартылаарын айтат.

بِسْمِ اللّٰهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيمِ

اَلْقَارِعَةُ (١) مَا الْقَارِعَةُ (٢) وَمَآ اَدْرٰيكَ مَا الْقَارِعَةُ (٣) يَوْمَ يَكُونُ النَّاسُ
كَالْفَرَاشِ الْمَبْثُوثِ (٤) وَتَكُونُ الْجِبَالُ كَالْعِهْنِ الْمَنْفُوشِ (٥) فَاَمَّا مَنْ
ثَقُلَتْ مَوَازِينُهُ (٦) فَهُوَ فٖى عٖيشَةٍ رَاضِيَةٍ (٧) وَاَمَّا مَنْ خَفَّتْ مَوَازٖينُهُ
(٨) فَاُمُّهُ هَاوِيَةٌ (٩) وَمَا اَدْرٰيكَ مَا هِيَهْ (١٠) نَارٌ حَامِيَةٌ (١١)

Мээримдүү, Ырайымдуу Алланын аты менен.

1. Жүрөктөрдү титиреткен коркунуч.
2. Жүрөктөрдү титиреткен коркунуч эмне?
3. Анын эмне экенин кайдан билесиң?
4. Ал адамдар чачырап, башаламан болгон көпөлөктөр сымал боло турган күн.
5. Ошондой эле тоолор тозуган жүн сымал болот.
6. Демек, ошол күнү кимдин таразасы оор болсо,
7. анда ал ыраазы боло турган жашоодо (болот).
8. Ал эми кимдин таразасы жеңил болсо,
9. анда анын бара турган жери жар болот.
10. Анын эмне экенин кайдан билет элең?!
11. Ал ысык от!



# ТАБЫШМАК

## Даярсыңарбы?

Мусулман адам бул дүйнөдөгү жашоосу менен өз дүйнөсүн бейишке айлантат. Ошентип, ал бул дүйнөдө бактылуу болсо, акырети бейиш болот. Төмөндө дүйнөбүздү да, акыретибизди да бейишке айландыра турган кыймыл-аракеттер бар. Ошол эле учурда дүйнөбүздүн тынчын алып, начарлаткан жана акыретибизди да жаман абалга алып келе турган кыймыл-аракеттер бар. Кана эмесе! Сенин милдетиң – кыямат күнү амал дептерибизге жазылган жүрүм-турумдарыбыз тартыла турган таразанын оң тарабын туура жана жакшы жүрүм-турум менен толтуруу, ал эми сол тарабын туура эмес жана жаман жүрүм-турум менен толтуруу. Туура жана жакшы жүрүм-турумду бейиш деген, туура эмес жана жаман жүрүм-турумду тозок деген табакка сал. Акыретте таразанын оң тарабы оор боло тургандардан болушуңа ишенем.

1. Намаз окуду.
2. Жылмайып жүрдү.
3. Досунун калемин уруксатсыз алды.
4. Атасына “Уфф” деди.
5. Орозо кармады.
6. Чаңкаган балапанга суу берди.
7. Батпай калган кийимдерин муктаж болгондорго берди.
8. Жашы улууларга жардам берди.
9. Тамакты бисмилла деп баштады.
10. Досунун көңүлүн оорутту.
11. Досунан кечирим сурады.
12. Оюн ойноп, инисин кубантты.
13. Атасына суу алып келип берди.
14. Апасын өптү.
15. Жерге таштанды таштады.
16. Зекет берди.
17. Бир досун оюнга кошпой койду.
18. Досторун капаланта турган тамаша кылды.



# АЗАМАТСЫҢАР!

Бул этапты да ийгиликтүү аяктадыңар. “Ыйман” медалынын дагы бир бөлүгүнө ээ болдуңар. Эми “Ыйман” медалын толук утуп алууга дагы бир кадам калды.

Куттуктайбыз!



# 6 "Тагдырга ыйман келтирүү" этабы

## Тагдырга ыйман келтирем, Аллага ишенем

Тагдыр – Алланын бүт нерсени билиши жана бардык жараткан нерселерине өлчөм белгилеши. Анын кабарысыз бир да жалбырак кыймылдабайт. Алла Таала башка макулуктар сыяктуу адамдарды да жаратып, бул дүйнөгө жөнөткөн жана ар бирине тагдыр жазган.

Алла Таала адамга акыл берген. Адамдар жакшы менен жаманды, пайда менен зыянды ажырата ала турган жөндөмгө ээ. Алар акылын жана жөндөмүн колдонуу менен эркин аракеттенишет. Ошентип тагдыр сынагында жакшы жана туура жүрүм-турум көрсөтөр-көрсөтпөсү белгилүү болот.

Алла адамдарды абдан сүйөт жана алардын жакшылыгын, жыргалчылыгын каалайт. Адам да Алла берген акылын, күчүн жана сезимдерин жакшы жолго колдонуусу керек. Эгер пенде жакшылыкка умтулса, Алла Таала ага дайыма жардам берет. Биз ар дайым; «Оо, Жараткан, баары сенин каалооң менен болот, мага жакшылык бер» деп дуба кылышыбыз керек.

Тагдырга ишенген адам башына бир жамандык же жакшылык келсе, анын Алладан экенин, Анын бардык нерсени эң жакшы билүүчү экенин жана дайыма өзүнө жакшылык каалары билет. Ошондуктан ар дайым сабыр кылып, Аллага баш калкалайт жана тобокел кылат.

Тагдырга ишенген мусулман туура эмес иш кылса, дароо тообо кылат. Алладан кечирим сурайт. Тообо кылганда күнөөнүн бардык киринен тазаланганын билет. Эч качан туура эмес иш кылбагандай таптаза болуп каларына ишенет.

Тагдырга ишенген мусулманды эч кандай кыйынчылык коркута албайт. Анткени мусулман эрки күчтүү, баатыр инсан. Чынында, баарыбыз өзгөчө тандалган жандуударбыз. Милдетибизди билип, Аллага ишенип, жакшы иштерди кылсак, чыныгы баатыр болобуз. Башкача айтканда, биз бул дүйнөдө да, акыретте да ийгиликке жеткендердин катарында болобуз. Мына ошондо адамдар менен периштелер бизди суктануу менен карашат.

Адамдар да, периштелер да суктанган баатыр болгуңар келеби? Кеттик, анда эмесе!

Оюн бурчу

# Жакшылыкты башта, Жамандыкты ташта.

Силер – тандалган өзгөчө адамдарсыңар! Бул оюндагы милдетиңер – туура жана жакшы жүрүм-турумду туура эмес жана жаман жүрүм-турумдан айырмалоо.

Бул үчүн алгач кичинекей кагаздарга туура жана жакшы жүрүм-турумдарды жазасыңар. Андан кийин жаман жана туура эмес жүрүм-турумдарды жазасыңар.

Эми эки жерге жүрөктүн сүрөтүн тартабыз. Андан кийин дагы эки таштанды челекти эки бурчка коёбуз. Кагаздарды аралаштырып, ортого коёбуз.

Андан кийин мугалим эки окуучуну тандап, ортого чыгарат. Алар мугалим “Баштагыла!” дегенде жердеги кагаздарды чогулта башташат. Туура жана жакшы жүрүм-турум жазылган кагаздарды жүрөккө, жаман жана жаман жүрүм-турум жазылган кагаздарды таштанды челекке топтошот.

Жүрөктүн үстүнө жана таштанды челекке эң туура кагаздарды чогулткан окуучу жеңүүчү болот.

Ооба, балдар, жашоодо ар нерсеге туш болушубуз мүмкүн. Жүрөгүбүзгө туура жана жакшы жүрүм-турумдарды чогултуп, туура эмес жүрүм-турумдарды жашообуздан чыгарсак, биз ар дайым жеңүүчү болобуз.



# Камералар тартып жатат

Алланын бизге жазган тагдыр жолунда кандай кыймыл-аракет кылганыбызды, эмне айтканыбызды тынымсыз тартып турган камералар бар. Муну Кираман катибин деп аталган периштелер ишке ашырышат. Алар биздин жакшы-жаман иш-аракеттерибизди жана сөздөрүбүздү ар бир көз ирмем сайын жазып турушат. Камераларга тартылгандардын баары кыямат күнү эч кандай ашык-кеми жок болуп экранда көрсөтүлөт. Кайсы жерде эмне иш кылган, эмне сөз айткан болсок, ошонун баары көз алдыбызга тартылат.

Пайгамбарыбыз айткан:

“Кыямат күнү адам төрт нерсе боюнча суралмайынча Алланын алдынан чыга албайт:

- Өмүрүн кандай өткөргөнү,
- Билгенин канчалык ишке ашырганы,
- Байлыгын кайдан таап, кайда короткону,
- Ден соолугун кайда начарлатканы.”

(Тирмизий, Кыямат, 1)



Алла Таала бизден өмүрүбүздү жакшы, сооптуу жана пайдалуу иштер менен өткөрүп-өткөрбөгүнүбүздү сурайт. Булар биздин алдыбызда ачылган экранда дароо көрсөтүлөт. Жадакалса, эч ким көрбөй, жашыруун жасалган иштер да ачыкка чыгат.

Убактыбызды жакшы, пайдалуу иштерге жумшасак, бейиш упайларыбыз, башкача айтканда сооп-сыйлыктарыбыз көбөйөт. Убактыбызды көп уктап же ар дайым оюн ойноо менен текке кетирсек, сыйлыктарыбыз аз болот. Ал эми бейишке жетүү үчүн көп сооп керек болот.



Денебиз бизге аманат. Алла Таала денебизди жакшы иштерди оңой кыла билүү үчүн берген. Ашыкча тамак жеп же аз тамак жеп, тишибизди жуубай, тырмак, чачыбызды тазалабай денебизге жакшылап кам көрбөсөк, аманатты да сактай албайбыз. Же мурдубузду, чачыбызды, колубузду жактырбасак, алардын кадырын билбеген болобуз. Бейиштин упайлары болгон жакшы иштерди жоготуп алабыз. Денебизди таза кармап, аны менен намаз окуп, илим үйрөнүп, пайдалуу иштерди кылсак, көптөгөн бейиш упайларына ээ болобуз. Ал эми тилибиз менен жалган сөздөрдү айтсак, колубуз менен башкалардын бир нерсесин уруксатсыз алсак, бутубуз менен зыяндуу жерлерге басып барсак, бейиштен алыстаган болобуз. Алла сактасын! Ал бизге бул денени бейишке ээ болушубуз үчүн берген.

Андан сырткары акчаны кайдан таап, тапканыбызды кайда жумшаганыбыздын эсеп-кысабын беребиз. Башка бирөөгө таандык болгон нерсеге ээ болуп алган жокпузбу? Эмгек менен таптыкпы? Мунун баары каралат. Бирөөнүн акысын тартып алсак, аларга бейиштеги упайларыбыздан берилет. Өзүбүздүн аракетибиз, эмгегибиз менен тапкан болсок, бейиштеги упайларыбыз көбөйөт. Андан кийин тапкан акчаларыбызды жакшы же жамандыкта колдонгонубуз каралат. Аны ысырап кылбай, жакшылыкка жумшасак, муктаж болгондор менен бөлүшсөк, акырет жашоосунда бай болобуз. Бейиште биз ойлогондон да көп белектерге ээ болобуз. Кандай сонун!

Ал эми ысырап кылгандар, сараңдык кылып акчасын эч ким менен бөлүшпөгөндөр бейиштеги белектерден куру калышат. Кандай жаман...

# Залзала сүрөсү

Куранда Залзала деген сүрө бар. Бул сүрөдө Алла Таала кыямат күнүн эскертет. Ал күнү эмнелер болорун айтат. Кыяматтан кийин адамдар кайра тирилишет. Ар бир адамдын кыпындай жакшылыгы да, кыпындай жамандыгы да белгилүү болот. Эч нерсе жашырылбайт жана баары жасаган иштери үчүн жооп берет. Мына ушунун баарын түшүндүргөн Залзала сүрөсү төмөндө:

بِسْمِ اللّٰهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيمِ

إِذَا زُلْزِلَتِ الْأَرْضُ زِلْزَالَهَا (١) وَأَخْرَجَتِ الْأَرْضُ أَثْقَالَهَا (٢) وَقَالَ
الْإِنْسَانُ مَا لَهَا (٣) يَوْمَئِذٍ تُحَدِّثُ أَخْبَارَهَا (٤) بِأَنَّ رَبَّكَ أَوْحٰى لَهَا (٥)
يَوْمَئِذٍ يَصْدُرُ النَّاسُ أَشْتَاتًا لِيُرَوْا أَعْمَالَهُمْ (٦) فَمَنْ يَعْمَلْ مِثْقَالَ ذَرَّةٍ
خَيْرًا يَرَهُ (٧) وَمَنْ يَعْمَلْ مِثْقَالَ ذَرَّةٍ شَرًّا يَرَهُ (٨)

**Мээримдүү, Ырайымдуу Алланын аты менен**

1. Жер силкинип титиреген кезде,
2. Жер өз ичине камтыган (дүнүйө-мүлк жана өлүктөрдү) сыртка чыгарып салган кезде,
3. «Буга эмне болду?» – деп инсан айткан кезде,
4. Дал ошол Күнү Жер (өзүнүн үстүндө эмне окуйалар болгонун) кабар берип сүйлөйт.
5. Анткени бул сенин Эгеңдин ага берген буйругу.
6. Мына ошол Күнү адамдар өздөрүнүн амалдары көргөзүлүп, топ-топ болуп чыга келишет.
7. Демек, кимде-ким кыпындай жакшы иш кылган болсо аны көрөт,
8. Кимде-ким кыпындай жаман иш кылган болсо аны да көрөт.



# Аллага тобокел кылуу

Аллага ишенген жана тобокел кылгандар ар дайым утушка ээ болот. Албетте, Алла Ага ишенген жана тобокел кылгандарга жана Андан жардам сурагандарга жардам берет. Анткени Ал ар дайым биздин жыргалчылыгыбызды жана бакытыбызды каалайт. Алла биз үчүн бейишти жаратып, ага баарыбызды чакырат. Демек, биздин милдетибиз – Аллага ишенүү, тобокел кылуу жана жакшы ибадат кылуу: намаз окуу, орозо кармоо, Куран окуу жана жакшы адеп-ахлак менен бейишке татыктуу болууга аракет кылуу.

Бейишке кирүү кандай сонун!



# ТАБЫШМАК

Эми силердин милдетиңер – эгерде төмөндөгү ой же жүрүм-турум туура болсо жашыл жебе менен, ал эми туура эмес болсо кызыл жебе менен жүрүү. Ошентип, алдыңардан чыккан ар бир жүрүм-турумду тандап алдыга карай жыла бересиңер. Кана, ким кайсы тамгага барат экен. Эгер аягына чейин туура иш-аракеттерди таап жетсеңер, анда өз эркиңерди туура колдонуп, "Ыйман" медалынын акыркы бөлүгүн да утуп аласыңар. Ошентип, силер “Ыйман” медалынын бардык бөлүктөрүнө ээ болосуңар. Анда, силерге ийгилик!





**Эгер “И” тамгасына жеткен болсоңор, анда “Ыйман” медалына ээ болдуңар. Эми, утуп алган бул медалды кантип коргоону үйрөнүүгө даярсыңарбы? Анда эмесе, ибадаттарыбызды үйрөнө баштайлы!**



# Ибадат

Утуп алган “Ыйман” медалыңарды коргоого даярсыңарбы? Албетте, бир нерсени жеңип алуу эмгекти талап кылат. Ал эми аны коргоо аракетке көз каранды. Эми “Ыйман” медалыбызды коргой турган учур келди. Ибадаттар биздин эрдигибизди коргой турган калканыбыз. Ооба, ибадат кылуу менен биз айланабызды бардык жамандыктардан коргой турган калкан жана соот жасаган болобуз. Ошентип, биз дагы күчүбүзгө күч кошобуз. Кантип? Бул үчүн 5 этаптан өтүшүңөр керек. Ар бир этап силерди күчтүү кылат жана зыяндуу нерселерден жана коркунучтардан коргойт. Эми биринчи калканыбызды колго алып, соотубузду кийүүгө убакыт жетти.



# 1 Шахадат келмеси

Шахадат келмеси менен мусулман экенимди жар салам.

Шахадат келмесин айтканыбызда биринчи калканыбыз пайда болот.

Шахадат келмесин айткан адам «мусулман» болот.



ВШахадат келмесин айтуу менен туура эмес нерселерден өзүбүздү алыстатабыз.

Мусулман болгон адам бүт нерсенин ээси болгон Алланын бар экенине анык ишенгенин айткан болот.

Ошондой эле Пайгамбарыбыз Азирети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) экенин жана анын биз сыяктуу Алланын пендеси экенин айткан болот. Пайгамбарыбыз үйрөткөндөй жашоо менен жакшылыкка, тууралыкка умтулганын, баарына адилеттүү мамиле кыла турганын жар салган болот.

Алланы сүйүү жана Ага таянуу, Алла коргой турган адам болуу кандай сонун. Андыктан шахадат келмесин чогуу айталы.

أَشْهَدُ أَنْ لَا إِلَهَ إِلَّا اللّٰهُ وَأَشْهَدُ أَنَّ مُحَمَّدًا عَبْدُهُ وَرَسُولُهُ

«Ашхаду ан лаа илааха иллаллах ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва расулуху».

**Мааниси;** Алладан башка кудай жок экенине ишенем жана күбөлүк берем. Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) Алланын пендеси жана элчиси экендигине ишенем жана күбөлүк берем.



# Азирети Умардын шахадат келмесин айтканы

Азирети Умар мусулман болгонго чейин андан баары абдан коркушчу. Анткени ал абдан күчтүү болчу жана ачуусу келгенде адамдарды уруп-согуп, аларга зыян берчү. Пайгамбарыбыз ата-бабаларынын дининен башка динди алып келгенин угуп, аябай ачууланды. Аны өлтүрүүнү чечти да, дароо жолго түштү. Аны жолдо көргөндөр: «Сен алгач өзүңдүн карындашыңа карасаңчы, ал да динин өзгөртүп, мусулман болду го» дешет. Муну уккан Умар дароо жолун өзгөртүп, карындашынын үйүнө жөнөдү. Ал учурда карындашы менен күйөө баласы үнүн чыгарып Куран окуп жаткан.



Азирети Умар Куранды укканда «Кандай сонун сөздөр» деп уга баштайт. Ал Курандан абдан таасирленип, уккандарына таң калып отуруп калат. Бирок, аны жакшылап угуп отуруп эле, капысынан эле ачуусу кайра келе калып: «Ата-бабаларыбыздын динине каршы чыгуу мүмкүн эмес, мен аларга бул жаңы динге кирүүгө уруксат бере албайм!» – деп үйгө шашып кирип барды. Карындашы менен күйөө баласына жини келип, кыйкырып, жадакалса аларга кол көтөрдү. Алар эч кандай жаман иш жасабаганын айтышып:

«Мына, биз ишенген диндин китеби. Кааласаң сен да окусаң болот”, - дешти. Азирети Умар Куранды окуп жатып бул китептин абдан башкача жана абдан кооз экенин көрдү. Ал дароо Пайгамбарга барууга жолго чыкты. Анын келгенин көргөн мусулмандар абдан коркуп кетишти. «Пайгамбарыбызга жамандык кылбаса экен! Аны үйгө киргизбей эле койсок окшойт?» деп ойлошту. Бирок Пайгамбарыбыз анын жанына келишине уруксат берди.

Азирети Умар үйгө кирип дароо тизелеп отурду. «Мага Алла жөнүндө айтып бер, Куранды түшүндүрүп бер» деди. Анткени ал уккан аяттар ушунчалык таасирдүү болгондуктан, уккан сайын уккусу келип жаткан. Ошондуктан «Куран ушунчалык кооз китеп экен, аны эч бир адам жаза албайт. Бул Алладан гана келген китеп!» деди. Ал дароо эле ыйман келтиргиси келди. Ошондо Пайгамбарыбыз ага шахадат келмесин үйрөттү. Азирети Умар: «Ашхаду ан лаа илааха иллаллах ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва расулуху» деп айтып мусулман болду. Ошол күндөн кийин баары өзгөрө баштады.

Азирети Умар Пайгамбарыбыздын сөздөрүн угуп, Куран окуган сайын, ачууга алдыруунун туура эмес экенин түшүндү. Намаз окуп, орозо кармап, зекет жана садага бере

баштады. Күн өткөн сайын бул ибадаттар жана жүрүм-турумдар анын жашоосун өзгөртүп, мусулманчылыгын кооздоп жатты. Оюна жаман бир пикир келсе, аны бат эле оюнан чыгарып сала турган болду. Жаман адамдар ага жакындай алышпай калды. Ал айткан жана ыйман келтирген шахадат келмеси жана кылган ибадаттары аны калкан сыяктуу коргоп турду.

Шахадат келмесин үйрөнүп, мусулман болгондон кийин ачуусу чукул Умар кетип, анын ордуна мээримдүү, түшүнүктүү, боорукер адам пайда болду. Аны баары абдан жакшы көрө баштады.

Азирети Умар Пайгамбарыбыз каза болгондон кийин халифа, башкача айтканда мамлекет башчысы болгон. Курандан жана Пайгамбардан үйрөнгөн нерселери менен адамдарды адилеттүү башкарган. Ал мамлекетти башкарып турганда дээрлик эч ким кылмыш жасаган эмес. Баары аны жакшы көрүшөт эле. Бир гана жаман ниеттеги адамдар жана шайтан сыяктуу ар дайым жаман ойлогондор андан коркуп, анын алдында титиреп калышат эле.



## Оюн бурчу

# Ыйманымды бекемдейм

Мугалим окуучуларды бакчага алып чыгат. Окуучуларга “Баарыңар бирден чырпык таап келгиле” деп айтат. Чырпык тапкан окуучу шахадат келмесин айтып мугалимдин жанына келет.

Окуучулардын баары чырпык таап бүткөндөн кийин мугалим да колуна бир чырпык алып: “Мына, эми баарыбыздын ыйманыбыз бар. Бирок азырынча бир аз алсыз. Ийе турган болсок, анда оңой эле сынып кетет. Ошондуктан, келгиле, ыйманыбызды бекемдөөгө аракет кылалы" дейт.

Андан кийин мугалим “Намаз” деп айтканда окуучулар оң тараптан, “Орозо” деп айтканда сол тараптан, “Зекет” дегенде алды жактан, “Ажылык” дегенде арт жактан, “Адеп-ахлак” дегенде өздөрү каалаган жактан дагы бирден чырпык издеп табышат.

Ар чырпыкты тапкан сайын окуучулар дагы шахадат келмесин айтып, аларды ар ким өз-өзүнчө бир жерге топтошот.

Баары чырпык таап бүткөндөн кийин мугалим мындай дейт: 2Эми баарыңар чогулткан чырпыктарды колуңа алгыла. Баарын чогуу сындырууга аракет кылып көргүлө. Оңой сынат бекен? Жок, оңой эмес, туурабы?” деп сурайт жана сөзүн улантат: «Биздин ыйманыбыз шахадат келмесин айтуу менен пайда болот, бул чырпык сыяктуу ибадат жана жакшы адеп-ахлак менен күчтөнүп, бекемделет. Көптөгөн чырпыктардын биригиши менен ал ушунчалык бекем болуп, аны эч ким же эч нерсе сындыра албайт. Шайтан жана шайтан сыяктуу жаман адамдар ыйманыбызга зыян келтире албайт.”



Баарыңарды куттуктайбыз. Эми силерде бекем ыйман бар. Ошондой эле аны кантип коргоону үйрөндүңөр.

# Дуба

**Аттахият дубасы эсиңердеби?**

Бул дуба Алланын улуу белеги катары Азирети Пайгамбарыбыздын Исра түнүндө Миражга, башкача айтканда биз билбеген жогорку ааламдарга барганда болгон окуялардан кабар берет. Бул окуя мушриктер мусулмандарды куугунтуктап, аларды азапка салып жаткан мезгилде болгон.

Исра түнүндө Пайгамбарыбыз Миражга көтөрүлүп жатканда башка пайгамбарлар жана периштелер ага салам беришип, аны кубануу менен тосуп алышкан.

Пайгамбарыбыз Алланын алдына келгенде абдан толкунданып:

اَلتَّحِيَّاتُ لِلّٰهِ وَالصَّلَوَاتُ وَالطَّيِّبَاتُ



**“Эң сонун саламдар, дубалар жана жакшылыктардын баары Аллага таандык”** деп салам берди.

**Алла Таала:**

اَلسَّلاَمُ عَلَيْكَ اَيُّهَا النَّبِىُّ وَرَحْمَةُ اللّٰهِ وَبَرَكَاتُهُ

“Алланын саламы, мээрими жана берекеси сага болсун, оо, Пайгамбар!” деп тосуп алды.

Пайгамбарыбыз үммөтүн да унутпай дароо мындай деп айтты:

اَلسَّلاَمُ عَلَيْنَا وَعَلَى عِبَادِ اللّٰهِ الصَّالِحِينَ

«Бизге жана Аллага татыктуу ибадат кылган бардык мусулмандарга салам болсун». Ошентип ал бизди да дубага кошту. Бул дуба периштелерге да абдан жакты. Алар кубанышып, дароо шахадат келмесин айта баштшты:

أَشْهَدُ أَنْ لَا إِلَهَ إِلَّا اللّٰهُ وَأَشْهَدُ أَنَّ مُحَمَّدًا عَبْدُهُ وَرَسُولُهُ

«Алладан башка кудай жок экенине ыйман келтиребиз жана күбөлүк беребиз. Мухаммед (саллаллаху алейхи ва саллам) Алланын пендеси жана элчиси экендигине ишенебиз жана күбөлүк беребиз». Бул сөздөр менен бүт аалам жаңырды.

Бул дуба мусулмандардын күчүнө күч кошту. Алар шахадат келмесин мурункуга караганда дагы да бийик үн менен айта баштшты. Кыйын күндөрдө жана оор учурларда да шахадат келмесинен кайтышкан жок. Акырында да мусулмандар жеңишке ээ болушту.

# Шахадат келмеси дарагы




Куранда Алла Таала шахадат келмеси дарагы жөнүндө мындай дейт:

«Алла жакшы сөздү (шахадат келмесин) бекем тамырдуу, бутагы көктү тирепөскөн, мыктыдараккасалыштырып мисал кылганын көрдүңбү? Ал (дарак) Эгесинин буйругу менен бардык убактарда мөмө берет. Насаат алуулары үчүн Алла адамдарга мына ушундай мисалды келтирет. Ал эми жаман сөз – тамырлары жерден ажыраган жаман дарак сыяктуу» (Ибрахим сүрөсү, 24-26-аяттар).

Биз шахадат келмесин айтканда бутактары асманга чейин жеткен чоң бир дарак пайда болот. Намазды калтырбай окусак бул дарактын сөңгөгү бекемделет. Орозо кармап, зекет берип, ажылыкка барсак, анын бутактары асманды көздөй өсө берет. Биздин туура сөзүбүз, жакшы жана сооптуу иш-аракеттерибиз менен дарагыбыздын жалбырактары жашылданып, мөмөлөрү да мол болот.

Шахадат келмеси менен ыйман дарагы пайда болот. Анын тамыры – ыймандын шарттары. Ибадаттарыбыз жана жакшы адеп-ахлагыбыз – бул дарактын көк тиреген бутактары жана берекелүү мөмөлөрү.

Шахадат келмесин айтуу менен пайда болгон калканыбыз бизди коргой аларын баарыбыз билип алдык.

Эми ал калканды коргоо жана бекемдөө зарыл.

Ал үчүн силер төмөндөгү табышмакты табышыңар керек.

# ТАБЫШМАК




Сүрөттөгү бала өзүнө ыйман дарагын тиккиси келип жатат. Аны отургузуу үчүн шахадат келмеси керек. Ал эми  шахадат келмесинин сөздөрү табиятта катылган. Аларды ирээти менен таап, кайда экенин айта аласыңарбы? Ошентип бул баланын шахадат келмесин туура айтуусуна жардам берген болосуңар.

Кана, баштадык анда!

| | Кайда | Кайсы сөз |
|---|---|---|
| 1 | Көк чөптө | Ашхаду |
| 2 | Дарактын сөңгөгүндө | |
| 3 | | |
| 4 | | |
| 5 | | |
| 6 | | |

# АЗАМАТСЫҢАР!

Шахадат келмесин туура
тартипте таптыңар жана
биринчи калканга
ийгиликтүү ээ болдуңар.
Эми намаз калканын
алууга кезек келди.
Ага да жетериңерге
толук ишенебиз.
Силерге
ийгилик!



# Намаз



## Намаз калканым менен бактылуумун жана кубанычтамын!

Алла Таала мындай дейт: «Үй-бүлөңдү намазга буйруп, ага  сабыр кыл. Биз сенден ырыскы сурабайбыз. Сага Биз ырыскы беребиз. Жакшы акыбет – такыбаларга». (Таха сүрөсү, 132-аят).

Пайгамбарыбыз мындай деген: «Эгерде тытылып, отко күйсөң да Аллага эч нерсени шерик кылбагыла! Намазыңдын эч бирин калтырба. Ким намазды атайылап таштаса, ал Алланын коргоосунан алыс болот...» (Ибни Маажа, Фитан, 23)



## Ооба, намаз бизди коргойт

1 Күн чыга электе туруп, Алла Тааланы ыраазы кылуу үчүн багымдат намазын окуйбуз. Таза аба менен бирге денебизде жакшы энергия пайда болот. Ошентип ойлонуубуз да тез болот да, тууранын да тез таба алабыз. Сабактарды тез жана оңой аткарып, ойногондо да чарчабайбыз.

2 Күн ортосунда Алла Таалага жакын болуу үчүн бешим намазын окуйбуз. Ысыктан, жумуштан, сабактан чарчаганда даарат алып, намазга барып эс алабыз. Иштеп, ойноп жүрүп короткон энергиябызды намаз окуганда кайра чогултабыз. Жаңы күч менен сабактарыбызды окууну, иштерибизди аткарууну улантабыз.

3 Алла Таалага шүгүр кылуу үчүн күн батканга чейин асыр намазын окуйбуз. Чарчообуз өтүп, денебиз жай алат. Алла жардамын көбөйтөт жана ишибизди сабырдуулук менен бүтүрүүгө күч берет. Ошентип, досторубуз менен жаман сөздөн, туура эмес жүрүм-турумдан алыс болуп жакшы оюндарды ойной алабыз.

4 Күн батканда Алла Тааланын ыраазычылыгына ээ болуу үчүн шам намазын окуйбуз. Жүрөгүбүз тынчтыкка толуп, үй тапшырмабызды аткарууга жана ата-энебизге жардам берүүгө күч алабыз.

5 Уктай турган убак келгенде куптан намазын окуйбуз. Түндүн караңгылыгы намаздын нуру менен жарыктанат. Ошол күнү кылгандарыбызды ойлонуп, туура иштерибизге, Алланын бизге берген жакшылыктарына шүгүр кылабыз. Куптан намазын окугандан кийин даарат менен уктасак таң атканча намаз окугандай болобуз. Бейиш упайлары болгон соопторубуз уктап жатканда да көбөйөт. Ошентип багымдат намазына оңой эле ойгонуп кетебиз.

Билесиңерби? Намаз – денебиз жана жүрөгүбүз менен кылына турган ибадат. Намаз окуу менен биз жүрөгүбүздү Аллага бурабыз, ошол эле учурда бир күндө жасашыбыз керек болгон дене көнүгүүлөрүн да жасаган болобуз. Намаз бир жагынан жүрөгүбүздү чыңдаса, экинчи жагынан моюн, бел, кол, бут ж.б. мүчөлөрүбүздү, булчуңдарыбызды бекемдейт.

Көрдүңөрбү? Намаз калканынын кандай гана пайдалары бар!

Намаздын бар экени кандай сонун! Мен намаз окуганды жакшы көрөм!!!



# Мына намаз калканынын картасы

Бул карта менен силер окуй турган намаз убакыттарын жана ирекеттерин оңой биле аласыңар. Ар бир намаздын калканы силерди курчап, күчүңүргө күч катат, жамандыктардан коргойт. Пайгамбарыбыз достору менен сүйлөшүп отурганда:

"Эгер эшигиңердин алдынан дарыя агып турса жана ага күндө беш жолу жуунсаңар, денеңерде кир калабы?

Достору:

"Жок, кир калбайт" деп жооп беришти. Пайгамбарыбыз:

«Беш убак намаз да дал ушундай. Суу кирди жуугандай, беш убак намаз да күнөөлөрдү кетирет». (Бухарий, Мавакит, 6)

Кандай сонун! Намаз бизди жамандыктан арылтат, кирлерден тазалайт жана бизди күчтөндүрөт!




Багымдат намазы:
2 ирекет сүннөт
2 ирекет парз
Бешим намазы:
4 ирекет сүннөт
4 ирекет парз
2 ирекет сүннөт
Асыр намазы:
4 ирекет сүннөт
4 ирекет парз
Шам намазы:
3 ирекет сүннөт
2 ирекет парз
Куптан намазы:
4 ирекет сүннөт
4 ирекет парз
2 ирекет сүннөт
3 ирекет витр

## Намаз компасы

Бул компасты кылдаттык менен ээрчисеңер, намаздарды туура окуй аласыңар. Ошентип, коргоо калканыңар силерди толук курчап алат. Эсиңерде болсун, ар бир намаз дайыма силерди тазалайт. Туура эмес жана жаман иштерден сактайт. Кана кеттик! Алла кабыл кылсын!

| | 1-ирекет | 2-ирекет | 3-ирекет | 4-ирекет |
|---|---|---|---|---|
| 2 ирекет намаздын окулушу | Ниет кылабыз.<br>“Аллаху акбар” деп такбир айтабыз.<br><br>Субхаанака дубасын окуп, аъуузу-бисмилла айтып, Фатиха сүрөсүн жана кошумча сүрө окуйбуз.<br>“Аллаху акбар” деп такбир айтып рукуга ийилебиз жана 3 жолу “Субхаана раббиял-азийм” деп айтабыз.<br>“СамиъАллаху лиман хамидах” деп айтып, рукудан турабыз жана “Раббанаа лакал-хамд” деп айтабыз.<br>“Аллаху акбар” деп такбир айтып саждага жыгылабыз жана 3 жолу “Субхаана раббиял-аълаа” деп айтабыз.<br>“Аллаху акбар” деп такбир айтып башыбызды жерден көтөрүп бир азга отурабыз.<br>“Аллаху акбар” деп такбир айтып дагы саждага жыгылабыз жана 3 жолу “Субхаана раббиял-аълаа” деп айтабыз.<br>“Аллаху акбар” деп такбир айтып башыбызды жерден көтөрүп өйдө турабыз. | Бисмилланы айтып, Фатиха сүрөсүн жана кошумча сүрө окуйбуз.<br><br>“Аллаху акбар” деп такбир айтып рукуга ийилебиз жана 3 жолу “Субхаана раббиял-азийм” деп айтабыз.<br>“СамиъАллаху лиман хамидах” деп айтып, рукудан турабыз жана “Раббанаа лакал-хамд” деп айтабыз.<br>“Аллаху акбар” деп такбир айтып саждага жыгылабыз жана 3 жолу “Субхаана раббиял-аълаа” деп айтабыз.<br>“Аллаху акбар” деп такбир айтып башыбызды жерден көтөрүп бир азга отурабыз.<br>“Аллаху акбар” деп такбир айтып дагы саждага жыгылабыз жана 3 жолу “Субхаана раббиял-аълаа” деп айтабыз.<br>“Аллаху акбар” деп такбир айтып башыбызды жерден көтөрүп отурабыз.<br>Отурганда “Аттахият”, “Салли-Баарик”, “Раббанаа аатинаа” дубаларын окуйбуз.<br>“ас-Салааму алейкум ва рахматуллах” деп айтып, оңго-солго салам беребиз. | | |
| 3 ирекет намаздын окулушу | 2 ирекет намаздын 1-ирекетин окугандай эле окуйбуз.<br> | 2 ирекет намаздын 2-ирекетин окугандай эле окуйбуз.<br>Бирок отурганда “Аттахият” дубасын гана окуп, “Аллаху акбар” деп айтып 3-ирекетке турабыз.<br> | Бисмилланы айтып, Фатиха сүрөсүн окуйбуз.<br>“Аллаху акбар” деп такбир айтып рукуга ийилебиз жана 3 жолу “Субхаана раббиял-азийм” деп айтабыз.<br>“СамиъАллаху лиман хамидах” деп айтып, рукудан турабыз жана “Раббанаа лакал-хамд” деп айтабыз.<br>“Аллаху акбар” деп такбир айтып саждага жыгылабыз жана 3 жолу “Субхаана раббиял-аълаа” деп айтабыз.<br>“Аллаху акбар” деп такбир айтып башыбызды жерден көтөрүп бир азга отурабыз.<br>“Аллаху акбар” деп такбир айтып дагы саждага жыгылабыз жана 3 жолу “Субхаана раббиял-аълаа” деп айтабыз.<br>“Аллаху акбар” деп такбир айтып башыбызды жерден көтөрүп отурабыз.<br>Отурганда “Аттахият”, “Салли-Баарик”, “Раббанаа аатинаа” дубаларын окуйбуз.<br>“ас-Салааму алейкум ва рахматуллах” деп айтып, оңго-солго салам беребиз. | |

| | 1-ирекет | 2-ирекет | 3-ирекет | 4-ирекет |
|---|---|---|---|---|
| 4 ирекет парз намаздын окулушу | Ниет кылып, “Аллаху акбар” деп такбир айтып, 3 ирекет намаздын 1-ирекетиндей окуйбуз. | 3 ирекет намаздын 2-ирекетиндей улантабыз.  | 3 ирекет намаздын 3-ирекетиндей окуй беребиз. Фатихадан кийин кошумча сүрө окубайбыз. | Мурунку ирекеттегидей окуйбуз. Отургандан кийин “Аттахият”, “Салли-Баарик”, “Раббанаа аатинаа” дубаларын окуйбуз. “ас-Салааму алейкум ва рахматуллах” деп айтып, оңго-солго салам беребиз. |
| 4 ирекет сүннөт намаздын окулушу | Ниет кылып, “Аллаху акбар” деп такбир айтып, 2 ирекет намаздын 1-ирекетиндей окуйбуз. | 2 ирекет намаздын 2-ирекетин окугандай эле окуйбуз. Бирок отурганда “Аттахият” дубасын гана окуп, “Аллаху акбар” деп айтып 3-ирекетке турабыз. | 2 ирекет намаздын 1-ирекетин окугандай эле окуйбуз. Фатихадан кийин кошумча сүрө окуйбуз.  | 2 ирекет намаздын 2-ирекетин окугандай эле окуп намазды бүтүрөбүз.  |

# Бейиште Пайгамбарыбыз менен чогуу болуунун жолу

Пайгамбарды жанынан да жакшы көргөн жана ага кызмат кылып жүргөнүнө абдан сүйүнгөн Рабия (Аллах андан ыраазы болсун) ошол түнү да Алланын Элчисин күтүп жатты. Багымдат намазына мечитке келерин билип, даарат алганга суу, сүлгү, мисвак, жайнамаз камдап койду. Акыры эшиктен Алланын Элчиси көрүндү, Рабияны көрүп жылмайып саламдашты.

Баары Рабия күткөндөй эле болду. Мына, эң тынч жана бейпил түн! Рабия суу куюп жатты, Азирети Пайгамбар ал куйган суу менен даарат алып жатты. Бул Рабия үчүн эч унутулбай турган көз ирмем болду. Жүрөгү ушунчалык толкунданып жатса да, сууну төкпөй-чачпай акырын гана куюп жатты. Даарат алып бүткөн соң сүлгүнү Пайгамбарга сунду.

Бир маалда Алланын Элчиси менен көзмө-көз келип калды. Ал уялып, башын ийди. Алланын Элчиси:

– Рабия! Кызматыңдын акысына менден эмне сурайсың? – деди. Рабия үчүн бул жашоодогу эң чоң мүмкүнчүлүк болду.

– Бейиште сиз менен чогуу болгум келет! – деди. Алланын Элчиси:

– Сен дүнүйөлүк нерсени каалабайсыңбы?

– Бейиште сиз менен чогуу болгум келет! – деди кайра. Бул чынында эле өтө чоң өтүнүч болчу. Рабия бейиштеги эң жогорку даража болгон «Макамы Махмудда» Алланын сүйүктүү Пайгамбары менен чогуу болгусу келген. Азирети Пайгамбар ага:

– Менден абдан чоң нерсени сурадың! Башка нерсени каалабайсыңбы? – деп сурады. Рабия:

– Кечириңиз! Мен жөн гана бейиште сиз менен чогуу болгум келет! – деп дагы айтты. Алланын Элчиси:

– Рабия! Анда көп-көп намаз окуп, көп-көп сажда кылып мага жардам бер! - деди.

Ошол күндөн баштап Рабия дайыма намазды калтырбай окуп жүрдү. Көп-көп намаз окуду. Рабия өзү эңсеген бейиштин ачкычын тапкан эле. Ачкычты ушунчалык бекем кармагандыктан, көз жумаарда да коё бербей койду!

(Муслим, Салаат, 226-хадистен аңгемелештирилген)



# Дуба

Бакара сүрөсүнүн алгачкы 5 аяты каарман мусулмандын өзгөчөлүктөрүн баяндайт. Мусулмандардын Куранга баш ийип жашаганын мына ушул аяттарды окуганда түшүнөбүз.

## Мына, «Алиф Лам Мим» менен башталган аяттар:

الٓمٓ ﴿١﴾ ذٰلِكَ الْكِتَابُ لَا رَيْبَ فِيهِ هُدًى لِلْمُتَّقِينَ ﴿٢﴾ اَلَّذِينَ
يُؤْمِنُونَ بِالْغَيْبِ وَيُقِيمُونَ الصَّلٰوةَ وَمِمَّا رَزَقْنَاهُمْ يُنْفِقُونَ ﴿٣﴾ وَالَّذِينَ
يُؤْمِنُونَ بِمَٓا اُنْزِلَ اِلَيْكَ وَمَٓا اُنْزِلَ مِنْ قَبْلِكَ وَبِالْاٰخِرَةِ هُمْ يُوقِنُونَ
﴿٤﴾ اُو۬لٰٓئِكَ عَلٰى هُدًى مِنْ رَبِّهِمْ وَاُو۬لٰٓئِكَ هُمُ الْمُفْلِحُونَ ﴿٥﴾

1. Алиф, лам, мим.
2. Бул эч шексиз китеп. Ал такыбалар үчүн туура жолду көргөзүүчү.
3. Алар кайыпка ишенишет, намаз окушат жана Биз аларга берген ырыскылардан сарп кылышат.
4. Алар сага түшүрүлгөнгө да, сенден мурунку түшүрүлгөндөргө да, Акырет күнүнө да ишенишет.
5. Алар өздөрүнүн Эгесинин туура жолунда. Дал ошолор ийгиликке жетүүчүлөр!

**Оюн бурчу**

# Намаздын парздары

Намаздын парздары эсиңердеби? Эми жерге досторубуз менен чогуу бата турган чоң тегерек чийебиз. Мугалим же арабыздан бирөө намаздын парздарынын бирин айтат. Намаздын ичиндеги парзды айтса, тегерекке киребиз. Сыртындагы парзды айтса, андан чыгабыз. Албетте, ордубузга жайгашарыбыз менен дароо ал парзды кыймыл-аракетибиз аркылуу түшүндүрүп беребиз.





Мисалы, «Нажасаттан тазалануу» дегенде, дароо тегеректен чыгып, айланабызды тазалагандай иш кылабыз.

Руку дегенде айланага кирип, рукуга эңкейебиз. Ким туура эмес кылса же кечикссе, ал оюндан чыгат.

Келгиле, ким адашпай кыймылдарды жасай аларын байкап көрөлү.

## Сырткы парздар:

1. Хадастан тазалык: даарат алуу (Бети-колун жууп жаткандай кыймыл жасайт)
2. Нажасаттан тазалык: кирлерди жок кылуу (Айланасын тазалап жаткандай кыймыл жасайт)
3. Сатрул аврат: кийинүү (Үстүнө кийим кийип жаткандай кыймыл жасайт)
4. Кыбылага бурулуу (Колун сунуп, алды жакты көрсөтөт)
5. Убакыт: намаз убактысы (Колундагы саатты карайт)
6. Ниет: намаз окууга ниет кылуу (Колун жүрөгүнө коюп, кыймылдатат)

Намаздын парздары,
Он эки, он эки.
Алтоо сырткы,
Алтоо ички.



## Ичиндеги парздар

1. Ифтитах такбири: Аллаху Акбар (Такбир кыймылы)
2. Кыям: туруу (Түз турат)
3. Кыраат: аят окуу (Кол менен ооздун кыймылы)
4. Руку: ийилүү (Рукуга бара жаткансып эңкейет)
5. Сужуд: сажда кылуу (Сажда кылат)
6. Акыркы каада: отуруу (Баары чогуу отурат)

# ТАБЫШМАК

Али асыр намазынын парзын окуганы жатат. Бирок, кайсыл кыймылды качан кыларын билбей башы катып жатат. Сүрөттөрдү ирети менен коюп ага жардам бере аласыңарбы?

Бисмилла, Фатиха, Кошумча сүрө



1

Аттахият, Салли-Баарик, Раббанаа аатинаа



2

Оңго-солго салам берүү



3

Ниет жана такбир



4

Сажда жана үч жолу “Субхаана раббиял-аълаа”



5

Субхаанака, Аъуузу-бисмилла, Фатиха жана кошумча сүрө



6

Руку жана үч жолу “Субхаана раббиял-азийм”



7

Бисмилла, Фатиха



8

Аттахият



9

Салам берип дуба кылуу



10

Ахмет бешим намазынын ар бир ирекетинде ирети менен эмне кылышы керек? Биринчи ирекетти окушуна жардам бердик. Келгиле, эми силер калган ирекеттерди окушуна жардам бергиле.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1. ирекет: | 4 | 6 | 7 | 5 |
| 2. ирекет: | _ | _ | _ | _ |
| 3. ирекет: | _ | _ | _ | _ |
| 4. ирекет: | _ | _ | _ | _ |

# АЗАМАТСЫҢАР!

Куттуктайбыз! Милдетиңерди ийгиликтүү аяктадыңар. Намаз калканыңарды да колуңарга алдыңар. Эми кезек орозо калканына келди. Бул калканды да аласыңар деп ишенебиз.

Ийгилик каалайбыз!



# Орозо



# Орозо калканым эркти бекемдейт

Орозо денебиз менен кыла турган ибадат. Таң аткандан күн батканга чейин Алла үчүн эч нерсе жебейбиз, ичпейбиз. Мына ошол ибадат орозо деп аталат.

Эч бир жандуу тамак жебей, суу ичпей жашай албайт. Бирок Аллага татыктуу ибадат кылуу үчүн жеп-ичпей бир аз убакыт өткөрө алабыз. Муну менен «Жаратканым, мен Сени жакшы көргөнүм үчүн жана Сенин буйругуңду аткаруу үчүн орозо кармап жатам. Сен берген адал ырыскыларды күн батканга чейин жебей өзүмдү кармайм. Оо, Жараткан! Ушул ырыскылардын баарын бизге бергениңе чексиз шүгүр» деп айткан болобуз.

Ушинтип орозо кармаганда:

- Организмибиз күчтүү болуп, ооруларды бат жеңет. Негизи орозо көптөгөн ооруларга чалдыгып калуудан сактайт.

- Оюбузга келгендин жана каалаганыбыздын баарын кыла бербесек, ашыкча эрке болуп кетпейбиз. Башкача айтканда, ичибиздеги каалоолорду башкара алабыз, эркибизди бекемдейбиз. Ошентип, ар кандай кыйынчылыкты жеңе алабыз.

- Бейишке Раййан деген абдан өзгөчө жана кооз эшиктен киребиз. Ал жерде бизге орозо кармагандарды гана күткөн сонун белектер жана ырыскылар тартууланат. Ошентип, биз түбөлүк бактылуу жашай алабыз.

Көзүбүз, тилибиз жана жүрөгүбүз да орозо кармайт. Кантип?

- Көздөрүбүз Алла Таалага жакпаган нерселерди карабай орозо кармайт.

- Кулагыбыз ушак, ыплас, туура эмес сөздөрдү укпай орозо кармайт.

🔆Тилибиз бирөөнүн артынан жаман сүйлөбөй, туура эмес сөздөрдү айтпай орозо кармайт.

🔆Жүрөгүбүз эч кимди таарынтпай, көрө албастык, таарыныч сыяктуу сезимдерди башкаруу менен орозо кармайт.

🔆Кол-бут сыяктуу органдарыбыз эч кимге зыян келтирбестен жана жаман кыймыл-аракет кылбастан орозо кармашат.

Ошентип, орозо бизди жамандыктардан коргой турган калканыбыз болуп калат. Бардык жамандыктардан жана туура эмес жүрүм-турумдардан коргогон калкан.

Рамазан айында орозону толук кармасак, анда ал калкан башка айларда да бизде калат. Кийинки Рамазан айы келгенге чейин ал бизди туура эмес иштерден коргоп жүрө берет. Рамазан айы кайра келгенде дагы орозо кармап калканыбызды дагы бекемдейбиз. Мурдагыдан да жакшыраак мусулман болобуз.




Пайгамбарыбыз мындай дейт: «Орозо күнөөлөргө каршы калкан. Орозо кармаган адам жаман сөздөрдү айтпасын, урушпасын. Кимдир бирөө аны кемсинтсе же шылдыңдаса: «Мен орозомун» деп айтсын». (Бухарий, Савм, 9; Муслим, Сиям, 163)

# Орозо окуясы

Шабан айынын акыркы күндөрү болчу. Сахабалардын жүрөктөрүнө Рамазан айынын кубанычы толо баштады. Мечитте намаз окулуп бүттү. Пайгамбар тегерегине чогулуп, аны кунт коюп уккан сахабаларына мындай деди:

– Мына куттуу жана улуу айдын көлөкөсү көрүнө баштады. Бул айда миң айдан да жакшыраак болгон Кадыр түн бар. Бул айда Алла Таала бизге күндүзү орозо кармоону парз кылып, түнкүсүн намаз окуубузду каалайт. Ким бул айда бир жакшылык менен Аллага жакындаганга аракет кылса, башка айларда бир парзды аткаргандай болот. Ким бул айда бир парзды аткарса, башка айларда жетимиш парзды аткаргандай болот. Рамазан – сабырдуулуктун айы. Сабырдын сыйлыгы – Бейиш. Бул ай – башкалардын кыйынчылыгына шерик болуу айы. Бул ай – момун-мусулмандардын ырыскылары көбөйө турган ай.

Бир кедей сахаба:

– Оо, Алланын Элчиси! Орозо кармаган адамды тойгузууга баарыбыздын эле мүмкүнчүлүгүбүз жетпейт да, - деп айтты. Азирети Пайгамбар:

– Орозо кармаган адамга бир курма, же бир уууртам суу, же бир аз сүт менен даам таттырсаң, Алла Таала кыямат күнү сага менин Кавсар көлмөмдөн бейиш суусун ичирет. Аны ичкен адам бейишке киргенге чейин эч качан суусабайт! (Али аль-Муттакий, VIII, 477)

Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын колунан Кавсар көлмөсүнүн суусун ичүүгө даярсыңарбы? Анда орозо кармайлы жана орозо кармаган адамга ооз ачыралы.



# Дуба

Ооз ачаар убагында окулган дубалар абдан өзгөчө дуба болуп саналат. Алла Таала орозо кармаган адамдын ооз ачканга чейинки дубасын, адилеттүү кишинин дубасын жана зулумдук көргөн кишинин дубасын сөзсүз кабыл кылат. Азирети Пайгамбарыбыз оозун ачаарда ар дайым дуба окуган.

**Анын бул өзгөчө дубасын билгиңер келеби?**

«Аллахумма лака сумту, ва бика ааманту, ве алейка таваккалту, ва алаа ризкика афтарту, ва ли савми гадин мин шахри рамазана навайту, фагфирли маа каддамту вамаа аххарту». (Абу Давуд, Савм: 22)

Мааниси: «Оо, Алла, Сенин ыраазычылыгың үчүн орозо кармадым, Сага ыйман келтирдим, Сага тобокел кылдым, Сен берген ырыскы менен ооз ачтым. Эртеңки Рамазан айынын орозосун кармоого ниет кылдым. Менин өткөн жана келечектеги күнөөлөрүмдү кечир".



**Пайгамбарыбыз бул дубаны айткандан кийин эмне менен оозун ачканын билесиңерби?**

«Орозо кармаган адам оозун курма менен ачсын. Анткени курмада береке бар. Курма жок болсо, анда суу менен ачсын. Суу тазалоочу болуп саналат». (Тирмизий, Зекет, 26; Ибни Маааажа, Сыйам 25; Абу Давуд, Савм, 21)

Ооба, Пайгамбарыбыз оозун курма же суу менен ачат эле. Мунун себептеринин бири төмөнкүчө болушу мүмкүн: Биз көпкө чейин ачка болуп, бир заматта тамактанганыбызда денебиздеги канттын деңгээли көтөрүлөт. Ал эми курма канттын көлөмүн тең салмакта кармап, ден-соолукту чыңдайт. Кандай сонун! Биз да Пайгамбарыбыз сыяктуу ден соолукта бололу!



# Орозо калканыбыз сынып калбасын! Абайлагыла!

Ооба, орозо кармабасак же эч себепсиз эле орозону бузсак, анда калканыбыз да сынып калат.

Демек, калканыбыз сынбашы үчүн орозону буза турган жана бузбаган нерселерди үйрөнүшүбүз керек.

**Биз, балдар үчүн орозону бузган нерселер:**

1. Атайылап бир нерсе жеп-ичүү.
2. Жаап жаткан жамгырды же карды жутуп алуу.
3. Ооз жаба электен мурун жеген тамактын тиштин арасында калып кеткен калдыктарын атайылап жутуп алуу.
4. Ооз ачаар убактысы болуп калды деп бир нерсе жеп-ичүү.
5. Дары ичүү.

## Сыр

Орозону оңой кармашыбыз үчүн Пайгамбарыбыз бизге мындай деп сыр берет:

«Ушул төрт нерсени кылган адам орозону оңой кармайт:

- Оозду суу менен ачуу,
- Саарлыкты таштабоо,
- Түшкү тыныгууну калтырбоо,
- Жагымдуу жыт себинүү» (Рамузул-Ахадис, хадис No: 957)

## Оюн бурчу

# Үнсүз орозо

Азыр эки оюн ойнойбуз. Даярсыңарбы?

Анда орозо тууралуу төмөнкү сөздөрдү чогуу жакшылап окуп көрөлү да, алардын маанисин билип алалы.

Саарлык: Орозо кармоо ниети менен түнкү тамактануу убактысы. (Тамак жеп жаткандай кылабыз)

Имсак: Таң агара баштаган убакыт. (Оозубузду жабабыз)

Ооз ачаар: Күн батып шам намазы кирген жана орозо бүткөн убакыт. (Алгач эки колду кулакка коюп азан айткандай кылабыз. Андан соң тамак жеп жаткандай кылабыз)

Битир садага: Рамазан айында Алла Тааланын бизге берген жакшылыктарына шүгүр кылуу үчүн берилген садага. (Бирөөгө бир нерсе берип жаткандай кылабыз)

Каза орозо: Сапарда жүрүп же ооруп калып орозо кармай албаган адам Рамазан айынан башка күндөрү аны кармашы.

Фидия: Карылыктан же оорудан улам орозо кармай албаган адамдын бир күндүк тамак-ашка жете турган акчаны муктаж адамдарга бериши.

Каффаарат орозо: Орозону атайылап бузган адам кармай турган 60+1 күндүк орозо.

**КАНА, ОЙНОЙБУЗ!**

Эки топко бөлүнөбүз. Жогорудагы сөздөрдү кагазга жазып, бир идишке салалы да, жакшылап аралаштыралы. Ар бир топтон бирден окуучу чыгат. Алар кезеги менен идиштен бир кагазды тандашат да, ачып үн чыгарбай окушат. Анан кагаздагы сөздү кыймыл-аракет менен түшүндүрүүгө аракет кылышат. Туура тапкан топ упай топтой берет. Бардык сөздөр аяктагандан кийин эң көп упай топтогон топ жеңүүчү болот.



Оюн бурчу

# Же кол чап, же "Токто!" де



Мугалим же арабыздан бирөө кол чаап турат. Ал кол чаап жатканда биз кыймылдап турабыз. Кол чабууну токтотקондо мугалим орозону буза турган же бузбай турган бир абалды айтат.

Мугалимдин айтканы орозону бузчу жүрүм-турум болсо, окуучулар ошол замат турган жерине отура калышып, "ТОКТО!" деп айтышат. Мугалим орозону бузбай турган жүрүм-турумду айтса, окуучулар да кол чапканча кыймылдай беришет.



Ким туура эмес кылса, оюндан чыгат. Акыркы калган окуучу жеңүүчү болот.

# Сүйүнчү

## Биринчи сүйүнчү

Жабир ибн Абдулла (разияллаху анху) бизге Пайгамбарыбыздан (саллаллаху алейхи ва саллам) бир сүйүнчү айтат:

«Менин үммөтүмө Рамазан айында беш нерсе берилди. Булар мурунку пайгамбарлардын үммөтүнө берилген эмес.

Биринчиси: Рамазандын биринчи түнү келгенде Алла Таала аларга ырайымы менен карайт. Алла кимди ырайымы менен караса, аны эч качан жазалабайт.

Экинчиси: Орозо кармагандардын оозунун жыты Алланын алдында мисктин жытынан да жагымдуу.

Үчүнчүсү: Периштелер күнү-түнү орозо кармагандардын кечирилишин тилешет.

Төртүнчүсү: Ал күнү Алла Таала бейишке мындай деп буйрук берет: «Эй, бейиш! Менин пенделерим үчүн коюздонуп даярдан. Пенделеримдин дүйнөнүн кыйынчылыктарынан кутулуп, Менин жаныма жана сыйыма келип эс ала турган күнү жакындады».

Бешинчиси: Рамазандын акыркы түнү келгенде Алла Таала бардык орозо кармаган пенделерин кечирет.

Бул сөздөрдү уккан сахабалардын бири: «Оо, Алланын Элчиси, сиз айткан түн – Кадыр түнбү?» - дейт.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва салламдан) жылмайып: "Жок" деди. Анан минтип улантты: «Жумушчулар эртеден кечке иштеп, жумушун бүтүргөндөн кийин акысын алаарын билбейсиңби? (Бул ар бир орозо күнү үчүн сүйүнчү). (ат-Таргиб ват-Тархиб, 2:92)

Ошол маалда бардык сахабалар бири-бирин карап, сүйүнүчтөн жылмая баштады.



Кандай сонун! Биз орозо кармоо менен бул белектердин баарына ээ боло алабыз. Рамазан айын орозо кармап өткөргөнүбүз үчүн канчалаган белекке ээ болобуз? Кадыр түндө да өтө чоң белектер бар!

Алла Таала бизди өтө жакшы көрөт. Ал аябай-аябай берешен, туурабы?

## Экинчи сүйүнчү

Ушунчалык сонун жана пайдалуу болгон орозону Рамазан айынан башка учурларда да кармасак болот. Ошентип орозо калканыбызды чоңойтуп, дагы да бекемдей алабыз. Бул биздин колубузда.

Рамазан айында кармаган орозо парз болуп саналат. Башкача айтканда, Алла Таала Куранда кармашыбызды талап кылган орозо. Аны менен биз сонун калкандарга ээ болдук. Орозо калканыбыз менен өзүбүздү коргой алдык. Бакара сүрөсүнүн 183-аятында Алла Таала мындай деп айтат:

يَٓا اَيُّهَا الَّذ۪ينَ اٰمَنُوا كُتِبَ عَلَيْكُمُ الصِّيَامُ كَمَا كُتِبَ عَلَى الَّذ۪ينَ مِنْ
قَبْلِكُمْ لَعَلَّكُمْ تَتَّقُونَۙ

«Эй, ыйман келтиргендер! Силерден мурункуларга парз кылынгандай силерге да орозо парз кылынды. Бул орозо силердин такыба болууңар үчүн».

Орозо калканыбызды кийинки Рамазанга чейин коргогон, бекемдеген жана чоңойткон орозолор нафил орозо болуп саналат. Рамазан айынан тышкаркы орозо нафил орозо деп аталат.

Айша энебиз  Азирети Пайгамбарыбыздын дүйшөмбү жана бейшемби күндөрү орозо кармаганын айтат. (Тирмизий, Савм 44)

Ошондуктан Пайгамбарыбыз күчтүү болгон. Бардык кыйынчылыктарды оңой жеңип чыкканынын бир себеби – орозо калканына кам көрүп, аны дайыма бекемдеп жүргөнү.

Андыктан биз да орозо кармайлы. Пайгамбарыбыз сыяктуу бизди бардык кыйынчылыктардан коргой турган орозо калканыбыз болсун.




Көңүл бургула: Пайгамбарыбыз: «Эки күндө орозо кармалбайт: Орозо айт күнү жана Курман айт күнү». (Бухарий, Савм 66-67).

Бул күндөрү орозо кармаба жана калканыңды сындырба!

# ТАБЫШМАК

Төмөндөгү сүрөттөгү досубуз орозо кармаганы саарлыкка туруптур. Анын орозосун бузбастан ооз ачаарга чейин жетелеп бара аласыңарбы?




## Куттуктайбыз!

Бул жолку милдетиңерди да ийгиликтүү аяктадыңар. Орозо калканын алуу менен калканыңарды үчкө чыгардыңар. Эми зекет менен садага калканын утуп алууга убакыт келди. Буга да оңой эле жетесиңер деп ишенебиз. Ийгилик!

# АЗАМАТСЫҢАР!

Куттуктайбыз!

Бул жолку милдетиңерди да ийгиликтүү аяктадыңар. Орозо калканын алуу менен калканыңарды үчкө чыгардыңар. Эми зекет менен садага калканын утуп алууга убакыт келди. Буга да оңой эле жетесиңер деп ишенебиз.

Ийгилик!



# Зекет жана садага



# Зекет – дүйнөнү курчап турган коргоочу калкан

Алла Таала Бакара сүрөсүнүн 277-аятында мындай дейт:

اِنَّ الَّذٖينَ اٰمَنُوا وَعَمِلُوا الصَّالِحَاتِ وَاَقَامُوا الصَّلٰوةَ وَاٰتَوُا الزَّكٰوةَ لَهُمْ
اَجْرُهُمْ عِنْدَ رَبِّهِمْۚ وَلَا خَوْفٌ عَلَيْهِمْ وَلَا هُمْ يَحْزَنُونَ

«Ыйман келтирип, жакшы иштерди жасап, намазын орундатып, зекет бергендердин сооптору Эгелеринин алдында. Аларга коркунуч да, кайгыруу да болбойт».

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) мындай деген:

«Мал-мүлкүңөрдү зекет менен коргогула, оорулууңарды садага менен дарылагыла, кыйынчылыктарга дуба менен даярдангыла» (Мунавий, Файзул-Кадир, III, 464)

Зекет – акча жана мал-мүлк менен кылынуучу ибадат. Бардык ибадаттар сыяктуу эле зекет жана садага да бизге көптөгөн пайдаларды алып келет жана бизди коргойт. Зекет бергенибизде Алланын бизге берген ырыскылары көбөйөт. Зекет эч качан мал-мүлктү азайтпайт. Канчалык көп зекет жана садага берсек, байлыгыбыз ошончолук артат.

Демек, зекет берсек, мал-мүлкүбүздү жана акчабызды коргогон болобуз. Зекет, садага берүү менен айланабыздагы адамдардын көйгөйлөрүн да жеңилдетип, аларга жардам беребиз. Ар бир адам өзүнүн зекетин берсе, дүйнөдө кедей жана ачка адам калбайт. Баарынын курсагы тоёт, баарынын кийими бүтүн болот. Ошентип, зекет бергендер да, алгандар да дүйнөдө бактылуу жашай алышат. Кандай сонун...



# Эки достун кайгысы

«Алланын ыраазылыгы үчүн берген зекеттериңер – мына ушулар эселенип көбөйүүчүлөр. Акырында, мына ошолор артыкча соопторго ээ болушат» (Рум сүрөсү, 39-аят).

Бул аятты окуган эки мусулман дос абдан сүйүнүштү. Алар дароо зекет, садага берүүнү самай башташты. Бирок бирөөгө садага бермек мындай турсун, нан сатып алганга да араң акча табышат эле. Курсактарын да эптеп тойгозуп күн өткөрүшчү.

Мындай абалга абдан капа болгон эки дос бактын түбүндө отуруп, ойго батып кетишти.

Аларды ушунчалык капалуу жана ойлуу көргөн Абу Хурайра алардын жанына келип:

«Мусулман бир туугандарым, силердин эмне көйгөйүңөр бар?» деп сурады. Алар:

«Зекет жана садага берүү абдан жакшы ибадат. Биз бойго жеттик, зекет бергенге жашыбыз да жетти. Кудайга шүгүр акыл-эсибиз да толду. Бул жагынан эч кандай кемчилигибиз жок. Бирок биздин акчабыз, мал-мүлкүбүз жок. Ушундан улам биз көптөгөн сооторго жана бейиште Алла Таала бере турган белектерге жете албай турабыз. Ошон үчүн капа болуп, кайгы тартып отурабыз», - дешти.

Абу Хурайра аларга жылмайып:

«Силер Пайгамбарыбыздын (саллалалаху алейхи ва саллам) сөздөрүн уккан жоксуңарбы? Мен силерге айтып берейин анда, муну эч качан унутпагыла. Жөндөн-жөн эле өзүңөрдү көп кайгыга сала бербегиле», - деди да, Пайгамбарыбыздан укканын айта баштады: “Адамдын ар бир дене мүчөсү үчүн күн сайын бере турган садагасы бар:

- Эки адамдын ортосунда адилеттүүлүк кылуу да садага.
- Бирөөгө унаага минүүгө же жүгүн унаага жүктөөгө жардам берүү да садага.

- Жакшы сөз айтуу да садага.
- Намазга баруу үчүн таштаган ар бир кадамың да садага.
- Адамдарга зыянын тийгизген нерсени жолдон алып салганың да садага».

Башкача айтканда, мына ушуларды кылганыңарда, садага берген болосуңар. Эгер ушуларды кылсаңар, көптөгөн соопторго жана бейиштеги белектерге ээ болосуңар. Ошондуктан көп капа боло бербегиле».

Абу Хурайранын айткандарын уккан эки дос кубанычтары койнуна батпай жолго түшүштү. Кетип баратканда бирөөсү: «Бул ташты жолдон алып салайынчы, бирөө жарым чалынып кетпесин» деп ташты четке ыргытты. Экинчиси жолдо бараткан карыяга: «Токтой туруңуз, ата, мен сизге жардам берейин» деп колунан жүгүн ала калды. (Муслим, Зекет, 56-хадистен аңгемелештирилди).



# Зекет калканынын схемасы

Төмөндө зекет калканынын схемасы берилген. Бул схема зекет калканыңарды оңой кармаганга жардам берет. Мындан зекет жана садага кимдин кимге, кантип берерин биле аласыңар.

Кантип?

Ортодогу бала зекет бере турган адамды көрсөтөт. Анын үстүндөгү жазуулардан зекет бере турган адам акыл-эси толук, мусулман, балагатка жеткен, зекет бере турган мал-мүлкү болушу керек экенин түшүнөбүз.



Зекет бериле турган адамдардын сүрөттөрү дүйнөнүн үстүндө турат.

Зекетти эмнелерден беребиз? Абдан оңой. Колдун жанындагы сүрөттөрдү карасак, алар да көрүнүп турат.

Мал-жандыктар, жерден алынган үрөндөр (жашылча, жемиш ж.б.), акча, алтын, күмүш, соода товарлары.

Садага зекет калканын ого бетер күчтөндүрүп, бекемдейт. Зекет берүүгө мүмкүнчүлүгү болбогондор "садага калканын" колдонсо болот. Ошентип алар да калканга ээ боло алышат. Садага калканын алуу үчүн жылмайып жүрүү, пайдалуу иштерди жасоо да жетиштүү. Аны дагы дагы бекемдегиңер келсе, кайрымдуулук иштерине жардам берип, бир адамдын курсагын тойгузуп же Орозо айтта битир садага берсеңер да болот.

Ошентип бизди коргой турган зекет калканына ээ болуп, анда жазылган бардык пайдаларга ээ боло алабыз.

Кандай сонун! Келгиле, бул дүйнөнү курчап турган калканга жетүү үчүн аракет кылалы!



Оюн бурчу

## Зекет көпүрөсүн жасайбыз

Келгиле, зекет көпүрөсүн куруу оюунун ойноо үчүн алгач узун бир жип табалы. Анан баарыбыз тегеренип турабыз. Бирок бир досубуз тегеректин сыртында бизди күтүп турушу керек.

Жиптин бир учун зекет же садага бере турган досубузга карматабыз. Ошентип ал досубуз менен ортобузга көпүрө курган болобуз. Албетте, бул учурда ошол досубуздун атын жана ага кандай садага берип жатканыбызды да айтууну унутпашыбыз керек.

Мисалы, «Али, мен сага жылмайып карап жатам» деп жиптин учун ага узатабыз. Ал жипти кармап, учун өзүнөн кийинки досуна узатат да: «Айша, мен сага китеп, дептерлериңди көтөрүүгө жардам берип жатам» дейт.



Жиптин учу биринчи баштаган досубузга жеткенге чейин муну уланта беребиз. Ошентип бардык досторубуз жипти кармайт да, баарыбызды бири-бирибизге байланыштырган чоң көпүрө пайда болот. Тегерек болуп турабыз да, бири-бирибизге бекем байланышкан өзүнчө бир дүйнө курган болобуз.

Эми тегеректин сыртында бизди күтүп турган досубузга кезек келди. Ал сырттан келип, дүйнөбүздү бузуп кирип, бирөөбүздү бөлүп алып чыкканга аракет кылат.

Кимди тартып чыгып кетсе, эми ошол досубуз тегеректин сыртында күтүп калат да, оюн кайрадан башталат.

Кана, баштадык анда! Оюнубуз кызыктуу болсун, дүйнөбүз зекетке жана садагага толсун :)

Балдар, Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) «Зекет – Исламдын өтө чоң жана бекем көпүрөсү» деп айткан (Таргиб, Хайсамий, Мажмаъуз-заваид, III, 62). Силер жана улууларыңар берген зекет жана садага бул оюндагыдай бүт дүйнөнү каптай алат. Зекет жана садага көпүрөлөрүбүз канчалык күчтүү болсо, бири-бирибизге ошончолук бекем байланабыз. Бизди эч ким бөлө албайт, ажырата албайт. Биз дүйнө жүзү боюнча күчтүү мусулман коомуна айланабыз. Дүйнөдө ачка да, муктаж да калбайт. Ар бир адам бактылуу жашайт. Муну эч качан унутпайлы.

# Зекет жана садага менен күч топтогон армия

Сириялык христиандар Византия императору Гераклийге кат жазышат. Ал катта мусулмандардын арасында ачарчылык жана жакырчылык жайылып, алсырап калганын айтышат. Ал аз келгенсип, мусулмандарды жок кылуу убагы келди деп, аскер жиберип алардын таш-талканын чыгаруу керек дешет.



Ал катты алган Гераклий кырк миң аскерден турган чоң армия даярдайт. Кубад дегенди армияга командир кылып дайындайт. Ошентип алар мусулмандарды көздөй жолго чыгышат. Жолдон аларга дагы башка аскерлер кошулат.

Муну уккан Пайгамбарыбыз: «Оо, Жаратканым! Бир ууч мусулмандардын кырылып калышына мүмкүнчүлүк бере көрбө! Жер бетинде сага ибадат кылуучу эч бир момун-мусулман калбай калбасын», – деди да, дароо сахабаларды чогултту. Мусулмандардын коопсуздугу үчүн Византия армиясына каршы жолго чыга турганын билдирди. Армияга акча жана буюм жагынан жардам берүүгө чакырды.

Ошол убакта аба ырайы өтө ысык, кургакчылык болуп ачарчылык өкүм сүрүп турган эле. Жол дагы өтө алыс жана душмандын армиясы абдан күчтүү болгон.

Мусулмандар жардам берүү үчүн бири-бири менен жарыша баштышты. Бай-кедей дебестен ар ким колунда барын алып келип жатышты. Зекет жана садага менен мусулман армиясы улам күч топтой баштады. Мусулмандар бири-бирин бекем кучактап, биримдикте болушту. Алардын мындай абалын көргөн Византия императору Гераклий аябай таң калып, алар менен согушуудан коркту. «Мусулмандар ачарчылыктан жана жакырчылыктан улам алсыздап калган эмес беле? Мындай болсо биз аларды жеңе албайбыз. А жеңе албасак, анда бул биздин жок болушубуз», - деди да, согушпай эле мусулмандар менен келишим түзүүнү чечти.

Византиялыктар жок кылгысы келген мусулмандардын пайдасына келишим түзүүгө аргасыз болушту. Ошентип, мусулмандар күчүнө күч, пайдасына пайда кошушту.



# ТАБЫШМАК

Төмөндө зекет жана садага схемасы бар. Бирок андагы айрым маалыматтар өчүрүлгөн. Эми зекет бере турган адамдын өзгөчөлүктөрүн, зекет же садага бергенде эмне болоорун схемага жазыш керек.

Андан соң зекет берилүүчү буюмдардын сүрөттөрүнүн астын сызып, садага катары жасалган иштердин жана жүрүм-турумдардын сүрөттөрүн тегеректөө керек.

Бул эки тапшырманы аткаргандан кийин, силер акыркы калкан баскычына жетесиңер. Кана эмес, силерге ийгилик...



# АЗАМАТСЫҢАР!

Куттуктайбыз! Силер
тапшырманы ийгиликтүү
аткардыңар. Дүйнөнү
курчаган зекет жана садага
калканын алуу менен төрт
калканга ээ болдуңар.
Эми ажылык
калканын алууга
кезек келди.
Муну да оңой
эле аларыңарга
ишенебиз.
Ийгилик!



# АЖЫЛЫККА БАРУУ



# Каабага барып ажы болобуз, тазаланып келебиз

Ажылык – Алланын үйү болгон Байтуллахга (Каабага) баруу жана ыйык жерлерди зыярат кылуу.

Диний термин катары ай календары боюнча Зуль-Хижжа айында ихрам кийүү менен Каабаны таваф кылуу жана Арафатта туруу ажылык болуп саналат.

Бул ыйык жерлерге белгилүү убакта (курман айт маалында) зыярат кылган адам ажы деп аталат. Каабаны ажылык мезгилинен тышкары да ихрам кийип таваф кылса, Сафа жана Марва дөңсөөлөрүнүн ортосунда барып келүү менен саъй кылса болот. Бул умра деп аталат.

## Ажылык картасы





Ажы болуу үчүн айрым шарттарды аткарышыбыз керек. Булар:

1. Эркин болуу, балагатка жетип, акыл-эси толук болуу.
2. Ажылыкка барып-келүү үчүн жетиштүү убакыты болуу.
3. Үй-бүлөсүнө ажылыктан кайтып келгенге чейин жете тургандай каражат менен камсыз кылуу.
4. Ажылык үчүн керектүү чыгымдарды төлөй тургандай каражатка ээ болуу.
5. Саякатка жана ибадат кылууга чыдай тургандай ден соолукта болуу.
6. Өтө турган жолдордун коопсуз (согуш жана терроризмдин жоктугу сыяктуу) болушу.

Карагылачы, Алла Таала жана Пайгамбарыбыз ажылык тууралуу бизге эмне деген:

وَاَذِّنْ فِي النَّاسِ بِالْحَجِّ يَأْتُوكَ رِجَالاً وَعَلٰى كُلِّ ضَامِرٍ يَأْتِينَ مِنْ كُلِّ فَجٍّ عَمِيقٍۙ

«Адамдарды ажылыкка чакыр. Алар (сага) жөө жана арык төөнүн үстүндө абдан алыс жолдордон келишет» (Хаж сүрөсү, 27-аят)

«Ажылык менен умраны чогуу кылгыла, анткени ажылык менен умра күнөөлөрдү жана кедейликти кетирет. Көрүк темирдин, алтындын, күмүштүн кирлерин, даттарын кетиргендей. Кабыл болгон ажылыктын сообу бир гана Бейиш». (Тирмизий, Хаж, 2)

Көрдүңөрбү? Ажылык канчалык пайдалуу. Ажылык менен руханий кирлерден тазаланып, арууланабыз. Анан.. Түбөлүк бейишке учуп кетебиз..

# Аңгеме

Алланын досу Шакик Балхий Меккеге бараткан жолдо сойлоп бараткан адамды көрдү. Ал кишинин алыстан келгени билинип турду. Адамды аяп:

– Кайдан келдиң? - сурады. Ал:

– Самарканддан, - деди. Шакик Балхий:

– Жолдо жүргөнүңө канча болду? Буту баспаган ал киши:

– Жолдо жүргөнүмө он жылдан ашты.

Шакик Балхий анын майыптыгы менен канча жыл жөө басып жүргөнүн ойлоп таң калып карады. Ал киши:

– Эмнеге мени мынча кызыктай карап турасың? Шакик Балхий:

– Майып болуп туруп ушунча жолду кантип басып өткөнүңө таң калдым.

Жүрөгү ажылыкка барып, Каабаны көрүүнү көксөп жүргөн майып киши:

– Эй, Шакик! Туура айтасың, жолум алыс. Бирок менин Аллага болгон ишенимим жана Каабага болгон сүйүүм бул жолду кыскартып турат. Ал эми денемдеги майыптыкка келе турган болсок, Жаратканым мага жардам берет. Шакик! Алла жардам берген пенденин жолдо калбай турганына неге таң каласың? Алла бир пендесине жардам берсе, ага кыйынчылык сезилеби?



# Дуба

Азирети Ибрахим (алейхи салам) Каабаны куруп бүтүргөндөн кийин Алла Таала ага: «Адамдарды ажылыкка чакыр», - деди. Азирети Ибрахим (алейхи салам):

«Менин үнүм аларга жетеби?» деп жооп берди. Ошондо Алла Таала:

«Сен чакыр, сенин үнүңдү жеткирүү менин ишим», - деди. Ибрахим (алейхи салам):

«Эй, адамдар, силерге Алланын үйүнө ажылык кылуу парз» деп чакырды. Бул сөздү жер менен асмандын ортосундагы ар бир макулук укту. Ошентип алыскы өлкөлөрдөн да күн сайын Каабаны таваф кылууга, ажылыкка келип жатышат. (Ибн Хажар, Фатхул-Барий, 4/152)

Бул чакырыкты аткаруу менен ажылыкка барган бардык мусулмандар талбия айтышат. «Оо, Жаратканым, бизди чакырдың, биз келдик. Мактоолор сага гана таандык, анткени жакшылык сенден гана болот» дешет алар.

Талбия Алланын чакырыгына моюн сунуу, Аллага баруу дегенди билдирет.

Абдуллах б. Умар мындай дейт: «Мен талбияны Алланын элчисинин (саллаллаху алейхи ва саллам) оозунан үйрөндүм. Ал мындай деп айткан:

لَبَّيْكَ اللَّهُمَّ لَبَّيْكَ ، لَبَّيْكَ لاَ شَرِيكَ لَكَ لَبَّيْكَ ،
إِنَّ الْحَمْدَ وَالنِّعْمَةَ لَكَ وَالْمُلْكَ ، لاَ شَرِيكَ لَكَ

• «Лаббайк, Аллахумма лаббайк. Лаббайка лаа шариика лака лаббайк. Иннал хамда ван-ниймата лака вал-мулк, лаа шариика лак».

«Сага келдим, Аллахым, сага келдим! Сенин эч кандай шеригиң жок! Мактоо сага гана, жакшылык сага гана таандык. Бардык мүлк сеники. Силердин шериң жок» (Бухарий, Хаж, 26)

Келгиле анда, чогуу талбия айталы. Биз да ажылыкка чакырылгандардын катарына кошулалы.

## Оюн бурчу

# Ажылык

Айлардын ичинен Зуль-Хижжа ажылык айы,
Ажылыкка баруусу керек колунда бары.
Карагылачы ажылыктын түркүктөрү эмне экенин?
Ниет кыламын, анан ихрамга киремин,
Каабага барамын, аны тавaф кыламын,
Арафатка барамын, ал жерде турамын.
Муздалифага барамын, дуба кыламын.
Айттын таңында шайтанга таш ыргытамын.
Курмандык чаламын, чачымды кырамын.
Зыярат тавaф кыламын.
Марва менен Сафанын ортосунда басамын.
Ажы боломун, күнөөдөн тазаланамын!
Ажы боломун, бактылуу боломун!

Ажылык оюну эсиңердеби? Келгиле, эми ага дагы бир жаңы оюн кошолу. Алгач ихрамды эмне бузаарын аныктап алалы.

Ихрам кийүү учурунда кылбоо керек болгон иштер:

Башкаларга зыян келтирүү, урушуу, сөгүнүү, жаман сөз, жүрүм-турум.

Тырмак алуу, сакал-мурутту кыруу, денеден түк жулуу же кыруу.

Чачка, сакал-мурутка май сүйкөө жана боёо, чачка гель сүртүү, аялдардын лак жана помада колдонуусу, денеге же ихрам кийимине жыпар жыт сүйкөп, атыр колдонуу.

Кийим кийүү, башын жана жүзүн жабуу, кол кап, байпак, бийик така кийүү. Мекке жана анын айланасындагы өсүмдүктөрдү сындыруу, жулуу.

- Эми үйдөн ак шейшеп же денебизди жаба тургандай чоң сүлгү алып келүүгө кезек келди. Талбия айтканча бир досубузга аны ихрам кылып оройбуз.
- Эмки кезек ажылык сапарга чыгууга келди. Ал үчүн 7 кагазга катары менен Каабаны тавaф кылуу, Сафа менен Марванын ортосунда басуу, Арафат, Муздалифа, Минада шайтанга таш ыргытуу, Курмандык чалуу-Чач кыскартуу, Зыярат тавaфы деп жазалы. Аларды 5 кадамдык аралык менен катарынан жерге коёлу. Эгер мүмкүн болсо, бул сөздөрдү бор менен жерге жазсаңар да болот.
- Тандалган досубуз ажы болуу үчүн ушул жолду басып өтөт. Албетте, ихрамды буза турган эч нерсе кылбашы керек.

- Ал ортодо биз ага төмөнкү кыймылдардын бирин жасатууга аракет кылабыз. Мисалы, аны ачуулантууга аракет кылсак болот. Сүзүп өтүп, ачуусун келтире турган кандайдыр бир кыймыл жасап, же “чачың аябай жүдөп кетиптир, мына тарак менен тарап алсаңчы”, “бул атырды жакшы көрөт элең го, ме, себинип алсаңчы”, “сага жаңы байпак алып келдим, кийип ал”, “жердеги чөптүн тикенеги бар экен, бутуңа кирип кетпесин, жулуп салчы”, “күн ысык экен, башыңа шапка кийип алчы” сыяктуу сөздөрдү айтабыз.
- Албетте, ихрамды бузбай турган сөздөрдү да айтабыз. Мисалы, алма же, башыңа жуккан чаңды арчы ж.б. Ал досубуз ихрамды бузбай турган нерсени айтканыбызда аны сөзсүз түрдө аткарышы керек.
- Досун адаштырып, ага туура эмес кадам жасаткан анын ордуна кеоет. Талбия айтып ихрамга кирип, ажылык үчүн жолго чыгат. Бул жолду адашпай бүтүргөндөр жеңишке жетет.
- Анда, баарыңарга ийгилик...



# Кааба жана Замзам окуясы

Азирети Ибрахим жана азирети Хажардын Исмаил аттуу сүйкүмдүү баласы бар эле. Алар аны көздүн карегиндей асырап, тарбиялап чоңойтушту. Бир күнү Алла Таала Азирети Ибрахимге Хажар менен Исмаилди чөлдүн ортосунда бир жерге таштоосун айтты. Мында бир гана Аллага белгилүү сырлар катылган эле. Азирети Ибрахим муну Хажарга айтты. Ошентип алар даярданып жолго чыгышты. Тоолорду, адырларды аралап өтүп, узун жол жүрүштү. Жүрүп отуруп кумдан башка эч нерсе жок чөлдүн ортосуна келишти. Азирети Ибрахим ал жерди көргөндө эле бул Алла Таала айткан жер экенин түшүндү. Аларды бул жерге таштап, өзү кайра кетиши керек экенин Хажарга айтты. Ал айланадагы чөлдү тынчсыздана карап: «Алла сенден ушуну талап кылдыбы?» – деп сурады. Азирети Ибрахим: «Ооба, бул – Алланын талабы», - деп жооп берди. Хажар муну угары менен анын жүзүндөгү тынчсыздануу, коркуу жоголуп, жылмайып баштады. “Мейли анда, эмнеге турасың, бизди таштап кете бер”, - деди. Азирети Ибрахим аны жана кичинекей уулу Исмаилди кучактап чекелеринен жыттады. "Мен силерди абдан жакшы көрөм" деди да, жолго чыгып кетти.

Чөл абдан ысык, кумдан башка эч нерсе жок болчу. Бир аздан кийин алар алып келген тамак-аш, суу түгөндү. Исмаилдин курсагы ача баштады. Ачкачылыктын айынан ыйлап жиберди. Хажар Алланын



аларга жардам берип, жалгыз калтырбай турганына ишенген. Бирок Исмаил аябай ыйлап жатты.

Эмне кылсам экен деп ойлоно баштады. Наристе ушунчалык ыйлагандыктан, Хажар да бир орунда тура албады. Бирөө-жарым өтүп бараткaнын көрүп, тамак-аш, суусундук алып каламбы деп Сафа менен Марва дөңсөөлөрүнүн ортосунда ары-бери чуркай жүрдү. Бир Сафага, бир Марвага чуркап, Алланын жардамын күтүп турушту. Дал ошол учурда Исмаил унчукпай калды. Хажар эмне болуп кетти экен деп дароо баласына чуркап келди. Келип эле караса, Исмаил ыйлап жатып буттарын кумга тепкилей бергени үчүн жерден суу чыга баштаган экен.

Хажар чуркап келип эле «Замзам, замзам – токто, токто" – деп дароо колу менен сууну тосуп, аны бир жерге топтоого аракет кылды.

Мына, ажылыкка барганыбызда биз да Азирети Хажарга окшоп чуркайбыз. Алла Таала ар дайым биз менен экенин жана бизге жардам берерин билебиз. А замзамчы? Ал ошол күндөн бери тынымсыз аккан суунун аты болуп калды. Ошол күндөн бери адамдар замзам менен чаңкоосун кандырып келет. Эгерде Азирети Хажар токтотпосо, балким замзам дарыяга айланып кетмек. Азыр ал жерде замзам кудуктары бар. Миллиондогон мусулмандар замзам ичип, өздөрүн жеңил сезишет. Замзам миңдеген жылдардан бери токтобой чыгып келет. Ал абдан минералдуу жана тоюмдуу суу. Ачка адамды сергитип гана тим болбостон, курсагын да тойгузат.

Кийинчерээк чөлдүн ортосунда нымдуу жер көргөндөр ошол жерге отурукташа башташкан. Ибрахим ал жакка келип, үй-бүлөсү менен бактылуу жашай баштайт. Ошентип элдер отурукташа баштап, кийин куттуу шаар Меккеге айланган.

Жылдар өткөндөн кийин Исмаил наристе чоңоюп, атасы Ибрахим пайгамбар менен Каабаны курушту.

Мына Кааба менен замзам окуясы... Ал жерде бардык мусулмандар замзам ичишип, сергишет. Анан ажылыкты тынчтыкта жана бейпилдикте менен аткарышат. Бул окуялар жөнүндө ойлонуп, дуба кылышат. Ошентип, Алла Тааланын Ибрахим пайгамбарды сыноосунун сырлары ачылды.

Оо, Жараткан, Сен бизди жакшы көрөсүң. Биз да Сени жакшы көрөбүз.

# Ажылык калканынын пайдалары

Ажылык калканыбыз ажылык жана умра кылганда пайда болот. Анда бул калкан бизге эмне алып келет? Охоо, муну санап бүтө албайбыз. Келгиле, бир нечесин айтып берели.

- Ажылык сапарга барган мусулман Алла Тааланын ага берген ден соолук, байлык сыяктуу дүйнөдөгү бардык жакшылыктарына шүгүр кылат.
- Бардык зыяратчылар түсүнө, улутуна, даражасына, кесибине карабай бирдей аппак ихрам оронуп бир тууган экенин түшүнүшөт.
- Ар кайсы өлкөлөрдөн келген мусулмандар жолугуп, таанышып, маалымат жана маданият алмашат. Соода байланыштары да болот.
- Ажылык ибадаты пенденин акысынан тышкаркы күнөөлөрдүн кечирилишине себеп болот. Мусулмандар кайра жаман иштерди кылбоого, жакшы адеп-ахлакка ээ болууга Аллага убада беришет.
- Ажылык маалы Кааба кыяматтагы жерди элестетет. Бай болобу, кедей болобу баары Алланын алдында чогулушат. Кудум кыяматтагы сыяктуу. Эсеп-кысап күнүн эске түшүрөт. Дүйнөдө жүрүп, бейишке татыктуу болууга умтулабыз.
- Саякат адамдын ден соолугуна абдан пайдалуу экенин билебиз. Алла Куранда саякат кылууну да насаат кылган. Бул жерде зыяратчылар саякаттын бардык жеңилдиктерин алышат.
- Мекке жылуу шаар болгондуктан, ажылык учурунда жасалган кыймылдар муундарга жана булчуңдарга да пайдалуу.
- Ажылык сапарга барган адамдын эрки күчөйт. Окуяларга жана адамдарга карата сабырдуу жана түшүнүктүү болуп калат. Анын боорукердиги, кең пейилдиги күчөйт.

Мына ажылыктын пайдалары. Кандай гана сонун эмеспи?

# ТАБЫШМАК

Бул досубуз ажылыкка баргысы келет экен. Бирок ажылыкка кантип барганды билбейт. Ажылык сапарын туура аткарышы үчүн ажылык картасындагы барышы керек болгон жолдорду ага көрсөтө аласыңарбы? Ирети менен сызыктарды бириктирип, ал бара турган жолду көрсөтө аласыңар жана ага жардам бере аласыңар. Алдын ала рахмат.




Куттуктайбыз! Ажылык жолун туура көрсөттүңөр. Ошентип силер бешинчи жана акыркы калканды да ийгиликтүү алдыңар. Ибадаттарды тырышчаактык менен улантсаңар бул калкандар силерди коргойт. Татыктуу мусулман, татыктуу адам болуп жашаганга жардам берет.

Бул жетишкендигиңер менен куттуктайбыз.

# Азаматсыңар!



Куттуктайбыз!
Милдетиңерди
ийгиликтүү аяктадыңар.
Ажылык калканан да
алуу менен бардык
калкандарга ээ
болдуңар.



# Адеп-ахлак

Алла Таала биздин жакшы адеп-ахлактуу болушубузду каалайт. Куран бизге жакшы адеп-ахлактуу болууну үйрөтөт. Адеп-ахлагы эң сонун болгон Пайгамбарыбыз бүт сөзү жана кыймыл-аракети менен биз үчүн эң сонун үлгү. Алла Тааланын Курандагы буйруктарына жана тыюуларына баш ийсек, сүйүктүү Пайгамбарыбыздын жолун жолдосок, жакшы адеп-ахлактуу мусулман болобуз. Ошентип ар бир кылган жакшы ишибиз ибадатка айланат. Соопторубуз чогулат жана Алла бизден ыраазы болуп, бейишке барганга татыктуу болобуз.

Ибадат кылуу менен пайда болгон калкандарыбыз жакшы ахлак менен бекемделип, коздолот. Жакшы адеп-ахлак бизди ар бир адам сүйгөн, мактаган инсан кылат.

Азыр биз тарыхтагы эң улуу жана эң баатыр инсан менен таанышабыз. Ал ким деп ойлойсуңар? Албетте, Пайгамбарыбыз Азирети Мухаммед (саллаллаху алейхи ва саллам).

Биз да анын жакшы жүрүм-турумун үйрөнүп, аны туурайбыз жана элге жагымдуу, мактоого татыктуу жакшы мусулман болобуз.

Алла Таала Пайгамбарыбыз тууралуу

وَاِنَّكَ لَعَلٰى خُلُقٍ عَظِيمٍ

«Сен – улуу кулк-мүнөз ээсисиң» деп айткан. (Калам сүрөсү, 4-аят).

Пайгамбарыбыз: «Мен жакшы адеп-ахлакты толуктоо үчүн жиберилдим» деген. (Ахмед б. Ханбал, II, 381).

Азирети Айша болсо Пайгамбарыбыз тууралуу «Анын адеп-ахлагы Куран эле» деп айткан. Ооба, ал Куранга толук баш ийип жашаган. Ошентип, ал бизге Алла Таала абдан жакшы көргөн баатыр адам/мусулман болуу жолун өз жашоосун менен көрсөтүп кеткен.

Эми биз да Пайгамбарыбыздын жолун жолдоп, тазалык, сүйүү, урмат-сый, ырайымдуулук, чынчылдык, адилеттүүлүк жагынан ага окшошууга аракет кылабыз.

Эми кезек биринчи бөлүмдө. Бул бөлүмдө материалдык жана руханий тазалык тууралуу сөз кылабыз. Экинчи бөлүмдө адамдык оң сапаттар жөнүндө сүйлөшөбүз.

Бул бөлүмдөрдү ийгиликтүү өтсөңөр, бейиштин коолдуктарына жол ачкан Пайгамбарыбыздын “Пайгамбарлык мөөрүн” аласыңар.

Анда, силерге ийгилик.






# Материалдык жана руханий тазалык

إِنَّ اللهَ يُحِبُّ التَّوَّابِينَ وَيُحِبُّ الْمُتَطَهِّرِينَ

Куранда: «Чындыгында, Алла Таала тообо кылуучуларды жана тазалангандарды жакшы көрөт». (Бакара сүрөсү, 222-аят) деп айтылган.

Мусулман адам ар дайым таза жүрөт.

Анткени тазалык – ыймандан.

Муну Пайгамбарыбыз айтат. "ан-Назаафату минал-ыйман!" (Муслим, Тахарат 1; Даримий, Вудуъ 2; Муснад, 5/342,344; Ажлуний, Кашфул-Хафа, 291).

Материалдык жана руханий кирлер эмнелер? Материалдык кир – биздин денебиздин, кийимдердин, тамак-аштын жана айлана-чөйрөнүн булганышы. Руханий кир – биздин ниетибиздин, сөзүбүздүн жана жүрүм-турумубуздун начардашы.



Материалдык кирлерди самындап жууп кетирсек болот. Ал эми руханий кирлерден адеп-ахлабызды көрктөндүрүп жана ибадат кылып тазалана алабыз. Чечкиндүүлүк жана сабырдуулук менен намаз окуп, Куран окуганды жана дуба кылганды таштабай жүрсөк руханий кирден тазаланган болобуз. Мына ошондо тилибиз дайыма чындыкты айтат, жүрүм-турумубуз, сөзүбүз жакшы болуп, эч кимди капа кылбайбыз.

Эми силерге бир сыр айталы. Кийимдердеги такты кетиргич сыяктуу эле руханий кирлер аркылуу пайда болгон тактарды кетирүүчү да каражат бар.

Ооба, эгер адам катасын түшүнүп, өкүнсө жана аны экинчи кылбоо чечимине келсе, чын ыкластуу тооболорду кабыл кылган Алла анын күнөөлөрүн кечирет. Тообо кылган адам жаңы төрөлгөн наристедей таза жана күнөөсүз болот.

Бул иштин сыры – «Астагфируллах ал-азийм жана атуубу илейх» деп айтуу жана ал жаңылыштыкка экинчи жолу жакындабоо.

اَسْتَغْفِرُاللّٰه اَلْعَظِيمْ وَاَتُوبُ اِلَيهْ

Мына, адамдарды тазалаган жана руханий кирлердин тактарын эң сонун кетирүүчү каражат:

«Астагфируллах ал-азийм жана атуубу илайх»

# Пайгамбарыбыз үйрөткөндөй жаша

Мурда Меккеде жашаган адамдар тиш жуушчу эмес, тазалыкка көп маани беришчү эмес. Кары-картаңдар, жаштар, балдар ар кандай оорулардан улам көз жумат эле.

Ал эми ошол эле мезгилдерде жашаган Пайгамбарыбыз тазалыкка чоң маани берген. Үйдөн чыгардын алдында чачын, сакалын жакшылап тарап, чачына май аралашмасы менен жеңил жана жагымдуу жыт сүйкөп, өзүнө кам көрчү. Ал жолдо бараткандa айланага жагымдуу жыттар тарайт эле. Жолдон өтүп бараткaны анын жыпар жытынан билинет эле.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз мисвагын дайыма чөнтөгүнө салып жүрчү. Бир нерсе жегенден кийин, даарат алгандан кийин мисвак менен тиштерин тазалачу. Жылмайганда анын таза тиштери берметтей жаркырап турчу.

Күн сайын ушундай таза жана тыкан болуп сахабаларга барган Азирети Пайгамбарыбыздан Азирети Айша бир күнү мындай деп сурады:

- Оо, Алланын Элчиси, эмне үчүн тазалыкка мынчалык маани берип, өзүңө аябай кам көрөсүң?

Пайгамбарыбыз жылмайып:

- Досторунун жанына жакшы, таза болуп барган адамды Алла жакшы көрөт, - деп айтты.

Пайгамбарыбыздан үлгү алган сахабалар да ал сыяктуу кыла баштaшты. Дагы бир күнү Пайгамбарыбыз сахабалары менен сүйлөшүп жатканда:

- Алла күнөөлөрдү өчүрө турган жана даражаларды көтөрө турган жакшы амалдарды айтып берейинби? - сурады. Жолдоштору:

- Ооба, - дешти. Пайгамбарыбыз:

- Кыйынчылык болсо да даарат алуу, намазга баруу үчүн мечитти көздөй көп кадам таштоо, бир намазды окугандан кийин кийинки намазды күтүү. Мына ушуларды карманыш керек, - деди. (Муслим, Тахарат 41)



Муну уккан сахабалар дайыма даарат менен жүрүп калышты. Кийимдерине кир жугуп калсадароотазалапсалышат эле. Тиштерин мисвак жаркылдатып тазалап, жылмаюулары да жаркырап турчу болду.

Мусулмандар көбөйгөн сайын Меккеде жагымсыз жыттар жана оорулар жоголо баштады.

Дагы бир маектешип отурганда Пайгамбарыбыз: «Менин үммөтүм даараттын изинен улам кыямат күнү жүзү нурдуу, колдору жана буттары жарык болуп чакырылат. Ким жүзүнүн нурун арттыргысы келсе, даарат алсын» деп айткан (Муслим, Тахарат 35). Муну уккан сахабалар дагы бат-бат даарат ала баштады. Нур чачырап, тазалыктан бети-колдору жаркырап турчу болду. Тамактан мурун жана кийин колдорун жууп, курсагын тойгуча тамак жебей калышты. Алар ибадат жана жакшы жүрүм-туруму менен дайыма эмгекчил жана күчтүү болушкан. Намаз менен жашоолору тартипке салынып, ден соолуктары чың болуп, бактылуу жашап калышты.

Мурдагыдай оорушпай, жада калса дарыгерлер да дарылай турган бейтаптарды таба алышкан жок. Пайгамбарыбыз жана аны үлгү алган мусулмандар менен Мекке баары суктанган жаркыраган шаарга айланды.

# Денебизди жана рухубуздун эң сонун тазалаган - ДААРАТ

Мусулман адам денесинин тазалыгына өзгөчө көңүл бурат. Күн сайын даарат алып колун, жүзүн жана бутун жууп тазалайт. Ошондой эле жумасына бир нече жолу да бүт денесин жуууйт жана эч качан тер жыттанбайт.

Эми даарат алганды үйрөнүү убагы келди.

## 1. Намаз дааратЫ

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз мындай деп сүйүнчүлөйт: «Эгер пенде даарат алып, жүзүн жууса, анын көзү менен карап жасаган ар бир күнөөсү даарат суусунун же суунун акыркы тамчысы менен анын жүзүнөн чыгып кетет. Эки колун жууганда, колу менен жасаган ар бир күнөө даарат суусу же суунун акыркы тамчысы менен жуулат. Бутун жууганда, буту менен кылган ар бир күнөөсү даарат суусу же акыркы тамчы суу менен бутунан кетет. Ошентип ал күнөөлөрдөн тазаланат». (Муслим, Тахарат 32)

Даарат менен денебиз да, ички дүйнөбүз жана ниеттерибиз да тазаланат. Кандай сонун... Анда, келгиле эми даарат алганды үйрөнөлү.

Даарат алып баштаарда аъуузу-
бисмилланы айткандан кийин:
Колумду билегиме чейин 3 жолу
жуууйм.
Сууну таза, Исламды нур кылган
Аллага чексиз мактоолор болсун.

1



Оң колум менен 3 жолу оозума суу алып, чайкайм.

**Оо, Алла Таала, мага Пайгамбарыңдын көлмөсүнөн суу ичире көр, андан кийин кайра эч суусабайын.**

2



Оң колум менен мурдума 3 жолу суу алып, сол колум менен чимкирем.

**Оо, Алла Таала, берекеңдин жана бейишиңдин жытынан мени куру калтырба.**

3



Бетимди толугу менен 3 жолу жууйм.

**Оо, Алла Таала, кээ бир жүздөр агарып, кээ бир жүздөр кара боло турган күндө жүзүмдү жарык кыл.**

4



Оң колумду чыканагым менен кошуп 3 жолу жууйм.

**Оо, Алла Таала, китебимди (акыреттеги эсеп дептеримди) оң жагыман бер жана эсебимди жеңил кыл.**

5



Сол колумду чыканагым менен кошо 3 жолу жууйм.

Оо, Алла Таала, китебимди (акыреттеги эсеп дептеримди) сол жагыман жана артыман бербе, мени оор эсепке тартпа.

6



7



Эки колумду суулап, колумдун ич жагы менен башымды сылайм.

Оо, Алла Таала, башымды ырайымың менен жаап, берекеңди түшүр.

Сөөмөйүм менен кулагымдын ичин, баш бармагым менен сыртын сүртөм.

Оо, Алла Таала, мени сөздү угуп, анын эң жакшысын ээрчигендерден кыл.

8



9



Калган 3 манжамдын арткы тарабы менен моюнумду сүртөм.

Оо, Алла Таала, менин мойнумду тозоктон алыс кыл, мени чынжырга байлануудан сакта.

Оң бутумду кызыл ашыгым менен кошо 3 жолу сол колум менен жууйм.

Оо, Алла Таала, буттар тайган күнү менин бутумду Сырат көпүрөсүндө бекем кыл.




Сол бутумду кызыл ашыгым менен кошо 3 жолу сол колум менен жууйм.

Оо, Алла Таала, мага жакшы иш бер, күнөөлөрүмдү кечир жана мага жакшы амалдарды жана пайдалуу соода-сатык насип кыл.

Даарат – нур, даарат алсак жаркырайбыз. Даарат алган сайын нурланабыз, терибиз күчтөнүп, көзүбүздөн бакыт энергиясы тарай баштайт.

## 2. Гусул алуу

Күнүмдүк даааратыбыздан тышкары гусул деген да бар. Муну менен бүт денебиз тазаланып, жыпар жыттанып турат. Ошондой эле калканыбыз да жаркырап калат.

Гусул кантип алынат:

- Бимилланы айтып, гусул алууга ниет кылабыз.
- Колубузду билегибизге чейин жакшылап жууп, колубузга, тырмагыбызга жабышып, катып калган кирлерди жакшылап тазалайбыз.

- Уяттуу жерлерибизди, сандарыбызды жууйбуз.
- Оң колубуз менен 3 жолу оозубузга көп суу алабыз. Орозо кармап жаткан болсок тамагыбызга суу кирип кетпеши үчүн абайлайбыз.
- Оозубузду жакшылап чайкап тазалайбыз.
- Оң колубуз менен мурунга 3 жолу суу алабыз.
- Сууну жакшылап тартып, сол колубуз менен чимкиребиз. Ошентип, мурдубуздун ичин жакшылап тазалайбыз.
- Намазга даарат алгандай кылып калган жерлерибизди жууйбуз.
- Даарат алгандан кийин 3 жолу башыбызга суу куюп, жуунабыз.
- Оң ийинибизге 3 жолу, сол ийинибизге 3 жолу суу куюп, жышып жууйбуз.
- Ийненин учундай кургак жер калбашы үчүн денебиздин бардык жерин жууп чыгабыз. Киндиктин ичин, кулактын ички бөлүгүн, сөйкө тешигин, чач, сакалдын түптөрүн жакшылап жууганга өзгөчө көңүл бурабыз.
- Калган суу менен бутубузду жууп, ваннадан же душтан чыгабыз.

Ошентип, денебиз бардык кирлерден тазаланат. Таза жана жыпар жыттуу болобуз.

Кандай сонун!

## 3. Таяммум

Кээде кургакчылык болгон учурлар болот. Кээде бир нече күн суу жок болуп калышы мүмкүн. Кээде алыс жолдо жүргөндө суу таппай калабыз. Эч жерде суу жок болсо, анда кир болобузбу? Албетте, жок. Топурак – таза зат. Суу жок кезде топурак менен таяммум алсак, даарат алган сыяктуу руханий кирлерден арууланып, таза болобуз. Анда, таяммум алууга даярсыңарбы?

- Алланын ыраазычылыгы үчүн таяммум алууга ниет кылабыз.
- Таза жерге колубузду коюп, ары-бери сүртөбүз.
- Ашыкча жуккан топуракты күбүү үчүн баш бармактарыбыздын арка тарабы менен колубузду акырын бири-бирине урабыз.
- Колубуз менен бетибизди бир жолу сылайбыз.
- Кайрадан таза жерге колубузду коюп, ары-бери сүртөбүз.
- Ашыкча жуккан топуракты күбүү үчүн баш бармактарыбыздын арка тарабы менен колубузду акырын бири-бирине урабыз.
- Сол колдун ичи менен чыканакты кошо оң колду, оң колдун ичи менен чыканакты кошо сол колду сылайбыз.












# Оюн бурчу Даарат

Тазалануу үчүн даарат алабыз. Ал эми дааратыбыз качан бузулат жана качан кайра даарат алуу керек? Келгиле, билип алалы.

- Заара, заң сыяктуу кирлер чыкканда → Туалетке баруу
- Денеден кан, ириң, сары суу агып чыкканда → Кан чыгуу
- Ооз толо кусканда → Кусуу
- Жел чыкканда → Жел чыгуу
- ВЭси ооп, өзүн билбей калганда → Эстен тануу
- Жатып же бир нерсеге таянып отуруп уктаганда → Уктоо
- Намазда бирөө уга тургандай катуу күлгөндө → Күлүү
- Тиштен чыккан кан түкүрүктөн көп болгондо → Тиш каноо

## Ал эми руханий кирди эмне тазалайт? Мына анын жообу: Истигфар.

Истигфар бардык руханий кирлерди кетирүүчү күчтүү так кетирүүчү каражат сыяктуу. Ал биздин каталарыбызды, туура эмес иштерибизди эч кандай так калтырбай жок кылат.

Эми оюн ойнойбуз.

Алгач бир досубузду тандап алабыз. Ал дааратты бузган же руханий жактан кирдеткен кылык-жоруктарды аралаштырып айтып, бизди адаштырууга аракет кылат. Даарат менен тазалануу керек болгон учурларды айтканда даарат алып жаткандай кылабыз. Истигфар менен тазаланууга мүмкүн болгон учурларды айтканда дароо башыбызды ийип “Астагфируллах ал-азийм” деп айтабыз.

Төмөндө эки учурду көрсөткөн сөздөр берилген.

Кана эмесе, силерге ийгилик.

## Даарат алууну зарыл кылган учурлар

- Эстен тануу
- Заара кылуу
- Жаранын жарылышы
- Кан агуу
- Уктоо
- Туалетке баруу
- Тиши каноо
- Жел чыгаруу
- Кусуу
- Намазда күлүү

## Истигфар айтууну зарыл кылган учурлар

- Калп айтуу
- Ушак айтуу
- Ысырап кылуу
- Жалаа жабуу
- Бирөөнү кемсинтүү
- Шашмалык
- Жалкоолонуу
- Текебердик
- Жек көрүү
- Көрө албастык

# Мусулман адамдын БЕЛГИЛЕРИ

Мусулман адам жылмайган жүзүнөн эле дароо белгилүү болот. Өзү каалагандай ээн-эркин кийинет, бирок көңүл бурушу керек болгон айрым принциптери бар. Биз аны мына ушулардан тааный алабыз.

Мисалы, алардын кийимдери дайыма таза жана тыкан болот. Колу, бети таза, жакшынакай. Мамилеси жумшак жана назик.

Мына мусулман адамдын белгилери:

- Көздөрү чылпаксыз, мурун жана кулактары таза
- Эч кимдин артынан сүйлөбөйт
- Оозунан жаман орой сөз чыкпайт
- Кийген кийими тыкан
- Чыпташкан, тар кийимдерди кийбейт




- Саландаган курсагы жок
- Тырмактары алынган жана таза
- Тиштери жаркырап турат
- Чачтары тыкан
- Жумшак мамиле кылат
- Жагымдуу жыттанып турат

# Мусулмандын айланасына чачкан жарыгы

**Мусулмандын денеси кантип таза болот?**

Алган даараты жана чачына, тишине, тырмактарына кылдаттык менен кам көрүү аны нурдантат. Таза жана тыкан кийимдери менен жөнөкөй жана жарашыктуу. Ошондой эле, сарымсак, пияз сыяктуу жагымсыз жыттуу нерселерди жегенде, эл алдына чыгып эч кимди ирээнжитпейт. Анан жеген тамагы таза, колдонгон буюмдары дайыма ирettүү. Тазалыгы менен эл суктанган үлгүлүү инсан.

## Өзүн арамдардан алыс кармайт

Эч качан арам тамактарды жебейт. Алкоголдук ичимдиктер, баңги заттар, чочконун эти сыяктуу арам тамактардан алыс болот. Уурулук, адилетсиздик менен келген тамакты жебейт, андай буюмдарды да эч кандай колдонбойт. Ошентип ал денесин жана жүрөгүн жаман жана туура эмес сезимдерден коргойт.

## Тилин жаман сөздөрдүн киринен сактайт

Чындыкка жатпаган, сөгүнгөн, кемсинткен, уят сөздөрдү айтпайт. Башкалардын кемчилигин издебейт, эч кимге ачпайт. Ошентип, баары аны менен сүйлөшкөндөн ырахат алат. Андан эч ким качпайт. Баары аны менен дос болгусу келет.

## Пайдасыз сөздөр жана пайдасыз иштер менен алек болбойт

Ал акыл-эсин пайдасыз маалыматтар менен булгабайт. Компьютердик оюндар, телевизордогу көрсөтүүлөр менен акыл-эсин бир нече саат бою алаксытпайт. Ар дайым акылын туура, кооз иштерде колдонот. Ушактан, керексиз кептерден алыс болот. Адамдар тууралуу туура эмес, жалган сөздөрдү айтпайт. Тилин да, акылын да булгабайт.

### Эч кимди таарынтпайт

Бирөөнүн артынан ушак сүйлөбөйт. Жүрөктү жаралай турган тамаша кылбайт. Эч кимди шылдыңдабайт. Бирөөлөргө ат коюп, капа кылбайт. Бирөөнүн буюмун уруксатсыз албайт. Ошентип бирөөнү таарынтып, капа кылып алуудан алыс болот.

### Айлана-чөйрөнү таза сактайт

Таштандыларды туш келди ыргытпайт. Бакчада, мектепте, үйдө дайыма айланасын таза кармайт. Ажатκананы таза кармайт. Жолдо жаткан таш, мык, айнек сыныктары сыяктуу нерселерди алып, адамдардын зыянга учурашына тоскоол болот.

Анын бул тазалыгы, жаркыраган нуру баарын өзүнө тартып турат. Адамдар аны менен достошконуна кубанышат. Кандай сонун! Мусулман адам болуу керемет сезим!



# ТАБЫШМАК

Төмөндөгү бала даарат алып жатып адашып калды. Анын туура даарат алышына жардам бере аласыңарбы? Анда сүрөттөргө номер коюп чыгуу керек. Ошентип ал ирети менен даарат ала алганды үйрөнөт. Силерге алдын ала айтабыз. Чоң рахмат :)



«Кимде-ким толук даарат алып бүткөндөн кийин «Ашхаду ан лаа илааха иллаллаху вахдаху лаа шарийка лах. Ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва расулуху" десе, ал кишиге бейиштин сегиз эшиги ачылат жана каалаган эшик аркылуу бейишке кирет». (Муслим, Тахарат, 17)

# Тазалык нурларым артып баратат!

Алла таза жана тазаларды жакшы көрөт. Андыктан таза бололу. Баатыр мусулман болуу үчүн аракет кылуу мезгили келди.

Төмөнкү таблицада жазылган жүрүм-турумдарды күн сайын жасайлы. Кайсы күндөрү кылган болсок, аны боёп коёлу. Тазалыгыбызга кам көрүп, нурубуз канчалык артарын көрөлү.

Күндү даарат алуу менен баштап, дайыма даарат менен жүрдүм.



Дааратканада чачыратпай отурдум, аны тазалап чыктым.



Эртең менен жана кечинде тишимди жуудум.



Тамактан мурун жана тамактан кийин колумду жуудум.



Чачымды тарадым.



Тилимди жаман сөздөрдөн коргодум.



Таза, тыкан кийимдерди кийдим.



Дүйшөмбү · Шейшемби · Шаршемби · Бейшемби · Жума · Ишемби · Жекшемби

# Инсандык оң сапаттар

Алла Таала бизди эң сонун кылып жараткан. Бизге боорукердик, ырайымдуулук, адептүүлүк, айкөлдүк сыяктуу сонун өзгөчөлүктөрдү берген. Муну түшүнүп, туура жана жакшы иштерде колдонсок, Жаратканга жакшы пенде болуп, ийгиликтерибизге ийгилик кошобуз. Бул өзгөчөлүктөрдү баалабай, туура эмес иштерге колдонсок, бейиштен алыстап, төмөндүн да эң төмөнүнө түшүп кетебиз.

Алла Тааланын бизге берген сонун адеп-ахлактык сапаттарынын кээ бирлери төмөнкүлөр:

- Тууралык жана чынчылдык
- Кайрымдуулук жана боорукердик
- Жоопкерчилик жана ишенимдүүлүк
- Сый жана урмат

Мына ушул сонун өзгөчөлүктөрдү кантип өзүбүзгө сиңиребиз? Алар бизди кантип бизди адептүү баатырга айлантат? Кана, карап көрөлүчү.

# Чынчыл жана туура болсом, баары мага ишенет

إِنَّ الَّذِينَ قَالُوا رَبُّنَا اللّٰهُ ثُمَّ اسْتَقَامُوا فَلَا خَوْفٌ عَلَيْهِمْ وَلَا هُمْ يَحْزَنُونَۚ
اُو۬لٰٓئِكَ اَصْحَابُ الْجَنَّةِ خَالِدِينَ فِيهَاۚ جَزَٓاءً بِمَا كَانُوا يَعْمَلُونَ

Алла Таала Ахкаф сүрөсүнүн 13 жана 14-аяттарында мындай деп айтат: «Биздин Эгебиз Алла гана”, – деп айтып, кийин бекем турушкандар, аларга каралык да болбойт, кайгыруу да болбойт. Алар кылган жакшы иштеринин сыйлыгы үчүн Бейишке киришет, анда түбөлүккө калышат». Алла Таала бизди чынчыл жана туура жашоого чакырат. Чыныгы баатырда болушу керек болгон эң чоң сапаттардын бирине көңүлүбүздү бурат.

Бул жагынан эң сонун үлгүбүз болгон Пайгамбарыбыз бизге туура жол көрсөтүүдө. Ал ар дайым чындыкты айткан. Тамаша кылуу үчүн болсо да калп айткан эмес. Ага берилген аманаттарды көздүн карегиндей сактаган. Адамдар ага берген аманаттарын каалаган убакта, кандай берген болушса дал ошондой кылып кайтарып алаарына толук ишенишет эле. Ага сырын айткандар аны башка бирөөдөн укпай турганын эң жакшы билишчү.

Чынчылдыгы, тууралыгы үчүн Пайгамбарыбызды «Амин» деп аташкан. Башкача айтканда, эч кандай туура эмес, жаман иш кылбасы айдан ачык, өтө ишенимдүү адам дегенди билдирет.

Биз да Пайгамбарыбыз сыяктуу ишенимдүү инсан болуу үчүн чынчылдык менен тууралыкты эч качан таштабашыбыз керек. Кантип?

Алла Таала бизге туура жана чынчыл болушубуз тууралуу Куранда маалымат берет. Ал бизге аяттарды жөнөтөт. Биз үчүн түшүрүлгөн тууралык жана чынчылдык аяттары:

"Эй, адамдар! Силер эмнеге өзүңөр кылбаган нерсени айтасыңар? Алланын алдында, өзүңөр кылбаган нерсени айтканыңар өтө жек көрөрлүк!" (Сафф сүрөсү, 2-3-аят)

"Ким эгер кичине күнөө, же чоң күнөө жасап, андан соң күнөөсүздү аны менен күнөөлөсө, ал өзүнө жалааны жана ачык күнөөнү жүктөгөнү" (Ниса сүрөсү, 112-аят)



"Алар аманатын сакташат жана убадаларын аткарышат" (Муьминун сүрөсү, 8-аят)

"Эй, ыймандуулар! Эгер силерге бир бузуку (адам) кабар алып келсе, кайсыл бир коомго байкабастык кылып, кийин өкүнүп калбаш үчүн оболу аныктагыла!" (Хужурат сүрөсү, 6-аят)

"Эй ыймандуулар! Өзүңөргө каршы, же ата-энеңер, же жакын туугандар болсо да Алла үчүн адилеттүүлүктү тургузуучу калыс күбө болгула! А эгер бай же кедей болсо, Алла экөөнөн тең артыгыраак. Адилеттүү болууңарда көңүлүңөргө ээрчибегиле. А эгер силер тайсалдасаңар же баш тартсаңар, анда Алла силердин эмне кылганыңардан толук кабардар" (Ниса сүрөсү, 135-аят)

# Мына Пайгамбарыбыздын чынчылдыгына бир мисал

Каабаны оңдоо убактысы келип калган эле. Бардык меккеликтер жеңдерин түрүп, чогуу ишке киришишти. Акыры Хажарул Асвадды ордуна коюуга убакыт келди. Бир тобу: «Биз Меккенин эң алдыңкыларыбыз, аны биз коюшубуз керек», - деди. Экинчи бир топ: «Биз Меккедеги саны эң көп уруубуз, ташты коюу биздин милдетибиз», - деди. Башка бир топ: «Жок, биз Меккенин эң көрүнүктүү адамдарыбыз, Хажарул Асвадды биздин койгонубуз туура болот», - деди. Ошентип “биз, биз” деген үндөр жаңырып жатты. Акыры араларынан бирөө: “Мындай болбойт, андан көрө арабыздан бул ишти чече турган калыс тандайлы” деп сунуш айтты.

Бул сунушка баары макул болуп, ал жерге келе турган биринчи адамды калыс тандай турган болушту.

Ошентип баары эшиктен көзүн албай, чыдамсыздык менен күтө башташты. Бир убакта эшик тараптан Мухаммеддин карааны көрүндү. Анын келгенине ошол жердегилердин баары кубанышып: "Амин келди, ал эң туура чечимди айтат", "Амин келди, ал Хажарул Асвадды коюуну сөзсүз бизге берет", "Ал адилеттүү, сөзсүз бизди тандайт" деп өздөрүнчө ойлоно башташты.

Алар “Амин” болгон Мухаммедге абалды түшүндүрүп беришти. Түшүндүрүп жатканда да бири-бири менен айтышып, кайра урушуп кетишти. Пайгамбарыбыз аларды тынчытып, кездеме алып келүүнү сураныды. Аны жерге жайып, Хажарул Асвадды салды да, ар бир учунан ар топтун башчысына карматты. Ошинтип баары бирдей көтөрүп, ташты чогуу ордуна коюшкан.

Талашууга да керек калбады. Эч ким бири-бири менен айтышып, урушкан жок. Эч ким таарынган. Баары: “Амин келип, эң туура чечим кылды. Ал кандай гана калыс адам», - дешип ага ыраазычылык билдиришти.

Мына Пайгамбарыбыз өтө акылдуу, өтө ишенимдүү адам болгон. Бирөөгө ашыкча, бирөөгө кем эмес, баарына бирдей, калыс мамиле кылган.

Биз үчүн да эң сонун үлгү болду. Ал бизге чыныгы баатыр кандай болушу керектигин көрсөттү.

Эми адилеттүү жана туура болуу биздин кезегибиз.

Адилеттүүлүк жана тууралык жагынан Пайгамбарыбызга окшош болуу үчүн эмне кылсак болот? Аны төмөндөгү бош жерге жазгыла.



............................................................

............................................................

............................................................

............................................................

............................................................

............................................................

# ТАБЫШМАК

## Кайсынысы туура?

Төмөндөгү эки достун мээсин ар кандай ойлор ээлеп алды. Алла Таала жакшы ниеттерибизге, жакшы ойлорубузга аларды аткара электе эле сыйлыктарды бере баштайт. Ал эми жаман жүрүм-турумдарга болсо, жасалганда гана күнөө жазылат. Төмөнкү эки доско жакшы жана туура ойлорду тандоого жардам бере аласыңарбы? Алар ката кетирбеш үчүн терс жана туура эмес ойлорго "X" белгисин койгула.

Бул оюнчукту досум мага аманат кылып таштап кеткен. Сындырып же бузуп албаш үчүн аны эч кимге бербешим керек.

Кезек күтсөм, таратылган момпосуйлар мага калбай калышы мүмкүн. Эч кимге билдирбей алдыга өтүп кетейин.

Баары бир эч ким көрбөйт, досумдун калемин алып алайын. Аныкы сонун экен, эми меники болот.

Мен бул экзаменге жакшы даярдана албадым. Досум жакшы даярданды окшойт, бирок андан көчүрүп жазганым да туура эмес.

Чымчыктарга нандын күкүмдөрүн берейин. Бул алардын акысы. Биз алар менен чогуу жашайбыз.

Мен бул оюнду жакшы көрөм, бирок кетишим керек. Себеби бул убакта китеп окуйбуз деп апама сөз бергем.

Мен силерге бирдей бөлүп бере албайм. Сага чоң кесим, сага кичинекей кесим. Анткени кимге канча керек болсо, ошончо бериши керек.

Паркта бир аз ойноп алайынчы. Апама дүкөндө кезек бар экен, ошого кечигип калдым, деп коём.

Вазаны сындырып алганыма апам аябай ачууланат. Иним кичинекей эмеспи, апам аны урушпайт. Иним кылды деп айтып кутулуп кетейин.

Өзүмдү кармай албайт окшойм, инимдин сырын досум менен бөлүшөм. Баары бир ал эч кимге айтпайт.





# Жардам жана боорукердик менен жүздөр жылмаят

Ар бир адам же ар бир жандык кыйын абалда калып, жардамга муктаж болгон учурлар болот. Мындай учурда аларга жардам берсек жакшылык кылган болобуз. Биздин бул жакшылыгыбыз алардын жүзүн жылмайтып, бизди да бактылуу кылат.

Мисалы, тескери жатып калган таш баканы кайра оңдоп жаткырып койгонубузда... Дасторкондо калган күкүмдөрдү чымчыктарга бергенибизде... Апабыз тамак жасап жатканда жардам бергенибизде... Чоң атабызга дарысын алып келип бергенибизде... Инибизге үй тапшырмасын аткарууга жардам бергенибизде дайыма жакшылык кылуунун кубанычын сезебиз.

Кошуналар менен, досторубуз менен жылмайып учурашып, ал-абалдарын сурап, жакшы каалоо-тилек айтсак жакшы иш кылабыз.

Пайгамбарыбыз айткан: «Мусулман – мусулмандын бир тууганы. Ага жамандык кылбайт. Аны жалгыз калтырбайт. Ким бир тууганынын муктаждыгын канааттандырса, Алла да анын муктаждыгын канааттандырат. Ким бир мусулмандын кыйынчылыгын жеңилдетсе, Алла Таала кыямат күнү анын кыйынчылыгын жеңилдетет. Ким мусулман бир тууганынын айыбын жаап койсо, Алла анын айыбын кыямат күнү жаап коёт». (Бухарий, Мазалим, 3).

Берешен, кайрымдуу адам айланасындагыларга гана бакыт тартуулабастан, өзүнүн жүрөгүнө да бейпилдик алып келет. Кайрымдуу адамдарды баары жакшы көрөт, аларга суктанышат. Кайрымдуу мусулман Алланын жана Пайгамбарыбыздын көптөгөн сүйүнчүлөрүнө жетет.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам): «Кимде-ким мусулмандардын ичинен жетим баланы алып, аны менен жеп-ичкенин бөлүшсө, эгер кечирилгис күнөө (ширк сыяктуу) кылган эмес болсо, Алла аны сөзсүз бейишке киргизет» (Тирмизий, Бирр 14, 1918) деп айтып, жетимдерге кайрымдуулук кылып, мээримдүүлүк менен жардам берүүбүздү сунуш кылат.

**Абайлагыла!**

Алла Таала мындай деп эскертет: «Бири-бириңерге жакшылыкта жана такыбалыкта жардам бергиле. Бирок күнөө жана душмандыкта жардамдашпагыла» (Маида сүрөсү, 2-аят).

Эгер бир досубуз же үй-бүлөбүздөн бирөө туура эмес бир кылса, ага жардам берүү туура эмес. Ал абдан жакшы көргөн адамыбыз болсо да, анын туура эмес ишине жардам берсек, ага жакшылык эмес, жамандык кылган болобуз. Бул бизди жана биз жардам берген адамды жамандыкка алып барат.

Саламга алик алуу, чүчкүргөн адамга «Йархамукаллах» деп айтуу, адамдарга зыян бере турган жолдо жаткан нерсени четке алып коюу сыяктуу көптөгөн жолдор менен адамдарга жардам бере алабыз. Силер бир күндө кимге жана кантип жакшылык кыла аласыңар? Келгиле, ойлонуп көрөлү жана аны төмөндө жазалы. Андан кийин аларды күн сайын ишке ашыралы. Ошентип, бейиштеги белектериңерди көбөйтөсүңөр.

Эң жакын досумдун бирөө менен урушуп жатканын көргөндө .....

.................................................................................................................

Оюнга кошулгусу келген досум келгенде ..............................................

.................................................................................................................

Экзамендем жакшы баа албай калган досума ....................................

.................................................................................................................

# Мына Пайгамбарыбыздын жардамгерчилигинин мисалы

Күндөрдүн биринде Пайгамбарыбыз көйнөк алуу үчүн базарга барат. Чөнтөгүндө он динары бар эле. Төрт лирага көйнөк сатып алып, үйүнө кайтып келе жатканда мадиналык бир адам келип:

«Мага көйнөк кийгиз, Алла да сага бейиштин кийимин кийгизсин» деп дуба кылды. Пайгамбарыбыз дароо ал кишиге сатып алган көйнөгүн берет.

Көйнөктү алган киши ыраазы болуп сүйүнүп кетип калды.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз кайтып келип, төрт динарга дагы башка көйнөк сатып алды. Ошентип чөнтөгүндө эки динары калган. Мадинанын көчөлөрүн аралап жүрүп, бир күң аялдын ыйлап жатканын көрдү. Дароо жанына барып:

- Эмнеге ыйлап жатасың? - деди. Кайгыга катуу батып отурган ал аял Пайгамбарыбызды көрөр замат жардам берер деген үмүт менен:

- Кожоюнум ун сатып алып кел деп эки динар берген эле. Бирок мен аны жоготуп алдым. Эми эмне кыларымды билбей калдым, - деди ал. Пайгамбарыбыз дароо чөнтөгүндө калган эки динарды берди. Бирок ая аял дагы деле ыйлай берди. Пайгамбарыбыз:

- Жоготкон акчаңды бердим. Эми эмнеге ыйлап жатасың? - деп сурады. Ал:

- Кечиккеним үчүн кожоюнум сабап койбосо экен деп корккомуман ыйлап жатам, - деди. Пайгамбарыбыз:

- Мен сени менен барып, кожоюнуң менен сүйлөшөм, - деп ал аял менен кожоюндун үйүн жөнөдү. Үй ээлери Пайгамбарыбызды көрүп абдан кубанышты.

Пайгамбарыбыз:

- Бул аял сабап койбойт бекен деп сенден коркуп жатат, кечиккени үчүн аны кечирип кой, - деди.

- Үйүмө аны менен чогуу келдиң, аны кечиришимди каалап жатасың, андай болсо аны Алланын ыраазычылыгы үчүн азат кылдым, эркиндигин бердим», - деди кожоюну. Ошентип баары абдан бактылуу болушту. (Хайсмий, 13-14-хадистен аңгемелештирилген)

**Алла Таала адамдарга жардам бергенди сүйгөн жана жакшы инсан болушубузду каалаганы үчүн бизге Курандагы аяттарды түшүргөн. Төмөндө жардамдашуу жана жакшылык аяттары.**

"Чындыгында, Алла – адилеттүүлүктү, жакшылыкты жана тууган-урукка кайрымдуу болууну буюруп, уятсыздыктан, каапырлыктан жана чектен ашуудан тыйат. Түшүнүшүңөр үчүн Алла силерге (ушундайча) насыят берет." (Нахл сүрөсү, 90-аят)

"Силер (жалпы) адамзат үчүн жиберилген жакшы коом болдуңар. Аллага ыйман келтирип, жакшылыкка үндөйсүңөр жана жамандыктан тыясыңар." (Аали Имран сүрөсү, 110-аят)

"Ата-энеңерге, туугандарыңарга, жетимдерге, кедейлерге, жакын жана алыс кошуналарга, кесиптеш жолдошко, жолоочуга жана кол алдыңдагыларга жакшылык кылгыла!" (Ниса сүрөсү, 36-аят)

"Эгерде кайрымдуулукту ашкере кылып берсеңер – ал кандай сонун. Ал эми аны жашыруун жасап, кедейлерге берсеңер – ал силер үчүн андан да жакшы. Ал силердин жамандыктарыңарды өчүрөт. Алла – жасап жаткан ишиңерден Кабардар!" (Бакара сүрөсү, 271-аят)

"Эгең силерге Анын Өзүнөн башка эч кимге сыйынбоону жана ата-энеңерге жакшылык кылууну буйруду. Эгер алардын бирөө, же экөө тең карылык куракка жетсе, аларга: "Уф-ф!" - дебе, зекибе! Жылуу-жумшак сөз сүйлө! Аларга мээримдүү канатыңды кенен жайып, "Эгем! Алар мени кичинемден чоңойтуп өстүргөндөй, аларды мээримиңе бөлө", – дегин." (Исра сүрөсү, 23-24-аяттар)

"Кимде-ким кыпындай жакшы иш кылган болсо аны көрөт, кимде-ким кыпындай жаман иш кылган болсо аны да көрөт." (Залзала сүрөсү, 7-8-аяттар)

"Момун-мусулмандар өздөрү ачка болуп турса да жетимдер, туткундар жана жакырлар менен ырыскыларын бөлүшүшөт: «Биз силерден ыраазылык да, сый да күтпөстөн Алланын ыраазычылыгы үчүн гана тойгузабыз." (Инсан сүрөсү, 8-9-аяттар)

# ТАБЫШМАК

## Кайсынысы туура?

Төмөндөгү эки достун мээсин ар кандай ойлор ээлеп алды. Алла Таала жакшы ниеттерибизге, жакшы ойлорубузга аларды аткара электе эле сыйлыктарды бере баштайт. Ал эми жаман жүрүм-турумдарга болсо, жасалганда гана күнөө жазылат. Төмөнкү эки доско жакшы жана туура ойлорду тандоого жардам бере аласыңарбы? Алар ката кетирбеш үчүн жардамдашуу жана жакшылык кылууга туура келбеген ойлорго "Х" белгисин койгула.

Досума үй тапшырмасын аткарууга жардам берейин, ал мага оюнчугун берип турсун.

Апам менен атам аябай чарчап калышты. Мен аларга бүгүн кечинде өз колум менен чай даярдап берем. Алар эс алышсын.

Байпагым жыртылып, эскирип калды. Аларды муктаж болгондорго берип салайын.

Ооруган тууганымды көрүп келейинчи, ага ысык шорпо ала барсам жакшы болот.

Бул банандын кабыгын жерге ким таштады экен? Алдын карабай баскан бирөө-жарым тебелеп алып, тайгаланып жыгылып кетпейби? Мага эмне?! Мен аны алып салгым; келбейт, колум булганат.

Байкуш жаныбарлар бул ысыкта абдан суусашат. Мына идишке суу куюп коёюнчу, ичип алышсын.





Бул бут кийимди эч кимге көрсөтпөй кошунабыздын эшигине таштап коёюн. Бут кийими жыртылып калган экен, буту үшүп калбасын.

Бул эмне деген жыт?! Досум байкабай жел чыгарып койду окшойт. Уялып калбасын, эч кимге айтпай терезени ачып коёюн.

Агам кошунабыздын бакчасынан уруксатсыз мөмө-жемиш терип жүрөт. Мен да ага жардам берейин.

Уфф, мага бул бала такыр жакпайт. Салам бергенде укмамышка салып коёюн.

# Жоопкерчилик жана өзүңдү башкара билүү менен дүйнөнүн ырахатын сезесиң

Алла Таала: “Чындыгында жоопкерчиликти (аманатты) асмандар менен жерге жана тоолорго сунуш кылдык. Ошондо алар аны мойунга алуудан баш тартышты, андан коркушту. Аны адам баласы мойнуна алды.” (Ахзаб сүрөсү, 72-аят) дейт.

Ооба, биз, адамдарда эрк бар. Биз ойлонуп, туура менен туура эмести ажырата алабыз. Биз өзүбүз чечим чыгара алабыз. Башкача айтканда, биз өзүбүздү көзөмөлдөй алабыз, жакшылык кылууга жана жамандыктан алыс болууга аракет кылабыз. Ошон үчүн биз, адамдар тоо, таш, жан-жаныбар, өсүмдүктөр баш тарткан ыймандын аманатын алганбыз. Жакшы менен жаманды, туура менен туура эмести ажырата билгенибиз үчүн өзүбүздүн милдеттерибизди аткара алабыз.

Жашоодо дагы да ийгиликтүү болуп, үстүбүздөгү аманатты жана милдеттерди аткаруу үчүн жумушубузду өз убагында аткарышыбыз керек. Мисалы, намазды өз убагында окуу, ден соолугубузга кам көрүү, тазалыкка көңүл буруу, үй-бүлөбүздүн алдындагы жоопкерчилигибизди аткаруу биздин милдетибиз. Алланын бизге бергендерин текке кетирбөө, жаныбарларга, өсүмдүктөргө зыян бербөө, сууларды булгабоо жана булардын баарын коргоо биздин милдетибиз.

Бизге: «Эмне кыласың? Бир эле сен барсыңбы? Башка бирөө кылсын” же "Кийин деле кылсаң болот, жүр азыр ойнойлу" дешсе да, биз өзүбүзгө болгон ишенимди бекем карманып: «Жок. Бул менин милдетим жана мен аны өз убагында аткарышым керек» деп айта алышыбыз керек. Муну айтканда бардык кыйынчылыктар жеңилдеп, дүйнө ыңгайлуу жерге айланат. Эртеңкиге калтырган ишибиз, милдеттерибиз чогулуп, кийин аткаруу кыйын болуп калаарын унутпайлы.

Эми үйдөгү, мектептеги жана көчөдөгү милдеттериңерди жазгыла. Эгер буларды өз убагында кылбасаңар эмне болорун досторуңар жана мугалимиңер менен пикир алышкыла.

**Аткарышым керек болгон милдеттерим**

**Аткарбаганда эмне болоору**

Биздин ар кандай милдеттерибиз бар. Булардын баарын Алла үчүн эң жакшы аткарсак, ал ибадатка айланат. Өзүбүздү кылдаттык менен көзөмөлдөп, милдеттерибизди аткарууга аракет кылалы.

# Мына Пайгамбарыбыздын жашоосунан жоопкерчилик үлгүсү

Күндөрдүн биринде сүйүктүү Пайгамбарыбыз достору менен төө минип жолдо баратышкан. Ал артта бара жаткан эле. Муаз бин Жабал жанына келип:

Оо, Алланын Элчиси! Эгер мен сага тоскоолдук кылбасам, сага жакын басканга уруксат бересиңби? - деп сурап калды. Пайгамбарыбыз уруксат бергенде Муаз:

– Жаным сага курман болсун, оо, Алланын Элчиси! Аманат болгон жаныбызды сенден мурда алышын Алладан суранам. Ал эми сен бизден мурун көз жумсаң, сенден кийин кайсы ибадаттарды кылабыз? – деп сурады. Пайгамбарыбыз бул суроого жооп бербей бир топко чейин унчукпай турду. Муаз:

– Алланын жолунда жихад кылалыбы? - деп сурады. Пайгамбарыбыз:

– Алла жолунда жихад – бул эң сонун нерсе. Бирок адамдар үчүн мындан да жакшы нерсе бар, - деди. Муаз:

– Орозо кармоо жана зекет берүүбү? – деп сурады. Пайгамбарыбыз:

– Орозо кармоо жана зекет берүү да жакшы. Бирок адамдар үчүн мындан да жакшы нерсе бар, - деди.

Андан соң Муаз өзү билген көптөгөн жакшылыктарды жана аткарган милдеттерин санап өттү. Пайгамбарыбыз ар жолкусунда:

– Адамдар үчүн мындан да жакшыраак нерсе бар, - деп айтып жатты. Муаз андан ары чыдай албай:

– Ата-энем сага курман болсун, адамдар үчүн булардан жакшыраак эмне бар? – деди.

Пайгамбарыбыз колу менен тилин көрсөтүп:

– Жакшы сөз айта албай турган болсо унчукпоо, - деп жооп берди. Муаз:

– Сүйлөгөн сөзүбүз үчүн да жооп беребизби? - деп таң калып сурады.

Ошондо Алланын Элчиси Муаздын тизесин таптап, мындай деди:

– Сенден Алла ыраазы болсун, Муаз! Адамдарды тозокко сүйрөп жаткан нерсе, алардын тилдеринен башка эмне болушу мүмкүн? Ким

Аллага жана акырет күнүнө ишенсе, же жакшы сөздөрдү сүйлөсүн, же унчукпасын! Жакшы сөздөрдү айтуу менен пайда тапкыла, зыяндуу сөздөрдү айтпоо менен тынчтыккак жана бейпилдикке ээ болгула». (Хаким, IV, 319/7774)

Муаз сүйүктүү Пайгамбарыбыздын насааттарын кунт коюп угуп, көпкө ойлонду. Эгер сүйлөгөнү эч нерсеге жарабаса, ал тургай жамандыкка себеп боло турган болсо, анда эмне үчүн сүйлөмөк эле? Муну кылганга күчү жетет эле. "Мен муну кыла алам" деди ал өзүнчө. «Бул менин жоопкерчилигим. Адамдар таарынып же мени туура эмес түшүнүп калбашы үчүн унчукпай койсом болот. Ачуулансам да, толкундансам да, сүйүнсөм да айта турган сөзүм башкаларга зыян келтире турган болсо, анда УНЧУКПАЙ коё алам!" деп ойлонду.

**Алла Таала іздин жоопкерчиликтүү жана өзүн көзөмөлдөй ала турган адамдар болушубуз үчүн Куранда аяттарды түшүргөн. Төмөндө мына ушулар тууралуу аяттар берилген:**

"Билбегениңдин артынан ээрчибегин. Акыйкатта кулак, көз жана жүрөк, мунун баары жооп берүүгө тартылат." (Исра сүрөсү, 36-аят)

"Мындан соң (силерге берилген жакшылыктардан) ошол күнү сөзсүз суралаcыңар." (Такасур сүрөсү, 8-аят)

"(Алардын) байлыгында тилемчилерге жана (андан) кур калгандарга акы болгон (жана аларга соопчулук жардам беришкен)." (Зарият сүрөсү, 19-аят)

"Албетте, кылган ишиңерден суралаcыңар." (Нахл сүрөсү, 93-аят)

"Жегиле, ичкиле, бирок ысырапкорлук кылбагыла! Анткени Алла ысырапкорлорду жакшы көрбөйт." (Арааф сүрөсү, 31-аят)

"Алар сарп кылганда ысырап кылышпайт жана саранданышпай, орточчо сарпташат." (Фуркан сүрөсү, 67-аят)

"(Аларга): "Алла менен Анын пайгамбарына мойун сунгула!", – деп айт. Эгер мойун сунуудан баш тартсаңар, чындыгында, пайгамбар өзүнө жүктөлгөнгө, а силер өзүңөргө жүктөлгөндөргө гана (жооп берүүгө) милдеттүүсүңөр." (Нур сүрөсү, 54-аят)

# ТАБЫШМАК

## Кайсынысы туура?

Төмөндөгү эки достун мээсин ар кандай ойлор ээлеп алды. Алла Таала жакшы ниеттерибизге, жакшы ойлорубузга аларды аткара электе эле сыйлыктарды бере баштайт. Ал эми жаман жүрүм-турумдарга болсо, жасалганда гана күнөө жазылат. Төмөнкү эки доско жакшы жана туура ойлорду тандоого жардам бере аласыңарбы? Алар ката кетирбеш үчүн жоопкерчиликсиз жана туура эмес ойлорго "Х" белгисин койгула.

Өтө чарчап турам. Бүгүн тишимди жуубай эле уктасам эч нерсе болбойт.

Апа, кээде мени аябай ачуулантасың. Бирок эмне болсо да, мен сага "уфф" дебейм. Сага баш ийүү менин перзенттик милдетим.

Сууну көп-көп куйгула. Жакшылап тазаланып, машинам жаркырап турсун. Башкалар сууну кайдан тапса, ошол жактан тапсын. Аны менен ишим жок!



Бир намазды окубай коюнун эч кандай жаман жери жок. Эмнеси болсо да, мен төртөөнү окудум го. Оюнду уланта берейин андан көрө.

Мугалимибизге айтып койсом окшойт, башка мугалимдер аны бир аз жайыраак деп ойлошот экен.

Алар эмне жөнүндө жашыруун сүйлөшүп жатышат? Аны билүү менин милдетим эмес, мен бул жерден кеткеним жакшы.

Бүгүн класстын төрагасы шайланат. Мен эң жакшы талапкерге барып добуш беришим керек.

Пикник жакшы болду. Эми таштандыларыбызды чогултууга убакыт келди. Биз кооз жаратылышты булгабашыбыз керек.

Үйдө жумушум бар, үй тапшырмам бар, бирок мен көп-көп ойногум келет. Азырынча ойной берейинчи, аларды кийин деле кылам да.

Досторум мени канчалык шылдыңдабасын, мен Куран окуй берем. Канчалык көп окусам, ошончолук бат үйрөнөм.



# Тин сүрөөсү

Тин сүрөсүндө Алланын адамдарды эң сонун жана эң таза кылып жаратканы айтылат. Башкача айтканда, Алла Таала бизге мусулман адам болуу үчүн бардык зарыл болгон өзгөчөлүктөрдү берген. Бизге берилген жоомарттык, мээримдүүлүк, сабырдуулук, шүгүрчүлүк сыяктуу бардык жакшы сапаттарды сооп алуу үчүн колдонобуз. Ошондой эле көрө албастык, акчаны сүйүү жана шашмалык сыяктуу жаман сыяктуу көрүнгөн мүнөздөрүбүздү да ыңгайлуу учурларда колдонобуз. Мисалы, биз абдан жакын досубузду абдан жакшы көрөбүз жана аны кызганабыз, бул бири-бирибизди көбүрөөк жакшы көрүшүбүзгө себеп болот. Акчаны жакшы көрүшүбүз бизди үнөмдүүлүккө, аны жөн эле коротпой, чындап акчага муктаж болгондорго, башкача айтканда анын кадырын билгендерге садага кылып беребиз. Жакшы иштерди баштоодо жана аягына чыгарууда шашмалык мүнөзүбүздү да колдонобуз. Ошентип, ар бир ишибиз жана жүрүм-турумубуз бизди Бейишке жакындатат.

Бул туурасында бизге маалымат берген Тин сүрөөсү:



# Сүйүү жана урматтоо

بِسْمِ اللّٰهِ الرَّحْمٰنِ الرَّح۪يمِ

وَالتّ۪ينِ وَالزَّيْتُونِۙ ﴿١﴾ وَطُورِ س۪ين۪ينَۙ ﴿٢﴾ وَهٰذَا الْبَلَدِ الْاَم۪ينِۙ
﴿٣﴾ لَقَدْ خَلَقْنَا الْاِنْسَانَ ف۪ٓي اَحْسَنِ تَقْو۪يمٍۘ ﴿٤﴾ ثُمَّ رَدَدْنَاهُ اَسْفَلَ
سَافِل۪ينَۙ ﴿٥﴾ اِلَّا الَّذ۪ينَ اٰمَنُوا وَعَمِلُوا الصَّالِحَاتِ فَلَهُمْ اَجْرٌ غَيْرُ
مَمْنُونٍۜ ﴿٦﴾ فَمَا يُكَذِّبُكَ بَعْدُ بِالدّ۪ينِۜ ﴿٧﴾ اَلَيْسَ اللّٰهُ بِاَحْكَمِ
الْحَاكِم۪ينَ ﴿٨﴾

**Мээримдүү, Ырайымдуу Алланын аты менен.**

1. Анжир менен зайтунга ант!
2. Сиинаа тоосуна ант!
3. Мына ушул бейпил шаарга  ант!
4. Албетте, Биз инсанды эң мыкты - тегиз турпатта кылып жараттык.
5. Андан кийин Биз аны төмөнкүлөрдүн эң төмөнүнө кайтардык.
6. Бирок, ыйман келтирип Аллага ишенген жана жакшылык иштерди кылгандар үчүн үзүлбөгөн сыйлык бар.
7. Мындан соң сени  кыйаматты жалганга чыгарууга эмне түрткү болуп жатат.
8. Алла өкүмдарлардын өкүмдары эмеспи?!

# Сүйүү жана урматтоо

Алланын дагы бир аты Вадуд. Мааниси - сүйгөн жана сүйүлгөн. Бүт ааламды жана бүт жандыктарды сүйүү менен жараткан жана аларды абдан жакшы көрөт.

Ал күн сайын эртең менен бизге күндүн нуру менен жарык чачат. Мээримдүүлүк менен уйкудан ойготот. Күндүз жаныбарларды жана өсүмдүктөрдү биздин кызматыбызга берет. Аларды колдонуп, пайда көрүп ден-соолукта жашайбыз. Эс алышыбыз үчүн түндү көрпө сымал үстүбүзгө жабат. Карангыдан коркпошубуз үчүн жылдыздарды жана айды түнкүсүн чырак кылып жагат.

Алла Таала бизди ушунчалык сүйгөндүктөн, баарын биз үчүн жараткан. Мисалы, дарактар биз үчүн кычкылтек иштеп чыгат. Гүлдөрдөн буркураган атыр жыт чыгат.

Ааламдагы бүт жандыктар Алланы абдан сүйүшөт. Планеталар, жылдыздар, дарактар, гүлдөр жана бүт жаныбарлар, кыскасы бүт баары Алланы эстешет. Алланын аларга берген милдеттерин сүйүү менен аткарышат. Канаттуулар "Алла" деп сайрашат. Суулар «ху» деп агат.

Макулуктардын Аллага болгон бул сүйүүсү сый-урматка айланат. Мисалы, күн эч качан “мен бүгүн чыкпайм” деп айтпайт. Булуттар “эми жамгыр жаадырбайм” деп айтпайт. Дарактар “мөмө бергим келбейт” дебейт. Алардын ар бири Аллага сүйүү жана урмат-сый менен моюн сунуп, Анын айтканын аткарышат.

Биз пенделер болсо Аллага болгон сүйүүбүздү жана сый-урматыбызды Куран окуу, намаз окуу, орозо кармоо жана жакшы амалдарды кылуу, башкача айтканда Ага ибадат кылуу менен көрсөтөбүз. Аллага берген жакшылыктары үчүн ыраазычылык билдиребиз. Анын ысымдарын айтуу менен аны абдан сүйөрүбүздү айткан болобуз.

Алла каалабаган нерселерди кылбоо да ибадат болуп саналат. Мисалы, жаман сөз айткыбыз келгенде «Алла мени угуп турат, Ал бул сөздү такыр жактырбайт» деген ой менен өзүбүздү токтотобуз.

Бир адамга же ишке ачуубуз келгенде “Алла кечиримдүүлүктү жана кечирүүчүлөрдү жакшы көрөт” деп ойлоп түшүнүктүү болууга аракеттенебиз. Биз Алланы сүйгөндүктөн, Анын жараткандарын да сүйөбүз. Биз аларга боорукердик жана сүйүү менен мамиле кылабыз.

Карагыла, Пайгамбар бизге мындай деп сүйүнчүлөйт:

«Эгер ким жаш кезинде карыларды урмат-сый көрсөтүп, кызмат кылса, Алла Таала карыганда аны сыйлап, ага кызмат кыла турган адамдарды жаратат» (Тирмизий, Бирр, 75).

Кандай сонун, туурабы? Башкаларды жакшы көрсөк, бизди да жакшы көрүшөт! Башкаларды сыйласак, биз да сыйга татыйбыз!

Эми, сүйүү жана урмат-сый менен мамиле кылган адамдарыңарды, учурларды төмөнгө жазгыла. Андан кийин жазгандарыңарды досторуңар менен чогуу окугула.

## Көрөлүчү, ким эмне деп жазат?

........................................................................................................................

........................................................................................................................

........................................................................................................................

........................................................................................................................

........................................................................................................................

........................................................................................................................

........................................................................................................................

........................................................................................................................

# Пайгамбарыбыздын жашоосунан сүйүү жана урмат көрсөтүү мисалдары

**Ар бир адам сый-урматка татыктуу.** Адамдарга сый-урмат көрсөткөн адам – жакшы мүнөз, жетилген адам. Аны баары сыйлашат. Күндөрдүн биринде Пайгамбарыбыз Мадинада сахабалары менен сүйлөшүп отурганда, алардын алдынан бир жөөттүн жаназасын көтөрүп өтүшөт. Муну көргөн Пайгамбарыбыз дароо ордунан туруп, алар көрүнбөй калгыча отурбайт. Сахабалар таң калып: «Оо, Алланын Элчиси, бул жөөттүн жаназасы. Ал мусулман эмес, эмнеге турдуң?» - деп сурашат. Пайгамбарыбыз: «Ооба, бирок баарынан мурда ал – адам», - деп айтат. Сахабалар бул жооптон чогуу жашаган ар бир адамга сый-урмат көрсөтүү керек экенин түшүнүштү. Ишенимине, көз карашына карабастан, ар кимге урмат-сый менен мамиле кылышты. Мына ушундай жүрүм-турумунан улам алар ар дайым кадыр-барктуу, сый-урматка татыктуу адамдар болуп келишкен.

**Пайгамбарыбыз балдарды да жакшы көрүп, аларга урмат-сый менен мамиле кылган.** Балдар анын колун кармаганда, алар коё бермейинче колун тартчу эмес. Жаш бала болобу, чоң киши болобу, баарынын сөздөрүн кунт коюп угат эле. Ага келген белектерди жанындагы жашы эң кичүү кишиге берип, аларды кубантчу. Кызы Фатима бөлмөгө киргенде сүйүү, урматтоо менен ордунан туруп, жылмайып тосуп алат эле.

Неберелери Хасан менен Хусейинди жонуна көтөрүп, жада калса төө болуп ойночу. (Бухарий, Адаб, 18)

Небереси Умама бир жолу Пайгамбарыбыз намаз окуп жатканда колун мойнуна ороп, аркасына асылган бойдон туруп калат. Умама Пайгамбарыбыз намаз окуп жатканда аны менен ушинтип оюн ойноого аракет кылчу экен. Пайгамбарыбыз аны ар бир ирекетте руку жана саждада этияттап жерге түшүрүп, кайра ордунан туруп жатканда кайра аркасына асылып алышына уруксат берчү. Оюну бузулбасын деп намазын ушинтип окуйт эле.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз багымдат жана куптан намаздарын окуп жатканда баланын ыйлаган үнү чыгып калса, батыраак окуганга аракет кылчу. Балдарга боорукердигин, мээримдүүлүгүн «Ким ыйлаган бала сооронгонго чейин анын көңүлүн алып, ага жакшы мамиле кылса, Алла Таала ага Бейиште канчалык ыраазы боло тургандай жакшылыктарды берет» деп айтып көрсөткөн. Балдарды «Бейиштин гүлдөрү» деп жакшы көрчү.

Пайгамбарыбыз жаныбарларды да абдан жакшы көрчү. Күндөрдүн биринде Пайгамбарыбыздын жанына бир төө келди. Төө ага бир нерсени айтып жаткандай болду. Пайгамбардын кулагына жакындап кырылдап үн чыгарып жатты. Бир убакта Пайгамбарыбыз: «Бул төөнүн ээсин тааныган адам барбы? Аны чакыргылачы», - деди. Төөнүн ээсин таап келишти. Ал киши Пайгамбарыбызды көргөндө эмне кыларын билбей таң калып туруп калды. Пайгамбарыбыз: «Бул төө сеникиби?» - деп сурады. Ал толкунданып: «Ооба, меники», - деп жооп берди. Пайгамбарыбыз:

- Бул төө сага ныаразы болуп жатат экен. Ашыкча жүк жүктөп, курсагын жакшы тойгузбай ачка калтырат экенсиң, - деди да, сөзүн мындай деп улантты:

- Жаратkandын белеги болгон бул жаныбарлардын акыларына көңүл буруп, аларга сүйүү менен мамиле кылуу керек. Кыяматта айбандар да арызданышат. Биз аларды сыйлабаган болсок жана мээримсиз мамиле кылган болсок, булар үчүн да жооп беребиз.

Төөнүн ээси:

- Оо, Пайгамбарым, айткандарыңды дароо аткарам. Акыретте да, дүйнөдө да менден ыраазы болушу үчүн мындан ары мен ага сүйүү жана камкордук менен мамиле кылам, - деди. Төөнүн мойнунан сылап, кубанган бойдон төөсүн жетелеп кетти.



(Абу Давуд, Жихад 47 хадисинен аңгемелештирилген).

**Алла Таала сүйүү жана сый-урматты туу туткан адам болушубуз үчүн Куранда аяттарды түшүргөн. Мына сүйүү жана сый-урматка тиешелүү аяттар.**

"Алла мени энеме ыйбаалуу кылды" (Марйам сүрөсү, 32-аят)

"Чындыгында, Алла пайгамбарга ырайым кылат. Ошондой эле ага периштелер да салават айтып турушат. Эй, момундар! Ага салават жана салам айткыла." (Ахзаб сүрөсү, 56-аят)

"Алар Алла бириктирүүнү буйруганды бириктиришет жана Эгесине сый-урмат көрсөтүшүп, эсептин жаман болушунан коопточушат" (Рад сүрөсү, 21-аят)

"Акыйкатта, ыймандууларга жана сооптуу иш кылгандарга Мээримдүү жакшы көрүү сезимин тартуулайт" (Марйам сүрөсү, 96-аят)

"Ага байыр алууңар үчүн өзүңөрдөн жубай жаратып, ортоңорго махабат жана мээримдүүлүк берип койгону да – Анын белгилеринен. Чындыгында, ой жүгүрткөн эл үчүн ушуларда белгилер бар" (Рум сүрөсү, 21-аят)

"Жегиле, ичкиле, бирок ысырапкорлук кылбагыла! Анткени Алла ысырапкорлорду жакшы көрбөйт" (Арааф сүрөсү, 31-аят)

"Мына ыйман келтирип, жакшылык иштерди кылган пенделерине Алла кабар берет: "Мен силерден бул үчүн акы сурабаймын, бирок жакындоо үчүн жакшы көрүү болсун. Ким жакшылык кылса, ага Биз жакшылыкты кошобуз. Акыйкатта, Алла – Кечирүүчү, Каниеттүү" – дегин." (Шуура сүрөсү, 23-аят)

# ТАБЫШМАК

## Кайсынысы туура?

Төмөндөгү эки достун мээсин ар кандай ойлор ээлеп алды. Алла Таала жакшы ниеттерибизге, жакшы ойлорубузга аларды аткара электе эле сыйлыктарды бере баштайт. Ал эми жаман жүрүм-турумдарга болсо, алар жасалганда гана күнөө жазылат. Төмөнкү эки доско жакшы жана туура ойлорду тандоого жардам бере аласыңарбы? Алар ката кетирбеш үчүн сүйүү жана урмат-сыйга туура келбеген ойлорго "X" белгисин койгула.

Мен досум менен абдан жакын мамиледемин. Анын буюмдарын уруксатсыз колдоно алам.

Пикник сонун болду. Таштандыларды чогултуп коёлу. Бизден кийин келгендер көңүлү ирээнжибесин.

Мен алардын баласы эмесминби? Албетте, ата-энемдин жанына уруксатсыз эле кире алам. Алардын бөлмөсүнүн эшигин тыкылдатуунун кереги жок.

Мага андай балдар жакпайт, бирок биз бир жерде жашайбыз. Мен алардын тандоосун сыйлашым керек.

Досум, мен сени абдан жакшы көрөм. Кезек күтүп отурасыңбы? Эч кимге байкатпай, акырын алдыга өтүп кет. Болбосо акырыга калып каласың.

Бул жерде оюн ойнобой эле коёлу. Гүлдөргө зыян келтирип албайлы. Бир аз арыраак ойносок эч нерсеге зыян бербейбиз.

Ме, апам көрө электе ушул момпосуйлардын баарын жеп кой. Мен сени абдан жакшы көрөм, сенин такыр капа болушуңду каалабайм.

Уфф, туура эмес жооп берип жатат. Аягына чейин күтө албайм, сөзүн бөлүп, туура жоопту айтып коём азыр.

Ата-апа, силер аябай чарчадыңар. Эми мен силерге эң чоң жардамчы болом.

Чоң атам ошол эле сөздөрдү кайра-кайра айта берет. Мага кызыксыз, бирок жаш кезимде мени менен аябай алектенчү. Эми менин кезегим – аны жылмайып угуу.



## Оюн бурчу

Бул оюнду жогоруда айтылган ар бир мүнөз жана сапаттарга тиешелүү аяттар менен өзүнчө ойносоңор болот же алардын баарын аралаштырып да ойной аласыңар. Жалпы саныбыздын жарымынчалык тууралык, жоопкерчилик сыяктуу сапаттарга тиешелүү аяттарды тандап алып, кичинекей кагаздарга жазып, аларды бүктөйбүз.

Анан ал кагаздарды оюнчуктар же китептер жана кеңсе буюмдары менен толтурулган чоң кутуга салабыз.

Эми эки топко бөлүнөбүз. Ар бир топтун жарымы кутунун жанында, жарымы алардан 10-15 кадам алыста турат.

Бир досубуз ортодо калыс болот. Ал «Асмандан аяттар, жакшы жана туура сөздөр жаап жатат» деп айтып, аят жана хадистер жазылган кагаздарды жогору жактан кутуга таштайт. Жерге түшүрбөгөнгө аракет кылат.

Кутунун жанында турган эки топтун мүчөлөрү түшкөн кагаздардын бирин алып, 10-15 кадам алыстыкта турган өнөктөрүнүн эң алдыда турганына алып барат. Ал кагаздагыны доскага жазат. Андан соң ар бир топ өздөрү жазган аяттарды жана хадистерди окушат.

Эң көп аят жана хадис жазган же жазууну биринчи бүтүргөн топ жеңүүчү болот.

Баарыңарга ийгилик!



## ЭСКЕРТҮҮ



# ЭСКЕРТҮҮ

